**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда

**УДК: 371:8.08 (575.2) (043.3)**

**ЭРГЕШАЛИ кызы АКТИЛЕК**

# ЖОГОРКУ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШКА ДАЯРДОО

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук

даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**

Асипова Нурбүбү Асаналиевна –

педагогика илимдеринин доктору, профессор

**ОШ – 2021**

# ИЗИЛДӨӨНҮН МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ..........................................................................................................4**
**I ГЛАВА. ЖОГОРКУ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШКА ДАЯРДООНУН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ**..........................................................................12
1.1. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо тарыхый-философиялык жана социалдык-педагогикалык аспектилери..........................................................................................12
1.2. Кыргыздын элдик педагогикасындагы балдарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча акыл-ойлор жана тажрыйбалар...................................................................30
**Биринчи глава боюнча корутунду.................................................................................53**
**II ГЛАВА. ЖОГОРКУ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШКА ДАЯРДООНУ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДДОРУ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯСЫ**..........................................................................................54
2.1. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо проблемасын изилдөө методдору жана материалдары..............................................................................................................54
2.2. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо модели жана аны ишке ашыруунун педагогикалык
шарттары...............................................................................................................70
**Экинчи глава боюнча корутунду...................................................................................90**
**III ГЛАВА. ЖОГОРКУ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШКА ДАЯРДОО БОЮНЧА ТАЖРЫЙБАЛЫК ИШТЕР ЖАНА АЛАРДЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ**..........................................................................91
3.1. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо баштапкы абалын изилдөө үчүн жүргүзүлгөн эксперименттик-тажрыйба иштеринин мазмуну.................................91
3.2. Педагогикалык моделдин, шарттардын эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн калыптандыруучу эксперименттин милдеттери, мазмуну .....................................109
3.3. Эксперименталдык тажрыйба иштеринин натыйжалары...............................128
**Үчүнчү глава боюнча корутунду**..................................................................139
**КОРУТУНДУ**..........................................................................................141
**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**...................................................................143
**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**................................145
**ТИРКЕМЕЛЕР**

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. ҮБМ – үй-бүлө мүчөлөрү
2. ҮБТ – үй-бүлөлүк турмуш
3. ЭТ – эксперименталдык тайпа
4. ТТ – текшерүүчү тайпа
5. ж.б. – жана башка
6. КР – Кыргыз Республикасы
7. КУУ – Кыргыз улуттук университети
8. БатМУ – Баткен мамлекеттик университети
9. ҮБТ – үй-бүлөлүк тарбия
10. ҮБТН – үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери
11. КББА – Кыргыз билим берүү академиясы

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Соңку жылдардагы жаш үй-бүлөлөр арасындагы ажырашуулар, жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо, алардын үй-бүлөгө болгон жоопкерчилигин арттыруу, үй-бүлөдөгү адеп-ахлактык жүрүм-турум маданиятына, өз-ара көтөрүмдүүлүккө, кечиримдүүлүккө ж.б. үйрөтүү маселелерин актуалдаштырууда. Үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун бирден-бир социалдык жактан маанилүү каражаты катары элдик педагогиканынын үлгүлөрүнө, улуттук баалуулуктарга таянуу, аларды заманбап жашоо-тиричилик менен айкалыштыруу аркылуу үй-бүлө институтун турукташтыруу жолдорун изилдөө муктаждыктарын жаратууда.

Изилдөөнүн актуалдуулугу улуттун жана мамлекеттин өзөктүү документтеринде белгиленген кырдаалдар, милдеттер менен тикеден-тике байланыштуу. Кыргыз Республикасынын конституциясы боюнча 2016-жылдын 28-декабрындагы (№ 218) кабыл алынган мыйзамда (№18) "Үй-бүлө – коомдун негизи. Үй-бүлө, ата болуу, эне болуу, балалык – бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот," – деп аныкталган. Ошону менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Конституциясынын соңку редакциясында үй-бүлөнүн жоопкерчилиги кыйла күчөтүлгөн. Баш мыйзамдагы үй-бүлө туралуу баалуулуктар улуттук масштабдагы иш чаралар менен коштолуп, өнүктүрүлүп келүүдө. Алып карасак, Кыргызстанда 2012-жыл "Үй-бүлө, тынчтык, ынтымак жана кечиримдүүлүк жылы", ал эми 2017-жыл "Ыйман, адеп, маданият жылы" деп жарыяланып, коомдун жана мамлекеттин башаты болгон үй-бүлөнүн руханий-жаратмандык дараметин өнүктүрүү багытында улуттук жана аймактык масштабдагы иш чаралар өткөрүлдү.

Буларга карабастан, соңку жылдарда жаңы муундагылардын үй- бүлөлүк турмуштун түп максат, милдеттерин түгөл аңдап аткарууга алсыздыгынан улам, реалдуу турмушта көп кырдуу көйгөйлөр тамыр жайып, үй-бүлөнүн бузулушу кадимки көрүнүшкө айланып бара жатат.

Андай көрүнүштөрдүн катарына төмөнкүлөрдү кошууга болот: үй-бүлөлөрдө моралдык-психологиялык жагымсыз климаттын көбөйүшү; жаштарда жубайлар катары бакубат жашап кетүүгө, үй-бүлөнүн бардык функцияларын аткарууга карата жоопкерчиликтин төмөндүгү; жаш үй-бүлөлөрдүн түптүү улуттук салттык баалуулуктардан узакташы; балдардын интеллектин, руханий маданиятын өнүктүрүүгө караганда эптеп жан багуу, жакшы жашоо үчүн акча табууга ашкере басым жасоо ж.б. Үй-бүлө ичиндеги мындай кризистик кырдаалдар бүтүндөй коомдун социалдык-маданий, руханий-педагогикалык абалын алсыздандырууга алып келүүдө.

Статистикалык маалыматтарга таянсак, Баткен областында үй-бүлөлөрдүн ажырашуусу жылдан жылга өсүүдө. Алып карасак, 2017-жылы никелешүүлөрдүн саны – 3834 болсо, ажырашуулардын саны – 628. Ал эми, 2018-жылы никелешүүлөрдүн саны – 4391 болсо, ажырашуулардын саны – 736га жеткен (Баткен областтык статистика бөлүмүнүн 2019-жыл үчүн даярдалган отчеттук маалыматынан алынды). Мунун өзү аймактагы социалдык-экономикалык кризистердин пайда болушуна шарт түзөт.

Коомдогу кризистердин тамыры үй-бүлөнүн бакубаттыгынан, үй- бүлөнүн бакубаттыгы адамдарды ал милдеттерди аткарууга даярдоонун абалынан көз каранды экендиги иликтөөгө алына турган актуалдуу маселе экендиги талашсыз. Бул маселелер илимде айрым багыттар боюнча изилдөөгө алынган. Кыргыз үй-бүлөсүндөгү бул кубулуштардын айрым аспекттери философтор, социологдор Р. Ачылова, Т. Аттокуров, С.М. Абрамзон, К.И. Антипина, Али Унал, Ж. Жоробеков, С. Жумагулов, К. Исаев, А.И. Нарынбаев, Ө. Козубаев, Т. Рахманова, Т. Шайдуллаева жана башкалар тарабынан тарых, философия, социология айдыңынан анализделген. Ошол эле мезгилде педагогикалык изилдөөлөр сейрек кездеше тургандыгын көрүүгө болот.

Каралып жаткан проблеманын методологиялык маселелери социалдык багыттагы каада-салттардын жаралышы Б.З. Вульфов, жаш үй-бүлөлөрдүн

педагогикалык маданиятынын өнүгүүсүнө мектепке чейинки мекемелердин тийгизген таасири О.Л. Зверева, үй-бүлө педагогикасынын балдарды тарбиялоого тийгизген таасири Т.А. Куликова, үй-бүлөлүк тарбиянын психологиялык жактан анализдениши И.Ю. Шилов жана башкалардын эмгектеринде колго алынган.

Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоонун элдик тажрыйбалары жана азыркы педагогикалык процесстеги ата-энелер менен мектептин өз ара кызматташтыгы кыргыз окумуштууларынын эмгектеринде кеңири талдоого алынган. Алып карасак, педагогика илимин кыргыздын менталитетине, принциптерине, этно-маданий дөөлөттөрүнө ылайыктап түзүү Б. Апышевдин, байыркы орток түрк адабиятынын негизги маселелери А. Акматалиевдин, жогорку педагогикалык билим берүү системасында болочок мугалимдерди кесиптик-педагогикалык жана этнопедагогикалык жактан даярдоонун теориялык жана практикалык өзгөчөлүктөрү А. Алимбековдун, жаштардын улут аралык маданиятын калыптандыруу, маданияттаануучулук концепцияларга таянуу менен жаштар арасындагы улуттар аралык баарлашуунун социалдык, адеп-ахлактык, энопедагогикалык жана тил аспектилери Н.А. Асипованын, элдик акындардын чыгармаларындагы тарбия маселелери А.Т. Калдыбаеванын, элдик педагогика менен илимий педагогиканын байланышындагы балдарды адептүүлүккө тарбиялоо идеялары С. Иптаровдун, заманбап шарттагы үй-бүлө тарбиясы менен коомдук тарбиянын өз ара байланышы Г.Т. Карабалаеванын, мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери Ж.Б. Карасартованын, мугалим жана ата-энелер коомчулугунун өз ара кызматташтыгынын көп кырдуу проблемалары З. Кусеинованын, инсандын акыл эмгенинин маданиятын өнүктүрүүгө карата бир канча гипотезалар Г. Мадаминовдун, педагогикалык ЖОЖдордо студенттерди ата-энелер менен иштөөгө кесиптик даярдоонун негиздерин аныктоо Н. Сартбекованын эмгектеринде каралган. Бирок, бул эмгектерде башка маселелер менен катар кыргыз элинин элдик педагогикасынын баалуулуктарынын жаштарды үй-бүлөлүк

турмушка даярдоо мүмкүнчүлүктөрү да учкай каралып, аны тереңдетип изилдөөнүн өбөлгөлөрү түзүлгөн. Бирок, кыргыз педагогикасында жогорку мектептин анын ичинде айыл мектептеринин окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо проблемасы өз алдынча изилдөө предмети катары колго алына элек. Учурдагы илимий булактарды анализдөөдө жана турмуштук байкоолордо айыл мектептеринин окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо төмөнкүдөй ***карама-каршылыктар*** ачык байкалат:

– жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо зарылчылыгы менен андай даярдоонун социалдык-педагогикалык негиздеринин жетишээрлик деңгээлде изилденбегендиги;

– жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо элдик педагогиканын мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңири экендигине карабастан, аларды колдонуунун теориялык жана методикалык негиздеринин иштелип чыкпагандыгы;

– социалдык институт катары үй-бүлөнүн жабыктыгы менен коомдогу үй-бүлөгө коюулган талаптардын бийиктиги;

– азыркы жаш үй-бүлөлөргө коюлган талаптар менен аларды бул аспектте даярдоонун мазмуну жана технологияларынын ортосундагы дал келбестиктер ж.б.

Илим менен практикада орун алган карама-каршылыктар жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун натыйжалуу жолдорун издөө проблемасын жаратууда.

Белгиленген проблема «Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо» аттуу темада илимий изилдөө жүргүзүүгө түрткү болду.

**Диссертациянын темасы менен илимий изилдөөлөрдүн байланышы.** Изилдөөнүн темасы Ош жана Баткен мамлекеттик университеттеринин педагогика кафедраларынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты:** Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун моделин түзүү жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун теориялык негиздерин, социалдык-педагогикалык өбөлгөлөрүн аныктоо.

2. Кыргыз элинин элдик педагогикасындагы жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча идеяларды жана баалуу тажрыйбаларды ачып көрсөтүү.

3. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык моделин жана шарттарын иштеп чыгуу.

4. Аныкталган педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү**:

1. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун теориялык негиздери, социалдык-педагогикалык өбөлгөлөрү изилденип, үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун мазмуну жана негизги багыттары аныкталды.

2. Кыргыз элинин элдик педагогикасындагы жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча идеялар, баалуу тажрыйбалар, каада-салттар талдоого алынып "Үлгүлүү үй-бүлө" түшүнүгү ачыкталып, алардын бүгүнкү күндөгү таалим-тарбия процессиндеги орду аныкталды.

3. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо максатында атайын педагогикалык модель жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары иштелип чыкты.

4. Аныкталган педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугу жогорку класстын окуучулары үчүн даярдалган "Үй-бүлөлүк тарбиянын

негиздери” атуу усулдук программаны тажрыйбага киргизүү аркылуу текшерилип, педагогикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:** Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттарын ишке киргизүүнүн методикасы иштелип чыккандыгы; “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” аттуу окуу-методикалык программанын билим берүү процессине киргизилгендиги; мектептер үчүн жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча методикалык кеңештер, сунуштар иштелип чыккандыгы менен аныкталат.

**Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктардын негиздүүлүгү** алдыга коюлган максат, милдеттерге шайкеш методдорду колдонуу, тажрыйба-эксперимент иштери, эксперименттин жүрүшүндө алынган маалыматтарды ар тараптан анализдөө аркылуу камсыздалган.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо соңку жылдардагы жаш үй-бүлөлөр арасындагы ажырашуулар, жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо, алардын үй-бүлөгө болгон жоопкерчилигин арттыруу, үй-бүлөдөгү адеп-ахлактык жүрүм-турум маданиятына, өз-ара көтөрүмдүүлүкө, кечиримдүүлүккө ж.б. үйрөтүү сыяктуу актуалдуу маселелерди чечүүнүн негизги багыты болуп эсептелет.

2. Жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун илимий негизде чечүүнүн бирден бир жолу катары кыргыз элдик педагогикасында кылымдардан бери келе жаткан рационалдуу идеяларга жана тажрыйбаларга таянуу жана жаштарда үлгүлүү үй-бүлө жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу болуп эсептелет.

3. Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо элдик педагогиканын баалуулуктарын, жетишкендиктерин эске алуу менен иштелип чыккан атайын педагогикалык моделди жана шарттарды талап кылат.

4. Иштелип чыккан педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугун “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” аттуу усулдук программаны тажрыйбага киргизүү аркылуу арттырууга болот.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы:** жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттары, методикалык негиздери айкындалды; “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” аттуу комплекстүү окуу-методикалык программанын технологиялык модели иштелип чыкты; мугалимдер үчүн сабактардын алкагында жана сабактан тышкаркы мезгилде окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча методикалык кеңештер, сунуштар даярдалды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо жана тастыктоо:** Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизги жыйынтыктары Баткен областынын Баткен районунун С. Эрматов, Т. Мурзапаров, “Чек”, Э. Эркебаев атындагы мектептеринде Баткен мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинде, “Педагогикалык билим берүү” кафедрасынын жыйындарында, облустук, регионалдык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда, Бишкек шаарында өткөрүлгөн Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин 20 жылдыгына карата “Башталгыч билим – билим системасынын пайдубалы” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (2016-жылдын 15-июнунда), БатМУда өткөрүлгөн “Экономико-техническая платформа новой информационной рефолюции” аттуу эл аралык илимий –практикалык конференцияда (2018-жыл), Ж. Баласагын атындагы КУУ, Университеттердин Евразиялык ассоциациясы, КРнын педагогдор коому тарабынан өткөрүлгөн “Көп деңгээлдүү билим берүүгө өтүү шартындагы илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону өнүктүрүү” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (2019-жыл), КББАдагы И.Б. Бекбоевдин 90 жылдыгына арналган Эл аралык илимий-практикалык конференцияда (2020), илимий-усулдук семинарларда угулду жана талкууланды. Диссертант изилдөөнүн

жыйынтыктары боюнча мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында, усулдук секцияларда, лекцияларды окуп, тренингдерди өткөргөн.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы:** Изилдөөнүн багыты боюнча 17 илимий макала, анын ичинен үч макала Россиядан РИНЦ системасында чыгарылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш сөздөн, үч главадан, жалпы корутундудан, адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Диссертациялык иштин толук көлөмү – 164 бет. Ал 13 таблицаны, 3 сүрөттү, 2 диаграмманы камтыйт. Пайдаланылган булактардын саны – 225.

# I БАП. ЖОГОРКУ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШКА ДАЯРДООНУН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

## 1.1. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун тарыхый-философиялык жана психологиялык-педагогикалык аспектилери

Коомдогу мектептерде азыркы социалдык жагдай жаш муундардын адеп-ахлактык жана жарандык процесстерин ылдамдатуу, келечектеги үй-бүлөлүк турмушка даярдануунун жана моралдык сапаттарга багыт алуунун сапатын жогорулатуу маселелерин көтөрүүдө. Дүйнөлүк педагогикалык маңызды байыткан ар бир элдин этномаданий мурасы, баалуу идеялары жана тажрыйбасы мындай багыт алуунун өзөктүү негизи боло алат.

Үй-бүлө – коомду тарбиялоонун башатын түзгөн эң байыркы социалдык институттардын бири. Үй-бүлөдө айлана-чөйрөнүн социалдык мүнөзү чагылдырылат жана инсандын атуулдук сапаттарынын калыптанышы ишке ашат. Үй-бүлө социологдордун, демографтардын, этнографтардын, философтордун, психологдордун жана педагогдордун изилдөө объектиси болуп келет. Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк саясат жөнүндөгү мамлекеттик иш-кагаздарда үй-бүлөнүн жана үй-бүлөлүк социумдун маанилүүлүгү, коомдун социалдык саясатынын эң негизги тармагы деп баса белгиленген. Мындан улам, мамлекеттин социалдык саясаты башка коомдук институттар жана түзүмдөргө караганда инсандын жана үй-бүлөнүн алгачкылуулук принцибинин негизинде ишке ашырылат [59].

Үй-бүлө – экономикалык, өндүрүүчү жана керектөөчү институт катары, жубайлардын ортосундагы өз ара мамилелерди жана улуу муун менен болгон ата-балалык мамилелерди биринчи орунга койгон үй-бүлө мүчөлөрүнүн

психологиялык биримдиги, мындан тышкары балдарды тарбиялоонун максаттарын жана методдорун камтыган эрежелерди алып жүрүүчү жубайлардын өз ара мамилесинин, иш аракетинин жыйындысы. Бул учурда бизди үй-бүлөнүн балдарга тийгизген социалдык таасири кызыктырат. Үй-бүлөнүн балдарга тийгизген социалдык таасири көпчүлүк учурда үй-бүлөнүн материалдык абалына, курамына, билим, тарбия берүү чен талабына, ата-эненин кесибине, балдар менен ата-эненин ортосундагы мамилелерге жана өз ара таасирленүү өзгөчөлүктөрүнө, аңгемелешүү маданиятына, ата-эненин атуулдук көз карашына ж.б. көз каранды.

Социалдык аспект жагынан алып караганда үй-бүлөлүк тарбиялоодо улуттук салт-санаалар чоң роль ойнойт (Р.Я. Антонова [24], А.А. Григорьева [72], М.М. Прокопьева [171] и др.). Б. П. Битинастын [48] эмгектеринде өспүрүм курактагылардын үй-бүлөлүк жашоого даярдануу процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрү, жолдору, методдору жана каражаттары изилденген.

Соңку жылдарда мындай маселенин аспектилеринин изилдениши өзгөчө актуалдуу боло баштады.

Мындай аспектилердин изилдениши адамдардын улуттук жана этникалык аң-сезиминин жогорулашына, этнопедагогикалык процесстердин активдештирилишине, этнопсихологиялык каражаттардын, түбөлүк элдик салт-санаалардын жана жаш муундарды тарбиялоо салттарынын колдонулушуна, ошондой эле, билим берүү жана тарбиялоонун гуманизацияланышына, мындай процесстердин чөлкөмдүк компоненттеринин калыптандырылышына байланыштуу экендиги (Т.В. Анисенкова [20], В.А. Бакаев [41], Ю.В. Бромлей [55], Г.Н. Волков [59], А.А. Григорьева [74], Ш.А. Мирзоев [141], А.П. Орлова [155], С.В. Стручкова [186] ж.б.) сыяктуу орус окумуштуулары тарабынан иликтөөгө алынган.

Педагогика илиминде этнопедагогиканын концептуалдык негиздери, инсандын калыптануусунда элдик салт-санаалардын ролу (А.А. Бугаева [56], Ю.В. Бромлей [55], Г.Н. Волков [60], А.А. Григорьева [74], А.Б. Григорян [75], Л.Н. Гумилев [77], Д.А. Данилов [80], А.П. Оконешникова [154], И.С. Портнягин [168],

Я.И. Ханбиков [205], В.Н. Черкасова [211] ж.б.) тарабынан анализденген.

Этнопедагогиканын негиз салуучусу Г. Н. Волков жана анын шакирттери элдик педагогикалык маселени толук жана ар тараптан изилдеп чыгышкан.

Орус окумуштууларынын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй (И.В. Гребенников [71], М.Г. Колодезникова [108], И.С. Кон [112], Б.Н. Попов [165], А.Г. Харчев [208] ж.б.) үй-бүлөнүн баланын инсан болуп калыптанышына тийгизген таасири спецификалык мүнөзгө ээ экендиги белгилүү. Үй-бүлөлүк таасир уюшулган жана табигый педагогикалык кубулуш катары өзүнчө бир жыйындыны чагылдыргандыктан, анын спецификалык мүнөзү келип чыккан. Баарынан мурда, адистер баса белгилеп кеткендей эле, адамдардын ортосундагы мамилелер биологиялык жана социалдык башталышка ээ экендигине көңүл бурулушу керек [79].

Үй-бүлөнүн тарбиялоо методунда сакталып калган этникалык салт-санааларга жүргүзүлгөн социалдык-педагогикалык анализдин жыйынтыктары, алгач жогорку класстын окуучусунун инсан болуп калыптануу процессинин башкарыла ала тургандыгын көрсөткөн. Мындай нерсе төмөндөгүдөй жагдайлар менен коштолот:

– адамдын жүрүм-турум маданиятын аныктай турган элдик салт-санаалардын сакталышы;

– балдардын тарбияланышы үй-бүлөнүн жашоо аракетинин социалдык, органикалык процессинде ишке ашат;

– балдарга карата колдонулуучу физикалык жазалоонун жана ырайымсыздыктын жоктугу, баланын инсанын, ой-пикирин, ийгиликке жетүү жана ката кетирүү укугун урматтоо;

– баланын коомдук маданиятты, жүрүм-турум нормаларды жана адеп-ахлак нормаларды өздөштүрүүсү үчүн шарттарды түзүп берүү;

– ата-бабалардын маданиятын, берген мурасын баалоо, улууларды урматтоо, балдарды ызаттоо, айлана чөйрөгө аяр мамиле кылуу, өз жериңди сүйүү жана

башка ушул сыяктуу этикалык салт-санаалардан келип чыккан нормалардын жана эрежелердин сакталышы [79];

Окумуштуулардын ою боюнча үй-бүлө адамзаттын тарыхындагы эң маанилүү баалуулуктардын бирине кирет. Ар бир улутта жана ар бир маданий коомдо үй-бүлө деген баалуулук бар болгон. Мамлекет жана коом үй-бүлөнүн позитивдүү түрдө өнүгүшү, сакталышы жана бекемделиши үчүн кызыкдар. Адам канча жашта болбосун, ал баары бир бекем жана ишеничтүү бир үй-бүлөгө муктаж [102].

Учурдагы илим тармагында үй-бүлө деген түшүнүк боюнча эч ким так аныктама берген эмес, бирок, байыркы кылымдарда улуу ойчулдар аныктама берүү аракетин көрүшкөн (Платон, Аристотель, Кант, Гегель ж.б.). Көпчүлүк учурда үй-бүлөнү биологиялык жана социологиялык коомдо катышы бар болгон коомдун негизги уячасы деп карашат. Акыркы жылдары үй-бүлө спецификалык жана чакан социалдык-психологиялык топ деп каралып, анын эрежелер, адеп-ахлактык нормалар жана салттар менен башкарылган инсандар аралык мамилелерге ээ экендигин билдиришет [102].

Конкреттүү адамдардын жашоосунда үй-бүлө ар түрдүүлүккө ээ, анткени, инсандар аралык мамилелер көптөгөн вариацияларга жана кеңири диапазонго ээ. Айрымдар үчүн үй-бүлө бул – таяныч, ишеничтүү эмоционалдуу корук, өз ара камкордуктун жана сүйүнүчтүн жыйындысы.

Ал эми, айрымдар үчүн үй-бүлө бул – ар бир үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз кызыкчылыгы үчүн күрөшүү майданы, байкабай айтылган бир сөз менен же көтөрүмсүз жүрүм-турум менен бири-бирин таарынтуу майданы. Ошондой болсо дагы, Жер планетасында жашаган көпчүлүк адамдар бактылуулук деген түшүнүктү үй-бүлө деген сөз менен байланыштырышат: “Үй-бүлөсүнүн ичинде бактылуу болгон адам – бактылуу”. Көрсө, бактылуу үй-бүлөгө ээ болгон адамдар үй-бүлө кура албаган, аны кыйроодон сактай албаган адамдарга же бойдокторго салыштырмалуу узак өмүр сүрүшөт, көп оорубайт, натыйжалуу эмгектенишет,

жашоонун сыноолоруна туруктуу жана чыдамдуу болушат, бат үйүр алуучу жана ак ниеттүү болушат [102].

Нике – эркек менен аялдын ортосундагы сексуалдык мамилелерди байыртадан бери жөнгө салуучу ар түрдүү социалдык түзүлүштөр, эрежелер (табу, салт-санаалар, дин, укук, мораль). Бул эреже, жоболор жашоонун үзүлбөшүнө багытталган. Никенин максаты – үй-бүлө куруу жана балдарды жарык дүйнөгө алып келүү болгондуктан, жубайлардын жана ата-эненин укуктарын, жоопкерчиликтерин ырастайт.

А.Г. Харчевдин изилдөөлөрүндө нике менен үй-бүлө ар башка тарыхый мезгилде пайда болгон. Анын ою боюнча үй-бүлө никеге караганда алда канча татаал түзүмгө ээ. Себеби, үй-бүлө жубайларды бириктирүү менен чектелбестен алардын балдарын, жубайлардын тууганларын жана жубайларга жакын, керектүү болгон адамдарды да бириктирет [208].

Үй-бүлөнүн жана түгөйлөрдүн ортосундагы мамилелердин жаралуу көйгөйү жана өнүгүшү, үй-бүлөнүн жана ар бир индивиддин коомдо ойногон ролу сыяктуу темалар көптөгөн кылымдардан бери адамды ойго салып келет. Антсе да, мындай көйгөйлөр бүгүнкү күндө да аягына чейин изилдене элек, анткени, талаш-тартыш жарата турган көптөгөн маселелер бар. Үй-бүлө – узун бир тарыхый өнүгүүнүн өнүмү, эки жыныс ортосундагы мамилелерди коомдук тартипке салуунун формасы. Мындай формалардын айрымдары өзүнчө бир урууларга таандык болгон, айрым формалар болсо, дагы да кеңири мааниге ээ болгон. Бул формаларды бириктирип турган нерсе – коомдун белгилүү бир социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлинен көз карандылыгы.

Коом өнүккөн сайын үй-бүлөлүк жана жубайлардын ортосундагы мамилелердин туруктуулугу тышкы жөндөгүчтөрдөн (социалдык көзөмөл, коомдук пикир, коомдук эрежелер, экономикалык көз карандылык жана аялдардын баш ийүүсү, диний коркунуч) ички жөндөгүчтөргө (сүйүү жана милдет сезими, үй-бүлөлүк биримдүүлүктү сактоо жана колдоо жаатында үй-бүлө мүчөлөрүнүн

кызыкчылыктары) өтөт.

Көптөгөн илим тармактары өз изилдөө предметине жараша үй-бүлө педагогикасы үчүн маанилүү деп эсептелген заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрүн изилдешет. Бирок, акыркы он жылдын ичинде үй-бүлө тууралуу илимий маалыматтардын интеграцияланышына, ошондой эле, заманбап үй-бүлө боюнча системалуу анализди жана дисциплиналар аралык ык-амалды ырастай турган, айрыкча, тарбиялоо кызматына ээ болгон бир илимдин чегиндеги методдорго муктаждык жаралды. Үй-бүлөнү комплекстүү жана системалуу түрдө изилдей турган илим калыптануу баскычында турат жана ал “фамилистика” деп аталат (мындай аталыш көрүнүктүү ата-мекендик философтор А.Г. Харчев жана М.С. Мацковский тарабынан 1978-жылы сунушталган) [208].

Щвейцариянын чыгаан педагогу жана ойчулу И.Г. Песталоцци ата-энелердин балдарга тийгизген таасирин айрыкча жогору баалаган [160]. Ал баланын жымжырт “Жылуу уя” өзгөчө күчтүү таасирин тийгизген энелердин эмгегин жогору баалайт жана эненин балага жасаган адеп-ахлактык тарбиясындагы негизги жана зарыл каражаттарды көрө билген.

И.Г. Песталоцци адам жашоосундагы көпчүлүк жамандыктарды үй-бүлө очогунун бузулушунун себептери катары карайт. Француз революциясынын натыйжасында көптөгөн үй-бүлөлөрдү байкоодон улам, ал ушундай жыйынтыкка келген. “Лингард жана Гертруда” аттуу эмгегинде өз балдарын тарбиялоону уюштуруу аркылуу дыйкандардын жашоо-турмушун жакшыртуу жолдорун көрсөтөт [160]. Ушул жана башка эмгектеринде коом менен үй-бүлө, мектеп жана үй-бүлө алака-байланыш маселелерин чечүүгө аракет жасаган. Мугалимдерди дал ушундай ишмердүүлүккө даярдоону уюштурууда И.Г. Песталоццинин эмгеги зор.

Элдин маданий салттарынын духуна сугарылган эне тилиндеги элдик мектептерди түзүү швейцариялык улуу педагог И.Г. Песталоццинин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн башкы максаты болгон. Анын ою боюнча мектептеги билим берүү, тарбиялоо иши элдик, үй-бүлөлүк маданиятка

негизделбесе, акыры келип адамдардын жан дүйнөсүндөгү жасалмалуулукту, жардылыкты пайда кылат.

И.Г. Песталоцци көбүнчө карапайым үй-бүлөлөрдүн таалим-тарбия тажрыйбаларында калыптанган балдардын адеп-ахлак маданиятын, эмгекке жөндөмдүүлүгүн, дене күчүн, акыл-эсин өстүрүүгө багытталган элементардык эреже-жоболорду өзүнүн баарыга белгилүү болгон башталгыч билим берүү теориясын иштеп чыгууда устаттык менен пайдаланган.

Ошентип, ал карапайым элди илимге, ал эми илимди элге жакындаштырууга далалат кылган, ал тургай жөнөкөй эле санаттуу дыйкан эне өз баласын өзү окутуп алууга ылайыкташтырылган “Энелер үчүн китеп” деп аталган колдонмо да жазган. Гуманист-педагог баланын бакубат өсүп-өнүгүүсү үчүн табигый ата-энелик мамилени, мээримди эч нерсе менен алмаштыргыс гүлазык катары караган. Ал көбүнчө жетим балдар менен иштегендиктен, мектепте дайыма үй-бүлөдөгүдөй мамилени, табигый жылуулукту сактоого аракет кылган. Өзүнүн бул тажрыйбасы жөнүндө эмгектеринин биринде мындайча эскерет: “Таңдан кечке алардын арасында болдум. Алардын дене бою, жан дүйнөсү үчүн жагымдуу болгондордун бардыгы менин колумдан жаралып жатты. Зарыл болгон колдоо менен көмөктү, аталык акыл-насаат кептерди да алар менден алып турушту. Колубузга колубуз биригип, көзүбүзгө көзүбүз кадалып турду. Ыйласак бирге ыйлап, күлсөк чогуу күлүп, бирге оокаттанып, бирге ичип-жедик. Алардын саламат кезинде башында, сыркоо кезинде кашында турдум” [160]. Ошентип, И.Г. Песталоцци элдик педагог-тарбиячы болуунун чыныгы үлгүсүн көрсөткөн.

И.Г. Песталоццинин практикалык ишмердүүлүгүн жогору баалаган немец педагогу А. Дистервег мындай деп жазат: “Анын таасири Щвейцарияга гана эмес, бүтүндөй Германияга, андан да тышкаркы жерлерге таралды, эл үчүн тарбиялык мекемелерди жараткандыгына ага терең ыраазычылык билдиребиз. Мугалим институттары анын руху менен азыктанып жатышат”. Улуу устатынын жолун уланткан А. Дистервег болочок мугалимдердин теориялык жана практикалык

даярдыктарынын ортосундагы ажырагыс байланыштарды, элдик мектептерде жалпы билим берүүнүн кеңири зарылчылыктарын, анын маңызында кесиптик-педагогикалык багыттуулук жаткандыгын ишенимдүү далилдеген.

Мугалимдерди даярдоодо алардын өзүн-өзү таанып билүүсүнө өзгөчө маани берген. “Мугалимдин өзүн-өзү таануусу тууралуу” аттуу макаласында А. Дистервег: “Мугалимдин өзүн-өзү таануусу окуучулар менен ата-энелерге туура мамилеси. Берилген мугалим-ата-эненин эң мыкты, эң ишенимдүү досу. Ал алардын тааныбастыгын да, сыйлабастыгын да, ал гана эмес туура эмес мамилесин да көтөрөт. Алар өздөрүн мыкты алып жүрүүнү билишпейт, аларда жакшы нерселерди ойлоо жана сезүү жетишпейт. Мейли, элдер бардыгын көрө алышпаса да, мен өзүм жана өзүмдүн мугалимиме ишенимдүү бойдон кала беремин”, – деп айткан [82].

А. Дистервег балдарды тарбиялоодо алдыңкы звено катары мектеп менен мугалимдин ролун, баланын инсан болушундагы үй-бүлөнүн таасирин аныктоо керектигин карап чыккан.

XVII-XVIII-кылымдардагы прогрессивдүү көз-караштагы педагог-ойчулдардын педагогикалык негизги багыттарында мектептерде демократиялуулукка умтулуулар, чыныгы идеяларды колдоо, билим берүүнүн турмуштук пайдалуулуктары, баланын ар тараптан өнүгүүсүнө кам көрүү, ата-энелердин таасиринин чоң ролу ж.б. маселелер пайда болгон. Психологиялык-педагогикалык адабияттарды карап көрсөк, үй-бүлө коомдун органикалык бөлүгү катары аны менен диалектикалык карым-катнашта тураарына, элдин руханий турмушун, маданиятын, үрп-адатын, салт-санаасын, социалдык маданиятына адамдын балалык чагына канчалык терең сүңгүгөн сайын анын милдеттерди аткарууну, материалдык өндүрүшкө катышууну, коомдун материалдык жана маданий талаптарын өнүктүрүүнү жана калыптандырууну, балдардын төрөлүшүн жана тарбияланышын шарттап тураарына күбө болобуз.

XIX кылымдын экинчи жарымындагы билим берүүнүн орус прогрессивдүү

ишмерлеринин (К.Д. Ушинский, И.Н. Ульянов, В. П. Вахтерев) эмгектеринде үй-бүлөлүк жана коомдук тарбиянын кийинки педагогикалык өнүгүшү улантылган.

К.Д. Ушинский: "Өз милдетин аткарууга атайын даярдалган жакшы насаатчылар жетишпейт", – деп белгилеген [200]. Ал баштапкы билим берүү үчүн квалификациялуу адистерди педагогикалык жогорку окуу жайларында гана даярдоого болооруна терең ишенген. "Насаатчынын окутуу ишмердүүлүгүнүн деңгээли канчалык төмөн болсо, б.а. ал эл массасынын жана адамдын балалык чагына канчалык терең сүңгүгөн сайын жакшы тарбиячы болушу жана бир гана өзүнүн билимин байытуу менен гана эмес, бардык тарбиячылардын акыл-эстик, нравалык мүмкүнчүлүгүн эске алышы керек", – деп жазган [201].

Улуу педагогдор элдин турмуш шартын, кызыкчылыгын жакшы билип, айыл калкынын руханий талаптарын түшүнүп, балдарды окутуу аркылуу дыйкандардын чарбаларын жакшыртууга жардам бериши керек деп эсептеген. Анын негизги камкордугунун бири – тарбиячы-педагогдор жана ата-энелер арасында педагогикалык билимди жайылтуу болуп эсептелет. Ал акыйкаттык менен мындай деп жазган: "Тарбия искусствосунун бир өзгөчөлүгү дээрлик бардыгына тааныш жана түшүнүктүү, ал тургай айрым бирөөлөргө жеңил иш катары сезилген сайын адамдардын теориялык жана практикалык жактан ошончолук аз тааныштыгында. Тарбия ишинде чыдамкайлык талаптарын бардыгы билишет, айрымдар бул үчүн тубаса жөндөм жана шык керек деп ойлошот. Бирок, булардан башка да атайын билимдин зарыл экендигине айрым адамдардын көзү жетти", – деп айткан [201].

Орус элинин улуу гуманист-жазуучусу Л.Н. Толстой окутуу-тарбиялоо жаатындагы орошон ойлордун ээси. Ал бала чагынан кыштактын карапайым калкы, асыресе, үй кызматчылары менен аралашып, алардын адамгерчиликтүү жорук-жосундарын көрүп, айырмалуу каада-салттарына кызыгып, мукамдуу көп сөздөрүнө кулак төшөп, алар менен чогуу чоңойгон. Демек, улуу жазуучунун ачык-айкын демократиялык көз караштары, карапайым элдин руханий дүйнөсүнө болгон кызыгуусу, урмат-ызаат сезимдери ошол бала чагында эле көрөңгөлөнгөн. Бул

жөнүндө анын мындай деп жазганы бар: “Үй-бүлөдөгү шарт-жагдай, ата-энелердин олдоксон мамилелери, талаачылык иштери, айыл жеринин оюн-зооктору – кандай гана болбосун таалим-тарбиянын башкы негиздери болуп саналат”. Лев Николаевич, айталы, эч качан окуу көрбөгөн дыйкан баласын беш жашынан гувернёрдон таалим алган шаардык балага салыштырып: “Биринчиси акыл жагынан да, билим жагынан да ар дайым артыкчылык кылат” – деген тыянакка келген. Ал карапайым элдин тарбия маданиятын жогору баалоо менен, аны жалпылап изилдөө иши колго алынбай келе жаткандыгын өкүнүч менен белгилеп: “Педагогиканын бул али таржымалданбаган тарыхын үйрөнүү кыйла таасирдүү болор эле – деп жазат ал. Эң бир чыгаан абстрактуу философ да ата-энелер, эже-агалар, коңшу-колоңдор колдонгон тарбиялык ыкмалардан таба турган негиздердин жүздөн бирин таап бере алаар бекен?”, – деген суроо коёт [196].

Л.Н. Толстой бул көйгөй боюнча атайын китеп жазууну да максат кылган, атап айтканда, ал “Дыйкандар педагогикасы үчүн кыскача очерк” жазууга киришип, анда чагылдырылуучу материалдардын кыскача тезисин түзгөн. Бул эмгегинде ал кадимки жай турмушта адамдар адат-салттарга, жакшы жүрүш-туруштун эреже-жоболоруна, өнөргө, ой-жүгүртүүгө, баарлашуу маданиятына кандайча үйрөнүшөт деген суроолордун түйүнүн чечүүнү максат кылган. Толстойдун бул изги тилеги ишке ашпаса да, анын бул багыттагы ой-жоромолдорун жалпы адамзаттык асыл-наркка айланган көркөм чыгармаларынан, ошондой эле, балдар окуусуна багышталган “Улуттук алиппе”, “Жаңы алиппе”, “Орус балдары үчүн көркөм окуу” сыяктуу окуу китептеринен таасын байкоого болот. Мугалимдерди даярдоо жана үй-бүлөлүк тарбиянын ролу боюнча К.Д. Ушинскийдин алдыңкы көз караштарын, татыктуу үй-бүлөнү сактоо жөнүндөгү аракеттерин иш жүзүнө ашыруу – анын шакирттеринин максаты болгон. Алар бул маселени элдин жана мамлекеттин таянычы катары карашкан. Үй-бүлөнүн насааттары чуваштар арасында ар дайым бекем болгон. Алар “Үй-бүлөдөгү бакыт бардык турмуштук сыноолордун коргонуучусу экендигине басым жасап, бекем

жана ынтымактуу үй-бүлө турмуштун ар кандай сырткы тоскоолдуктарын жеңүүнү, ар кандай азгырыктан алыс болууну, ар дайым акылга таянууну эң негизги орунда карап, үй-бүлөңөрдө балдарыңарды коргой-сактай алсаңар татыктуу эмгек менен жашоо үчүн бекем таяныч түзө аласыңар” – деген идеяны тутунушкан [196].

Советтик педагогика өзүнүн калыптануу жылдарында жаңы турмушту куруу шарттарында мектеп менен үй-бүлөнүн, коомчулуктун байланыш маселелерин активдүү түрдө иштеп чыгууну баштаган. Турмуш көрсөткөндөй, бул татаал маселе дайыма эле туура чечилген эмес. Атап айтканда, 1920-1930-жж. коомчулуктун ролу көпчүлүк учурда ашкере бааланып турган. Мисалы, белгилүү бир агым пайда болуп, анын өкүлдөрү “педагогика чөйрөсүн” түзүүнү жакташкан. Мунун аркасы менен “макро-чөйрөнүн” материалдык өндүрүштүн таасирин изилдөө каралган. Бул багыттагы педагогдор мектептин маанисин төмөндөтүүнү, турмуш агымына сиңип кетүүгө чакырууну көздөшкөн. Социалисттик курулуштун тажрыйбасы бул терс аракетти жокко чыгарган. Мектеп база гана болбостон, өсүп келе жаткан муундарды тарбиялоонун, уюштуруунун, багыт берүүнүн жана коомдук чөйрөнүн комплекстүү таасирин багыттап турган борбор менен инсанды бардык тараптан калыптандырууга тарбиялоо маселеси ийгиликтүү чечилгенин турмуш көрсөттү.

Советтик мектептин негиз салуучуларынын биринчи катарында турган Н.К. Крупскаянын үй-бүлөнүн тарбиясын жетектөө багытындагы тарбия маселесин чечүүдөгү педагогдун ролу жөнүндөгү ойлору чоң мааниге ээ. Ал “Тарбия жөнүндө” деген эмгегинде педагогдордун кадыр-баркын, аброюн баалап, мугалимдерге кеңешчи катары ойлорун бөлүшкөн. Коом менен үй-бүлөлүк тарбиянын ортосунда байланыштын ролун көрсөтүп жазган [117].

А.С. Макаренко да үй-бүлөлүк тарбия маселесине эбегейсиз зор салым кошуу менен “Тарбия деген кеңири маанидеги социалдык процесс, баланы бардыгы: жаратылыш, чөйрө, окуялар, буюм-тайымдар, бирок биринчи кезекте

адамдар, алардын арасында биринчи орунда ата-энелер жана мугалимдер тарбиялайт”, – деп жазган [129]. Анын педагогикалык мурасын биздин изилдөөнүн алкагында үйрөнүү бир кыйла принципиалдуу шарттарды бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Атап айтканда: үй-бүлөнүн тарбиялоо мүмкүндүгү ата-энелердин максаттуу багытта тарбия ишине болгон түшүнүгүнүн деңгээлине жараша болот, анткени, баланын мүнөзүн ар тараптан калыптандырууга, өнүктүрүүгө көмөк боло турган мамилени жана шартты үй-бүлөдө түзүү керек. Бул багытта мектептердин негизги милдети – ата-энелердин педагогикалык билимин, маданиятын жогорулатуу болуп саналат. Ата-энелерге педагогикалык билимдин белгилүү өлчөмүн берүү менен гана чектелип калууга болбойт. Муну менен катар эле балдарды тарбиялоого байланышкан ыкмаларды, ар кандай чараларды иштеп чыгуулары керек. Ал “Тарбия искусствосунун шору – практикадагы мисалдар менен гана окутуп, тарбиялоодо турат”, – деп белгилеген [129].

Ата-энелердин педагогикалык маданияты – элдин маданиятынын бир бөлүгү болуп саналат. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча ишмердүүлүк – бул өзүнчө иш-чаралардын жана методикалык ыкмалардын гана жыйындысы эмес, ал үй-бүлө тарбиясына, ата-энелер менен балдардын өз ара мамилелерине карата бир багыттуу жетекчилик кылуунун үзгүлтүксүз процесси.

Үй-бүлөлүк тарбия маселелери В. А. Сухомлинскийдин эмгектеринин көңүл борборунда болуп келген. Тарбиялануучулардын бир нече муундарынын мисалына таянуу менен ал үй-бүлөнүн, мектептердин жана коомчулуктун жалпы күч-аракети менен гана тарбия ишинде ийгиликтерге жетишүүгө болот деген терең ишенимге келген. “Мектептеги бардык маселелер үй-бүлөгө барып такалат. Мектеп тарбиясынын татаал процессинен келип чыккан бардык кыйынчылыктардын тамыры үй-бүлөгө тартылат”, – деп элестүү жазган [189].

Жогоруда белгиленгендер менен катар үй-бүлө деген түшүнүккө аныктама берүүнүн жетишсиздиги бир жагынан бири-бирине окшош болгон, экинчи жагынан бири-биринен айырмаланып турган үй-бүлө жөнүндөгү эмгектердин

келип чыгышына түрткү болот. Мисалы, Т.А. Куликов [121] жана В.В. Юстицкий үй-бүлөнүн тарбиялык, чарбалык жана турмуш тиричилик, эмоционалдык, руханий жагынан баарлашуу, алгачкы социалдык көзөмөл жана сексуалдык-эротикалык функцияларга ээ болгонун баса белгилешкен. Ал эми А.Г. Харчев жана М.С. Мацковский [208] үй-бүлөнүн тукум улоочулук, турмуштук, экономикалык, тарбиялык, рекреативдүү, социалдык көзөмөлдөөчү жана тартипке салуучу, коммуникативдүү, интимдик жана эмоционалдык жактан өзүн-өзү туюнтуучу функцияларга ээ экендигин белгилешкен.

А. Эглите үй-бүлөнүн балдарды жарык дүйнөгө алып келүүчү жана аларды тарбиялоочу, руханий керектөөлөрдү канааттандыруучу жана турмуштук функцияларын белгилесе, Х. Бутерфиелд үй-бүлөнүн балдарды жарык дүйнөгө алып келүүчү, балдардын социалдаштыруучу, ата-энени руханий жактан өстүрүүчү, эмоционалдык жактан колдоочу жана коопсуздукту камсыздоочу функциясын баса белгилеген. Дж. Мевес үй-бүлөнүн социалдык жана экономикалык статусун, өзүн-өзү туюнтуучу, тукумду улантуучу, аңгемелешүүнү жана сексуалдык байланыштын маанисин үзгүлтүксүздүгүн камсыздоочу кызматын белгилеген.

Негизи, Батыш Европа жана Америка Кошмо Штаттарындагы окумуштуулар үй-бүлөнүн сүйлөшүү керектөөсүн канааттандыруучу тармагын өзүнчө бөлүктөргө майдалап бөлүшөт. Мындай майдалап бөлүү конкреттүү бир изилдөөнүн милдетинен көз каранды болот. Мисалы, Р. Штерн үй-бүлөнүн балдардын өз алдынча экономикалык иш алып барууга даярдоочу, диний жана адеп-ахлактык баалуулуктар менен тааныштыруучу, сексуалдык ориентацияны аныктоочу функциясына көңүл бурган.

Үй-бүлөлүк мамилелердин башка аспектилерине маани берген изилдөөлөрдө жогоруда айтылгандардын баардыгы үй-бүлөнүн тарбиялоочу жана социалдаштыруучу функцияларына байланыштуу экендиги анык болгон. Ошондуктан, В.М. Соловьевдун “үй-бүлө кайра-кайра кайталанган формаларда

канчалык көп керектөөлөрдү канааттандырса, анын ошончолук функциясы бар" деген сөзүнө кошулса болот [185]. Бирок, мындай ой-пикирди толук кабыл алуу менен үй-бүлөнүн канааттандыруучу керектөөлөрүн аныктоо маселесине дуушар болмокпуз. Андыктан, бул учурда үй-бүлө тарабынан канааттандырылган керектөөлөрдү эмес, үй-бүлөнүн функцияларын баса белгилөө менен алардын топторун толугу менен алып кароо керек.

Үй-бүлөнүн функцияларын мындай жактан алып кароо аны теоретикалык жактан түшүнүүгө жардам берет жана үй-бүлөнү анын айрым белгилери боюнча ага окшош болгон башка чакан топтордон айырмалоону камсыздайт (мисалы, туруктуу сексуалдык мамилелерди уланткан жуптар).

Үй-бүлөгө жана бул тармакта жүргүзүлгөн изилдөөлөргө байланыштуу ой-пикирлердин өзгөрүлүшү Ван де Вельденин "Идеалдуу нике" (1926-ж. жарыяланган чыгарма) аттуу чыгармасын ачык чагылдырып бере алмак. И.С. Кондун пикири боюнча бул чыгармадагы үй-бүлө маселесинде алгачкы ирет аялдар эркектердин активдүүлүгүнүн объектиси эмес, эркектердин тең укуктуу шериги экендиги баса белгиленген [112].

Үй-бүлөгө психодинамикалык концепция жагынан аныктама берген окумуштуулардын арасына И. Башорме-Нагини жана Д. Ульриханы киргизсе болот. Бул эки окумуштуу өздөрү сунуштаган теориянын муундан-муунга өтүп келген салт-санааларды изилдөөгө багытталгандыгын, түгөйлөргө ушул салт-санааларды негиз көрүп үй-бүлөлүк мамилелерди жаңыдан баалоого жардам берүү психологдун милдети экендигин баса белгилеп, мындай теорияны "үй-бүлөнүн контексттик теориясы" деп аташкан. Бул теорияга негиз салуучу жоболор башка психодинамикалык теориялар сыяктуу эле татаалдыгы менен айырмаланбайт. Жаңы бир үй-бүлө «tabula rasa» (таза тактай) эмес, анткени, түгөйлөр өткөн муундан калган маданий мурасты кабыл алышат (контекст). Жаңы үй-бүлөдөгү мамилелер өткөн муундарга карай лоялдуулуктун негизинде курулат. Бул лоялдуулук – аң-сезим жана көмүскө туюмдун деңгээлинде ата-эне менен

байланыш, андан ары ата-бабалар менен болгон байланыш. Инсан муундардын контекстинен көз карандысыз боло албайт, ошондуктан, адамдардын оң жана терс баалоолору биздин фантазиябыз менен акыл-эсибизге таянат. Негизинен, адам жакшы нерселерге үмүт кылат, андыктан, кабыл алынууга укугу бар, ошондой эле, өз керектөөлөрүнө түшүнүү жана урматтоо менен мамиле кылынышына үмүт кылат.

В.М. Соловьевдун "элдин адеп-ахлагынын башталышы" деп аталган эмгеги орус үй-бүлөлүк педагогикасынын прогрессивдүү белгилери улууларга урмат, кичүүлөргө ызат көрсөтүү, үй-бүлөнүн намысын коргоо, балдарга үй-бүлөнүн тарыхын үйрөтүү, өспүрүмдөрдүн өзүн улуттук мурастардын мураскору катары сезүүгө түрткү болгон салт-санааларды жана үрп-адаттарды сактоо сыяктуу баалуулуктарды өз ичине камтыйт [185].

Ошентип, ар бир элдин үй-бүлөлүк педагогикасында анын идеалдары, балдарда улуттук мүнөздү тарбиялаган, өз алдынча татыктуу жашоого даярдаган тарбиялоонун максаты жана каражаттары жөнүндө ой-пикирлери чагылдырылат. Үй-бүлөлүк педагогика педагогика илиминин тармагы катары үй шартындагы тарбиялоонун теоретикалык негиздерин жөнгө салуу менен бирге үй-бүлөлүк элдик маданиятка таянаары табигый көрүнүш (И.В. Бестужев-Лада [47], Г.Н. Волков [60].

Үй-бүлөлүк этнопедагогиканын күчтүү жана таасирдүү жактарын (туруктуулук, ишенимдүүлүк, натыйжалуулук) баса белгилөө менен тигил же бул элдин байыркы мезгилдерден бери уланып келген үй-бүлөлүк салттуу тарбиялоону азыркы шарттарда кайрадан калыбына келтирүүгө кереги жок. И.В. Бестужев-Лада [47] жана И.С. Кон [113] сыяктуу азыркы окумуштуулар акыйкат белгилегендей кылымдар бою уланып келген үй-бүлөлүк мамилелер трансформация процессинен өтүп жатышат, муну менен бирге адамдын социалдык жана маданий түшүнүктөрүн кеңейткен жаңы баалуулуктар жана мисалдар пайда болууда. Ошентип, заманбап үй-бүлөдөгү балдар маанилүү баалуулук катары кабыл алынып, үй-бүлөнүн

ичиндеги эмоционалдуу мамилелер, ж.б. көбөйөт. Элдик педагогиканын жашоонун тарыхый баскычтары менен шартталган терс өзгөчөлүгүнүн да бар экендигин эстен чыгарбашыбыз керек: ырым-жырымдар жана жок нерсеге ишенүү, “сөз түрүндөгү таасирлердин басымдуулук кылышы” (Г.Н. Волков), балдарга өтө олку-солкусуздук менен мамиле кылуу, ата-эненин деспотизми, ж.б. Мындай көрүнүштөрдүн далилин Н.И. Костомаровдун “Домашняя жизнь и нравы великорусского народа” аталыштагы чыгармасында тапса болот. Мындан тышкары, А.М. Горькийдин “Детство” жана “В людях” аталыштагы автобиографиялык эмгектеринде да жазылган.

Үй-бүлө коомдун татаал системасы болгондуктан ар түрдүү социалдык кызматтарды аткарат. Андыктан үй-бүлөнүн өнүгүшү жана бар болушу философия, социология, демография, экономика, юриспруденция, психология, педагогика, медицина, этнография сыяктуу көптөгөн илимдердин изилдөө объектиси болуп келет. Саналган ар бир илим тармагы балдарды тарбиялоо маселесин карашат, анткени бул маселе үй-бүлөнүн жашоо-тиричилигинин бардык аспектилерин камтыйт.

Философия жалпы принциптердин жана таануу жолдордун системасын тартипке салат, ошондуктан, үй-бүлөлүк тарбиялоо тажрыйбасын аңдап-түшүнүү, илимий эмгектерди жана педагогикалык концепцияларды жаратуу үчүн теоретикалык негиз болуп берет.

Философияда үй-бүлө адамдын өзүн-өзү калыптандыруунун негизги чөйрөсү деп каралат. Алгач, адам үчүн үй-бүлөлүк жашоо жана балдарды тарбиялоо көрүнүшү аздыр-көптүр дүйнөнү баалоо, жашоонун, сүйүүнүн, сулуулуктун, чындыктын маңызын издөө, жамандык менен жакшылыктын өз ара катышы сыяктуу түбөлүк философиялык маселелер менен байланыштуу.

Демография жана социология заманбап үй-бүлөнүн өнүгүү абалын жана тенденциясын изилдейт. Мындай илим тармактарындагы маалыматтар мамлекеттик үй-бүлөлүк саясатты аныктоо үчүн колдонулат.

Демографияда үй-бүлөнүн маселелери (жаш-курактык, улуттук жана башка белгилерге жараша), үй-бүлө мүчөлөрүнүн жумуш менен камсыздалышы, муундардын өз ара катышы, бала төрөө ж.б. сыяктуу маселелер каралат. Ал эми социологияда үй-бүлө социалдык институт жана баланын социалдашуусунун универсалдуу фактору катары каралат. Социология үй-бүлөнүн түрлөрүн, формаларын жана функцияларын, ошондой эле, үй-бүлөлүк жашоонун уюштурулушун жана баскычтарын изилдөөгө кызыкдар.

Экономика илиминде үй-бүлөнүн чарбалык иш-аракети, үй жана иш менен камсыздалышы, балдар азыктарынын, кийим-кечелердин, оюнчуктардын ж.б. өндүрүмү изилдөөгө алынат.

Ал эми, юриспруденцияда үй-бүлөнүн, никенин жана үй-бүлөлүк тарбиялоонун укуктук негиздери ырасталат. Укуктук нормалар үй-бүлөлүк жашоодо жана үй-бүлөлүк тарбиялоодо ата-эненин жана балдардын статусун, укуктарын жана милдеттерин жөнгө салат.

Этикада үй-бүлөнүн адеп-ахлактуулук жаатындагы көйгөйлөр, адеп-ахлактык багыттары жана салт-санаалары изилденет. Ал эми, тарых илими үй-бүлөлүк тарбиялоонун түзүлүшүн, ар түрдүү тарыхый баскычтарындагы эволюциясын, айрым глобалдык тенденцияларын, ата-энелик сезимдердин өзгөчөлүгүн, ролун жана мамилелерин изилдейт.

Бирок, тарыхый изилдөөдө тигил же бул улуттун менталитеттик өзгөчөлүктөрү, байыртадан бери уланып келген үрп-адаттары маанилүү болуп саналат. Ошондуктан, улуттук маданиятты сактоого, баалуу идеяларды, улуттук-этникалык үй-бүлөлүк тарбиялоонун үрп-адаттарын жана салт-санааларын турмушка кайта келтирүүгө салым кошкон этнографтардын ишке ашырган изилдөөлөрү негизги орунга ээ.

Психология үй-бүлөнү социалдык бир топ катары изилдейт. Психологияда үй-бүлөдө сүйлөшүү өзгөчөлүктөрү, ата-эне менен баланын ортосундагы мамилелердин мүнөзү, инсандын калыптанышы үчүн ыңгайлуу болгон

психологиялык атмосфера сыяктуу маселелер изилденет. Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк мамилелер салттуу түрдө медицина менен физиологияда илимий жактан изилденген.

Андыктан, өлкөбүздө бул маселенин туура жолго коюлуп, жогоруда аталган илимдердин өнүгүү өзгөчөлүгү – келечек муундардын үй-бүлө жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн кеңири болуусуна жана өз үй-бүлөсүнүн толук кандуу, бакубат түптөлүүсүн камсыз кылат. Бул багытта кыргыз окумуштуулары көптөгөн илимий эмгектерин, ой-толгоолорун сунуштап келишти. Алып карасак, Н. А. Асипова “Жаштарды турмушка даярдоочу коомдук субъект жана түздөн-түз билим, аны менен кошо тарбия берүүчү мекеме болуп эсептелген мектепке кайрыла турган болсок, ал тармакта дагы көптөгөн көйгөйлүү маселелер бар экендигин көрүүгө болот”, – деп белгилеген [28]. Ал эми, Н.О. Адилбекова “Үй-бүлөдө алынган билимдер жана жосундар адамдын жашоосун жакшыртат же тескерисинче начарлатат, тактап айтканда, конкреттүү индивидден бардык коомго жайылат. Үй-бүлөдөгү бардык проблемалар же тескерисинче позитивдүү окуялар коомдун бардык чөйрөлөрүнө таралып, таасир берет” – деген оюн билдирген [2]. Ошондой эле, изилдөөчү С.К. Насбекова өз изилдөөсүндө үй-бүлөнүн укуктарын жана милдеттерин ислам динин кармангандардын көз караштарындагы өзгөчөлүктөрүн “Исламды кармангандар укук Аллахтын аткарылууга милдеттүү болгон ченемдери жана буйруктары катары аңдап келген,” – деп белгилейт [148]. Изилдөөчү А.А. Умарбекова айылдык мектептеги башталгыч класстардын окуучуларынын билим сапатын көтөрүү үчүн үй-бүлө менен мугалимдин биргелешкен иш-аракетин уюштуруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгып, “Үй-бүлө – баланын негизги тарбиячысы, ал балага оң жана терс таасирлерди бериши мүмкүн. Баланын инсанынын жакшы калыптанып өсүшү үчүн оң таасирлер керек. Ал ата-энелердин педагогикалык билимдерине жана көндүмдөрүнө жараша болот”, – деп белгилеген [198].

Ошентип, жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка

даярдоонун тарыхый-философиялык жана социалдык-педагогикалык аспектилерин изилдөө темасына көптөгөн илимпоздор кайрылгандыктан, алардын эмгектеринде үй-бүлө – жубайлардын ортосундагы өз ара мамилелерди жана улуу муун менен болгон ата-балалык мамилелерди биринчи орунга койгон үй-бүлө мүчөлөрүнүн психологиялык биримдиги, мындан тышкары балдарды тарбиялоонун максаттарын жана методдорун камтыган эрежелерди алып жүрүүчү жубайлардын өз ара мамилесинин, иш аракетинин жыйындысы экендигин далилдеп турат.

Үй-бүлөнүн туруктуу болушу – өлкөдөгү социалдык-демографиялык, экономикалык, маданий жана социалдык-педагогикалык факторлорго көз каранды болуу менен тукум улантуучулук, чарбалык, тарбиялык, социалдык көзөмөлдөөчү, коммуникативдик, интимдик жана эмоционалдык милдет аткара тургандыгы менен баалуу.

## 1.2. Кыргыздын элдик педагогикасындагы балдарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча акыл ойлор жана тажрыйбалар

Педагогика илими үй-бүлөнү баланын алгачкы жана эң натыйжалуу тарбиялоочу каражаты катары алып карап, ата-эненин педагогикалык маданиятын жогорулатуу жолдорун жана үй-бүлөнүн башка социалдык институттары менен болгон байланыш формаларын изилдегендиктен, биз өзүбүздүн изилдөө ишибизди жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогикалык нарк-насилдер, каада-салттар, баалуулуктар, маданий жүрүм-турум эрежелери аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо маселелерин өз мүмкүнчүлүгүбүзгө жараша чечүүгө арноону туура таптык жана бул багыттагы илимий-теориялык булактарга таянуу менен иликтөө иштерин жүргүзүү максатын койдук. Бул максатка жетүү үчүн кыргыз элинин элдик педагогикасындагы балдарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча акыл ойлорду жана тажрыйбаларды үйрөнүү жана анализдөө аракетинде болдук.

Изилдөөдөгү теориялык маалыматтардын анализи көрсөткөндөй, жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоону күчөтүү учурдун талабына ылайык негизги орунда туруп, кыргыз үй-бүлөсүнүн улуттук нарк-насилдин, баалуулуктардын нугунда калыптангандай даярдоо жана үлгүлүү үй-бүлө түшүнүгүнүн маанисин ачыктап, жаштарды ал билимдер менен азыктандыруу эң маанилүү болуп эсептелет.

Ошентип, жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо улуттук баалуулуктарга, кыргыз элинин улуттук-этникалык үй-бүлөлүк тарбиялоо үрп-адаттарына жана салт-санааларына кайрылуу, аларды муундан муунга өткөрүп берүү зарылчылыгы пайда болот.

Биздин изилдөөбүздө кыргыздардын балдарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо, элдик салттарды кайра жаратуу жана бекемдөө иш-аракеттери аталган багыттагы тарбиялык иштердин максаты, каражаты катары кызмат кылат. Анткени, кыргыз үй-бүлөсүн баланын төрөлүшүнөн тартып, аны тарбиялоо, эрезеге жеткирип, үйлөнтүп, жайлантып, өзүнчө энчи бөлүп чыгаруу, андан ары орун-очок алып, акыры наркы дүйнөгө сапар алышында түрдүү каада-салттар күнүмдүк турмуштун мыйзам-ченемдүү көрүнүштөрү коштоп жүрөт.

Үй-бүлөлүк турмушка даярдоо бардык элде, анын ичинде кыргыздарда “улут”, “каада-салт” жана “инсан” сыяктуу ж.б. улуттук баалуулуктарга тикеден-тике тиешелүү түшүнүктөр менен чечмеленет. Кезегинде улуттук тарбиянын өзүн үй-бүлө жана үй-бүлөдө калыптанган салттар менен тыгыз байланышсыз кароо мүмкүн эмес. XVII кылымда эле Гердер Иоганн Готфрид философиянын жана адам тарыхынын идеяларын ачып берүү менен минтип жазган: “Адамда каада-салттан башка тарбиялоо каражаты жана маданияты жок, адам бар жерде каада-салт да бар. Адам адамдардын арасында жашаган соң, ал маданияттан баш тарта албайт, маданият аны калыпка салат, же, тескерисинче, кебетесин бузат” [68].

Жаш муунду үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун түпкү негизин – тукум улап, балалуу болуп, аларды тарбиялоо ишине моралдык жана практикалык жактан

даярдоо түзгөн. Кыргыз элинде байыртадан азыркы мезгилге чейин баласыз үй-бүлө – үй-бүлө деп эсептелген эмес. Демек, баласыз үй-бүлө бат ыдыраган. Андай үй-бүлөлөрдүн калк ичинде кадыры болгон эмес.

Ар намыстуу, ариеттүү балалуу болуу эң жогорку даражадагы баалуулуктардын катарында турган. Адам турмушунун телегейи тегиздиги жана толуктугу перзенттер менен аныкталаары жөнүндө элдик накыл кептерде “Уул – ата жөлөгү, эки көздүн биридир”, “Көкүрөгү агарган ата көрктүү”, “Ак сүтүнөн тоё эмизген эне көрктүү” – деп корутунду чыгарылат.

А. Алимбеков белгилегендей, “Кыргыз элинде амандашуу салтынын башкы темасы да бала жөнүндө. Адатта, адамдар бири-биринин ал-жайын, турмушун балдарынын бакыбат өсүп-чоңоюп жатканына байланыштуу карашкан. Ушундан улам,учурашаарда “Бала-чакаң аманбы?”, “Ойноп-күлүп, чоңоюп жатабы?” деп сурашса, коштошоордо “Балдарың аман болсун”, “Балдардын бетинен өөп кой” деген жакшы сезимин, ак тилегин, каалоосун билдирет” [9].

Биздин эл арасында жүргүзгөн байкоолорубуз көрсөткөндөй, азыр наристелүү болбогондор, жалгыз балалуулар, уулун же кызын ага-инилүү, эже-сиңдилүү кылып өстүрүү максатында эң жакын туугандарынын балдарын асырап алуу салтка айлангандыгын көрсөтөт. Кыргыз элинде тукумсуздук, баласыз өтүү орду толгус оор трагедия. Бул элдик салттуу көз караш “Манас” эпосунда Жакыптын арманы аркылуу терең ачылып көрсөтүлгөн. Жакыпта мал да, алтын да, бийлик да бар. Бирок, ал баласы жоктугунан өзүн башкалардан кем санайт, жашап жаткан өмүрүнүн маңызын эч нерседен көрө албай: “Тукуму жок өтөмбү? Туяксыз бойдон кетемби? Беш түлүктөп мал жыйдым, алтын жыйдым, пул жыйдым. Бирок, жабдык салып ат минип, жанымда жүрөр караан жок! Ажал ачык чара жок, аман жүрөр санаа жок, акыретке бет алсам, атакелеп артымдан наалып калаар балам жок” – деп зарлайт [9].

“Коркут ата” китебинде өз үй-бүлөсүнүн коломтосун өчүрбөй улап кете алуучу мураскерлүү болуу тек жеке адамдын көңүлдөгү көксөөсү эмес, коом

тарабынан коюлган катаал талап катары каралат. Мураста көчмөн түрк элдеринин үй-бүлө куруунун вазийпасына карата коомдук талаптардын максимализми жатат. Мураста баласыздар кудайдын каргышына калган пенделер катары коомдун толук жана татыктуу мүчөсү эсептелген эмес. Алар баласы жокторду кудай каргаган, аларды биз да каргайбыз дешкен. Алсак, “Дерсе кан уулу Букаш тууралуу ырында”: “Тойго келген коноктордун эркек баласы барларын ак боз үйгө, уулу жок, бирок кызы барларды кызыл боз үйгө, уулу да, кызы да жокторду кара боз үйгө киргизет. Кара үйгө кирген коноктордy кара кийизге отургузуп, кара койдун эти менен томат аралаштырып куурулган тамакты алдыларына коюп, жегендер жесин, жебегендер кетсин деген экен. Же уулу, же кызы жок жандарды Алла Таалам өзү каргаган, биз да ошондой кылабыз” [11].

Бул эпизоддо Дерсе кан баласынын жоктугунан кара үйгө отургузулуп, жазаландырылып олтурат.

Турмушта үй-бүлө күтсө да балалуу болуу тилегине ар кандай себептер менен жетпеген үй-бүлөлөр болгон. А. Алимбековдун ырастоосу боюнча “асыра” деген кыргыз сөзү уйгурларда “асири”, чуваштарда “усра”, өзбек, татарларда “асра”, алтай, хакастарда “азыра”, казактарда “асыра” деп айтылып, бардыгы бир маанини, башка бирөөнүн баласын багып алуу, өстүрүү дегендикти билдирет. Булардын баары байыркы түрк тилиндеги “аз” (“азык”) деген уңгу сөздөн куралып, азыктандыруу, багуу, өстүрүү, эрезеге жеткирүү деген түшүнүктөргө түгөйлөш [11].

Бирок, учурдагы туруктуу үй-бүлөлөрдүн толук кандуу жашап кетүүсү үчүн жаштардын үй-бүлөлүк турмушка болгон даярдыгын, келечек турмушуна позитивдүү умтулуу мотивдерин тарбиялоо үчүн дагы да болсо, изилдөө иштеринин зарылдыктары турат.

Азыркы учурда болсо, ден соолуктуу жашоонун мүнөзү жана ооруулары алдын алуу, жаштарды адептүүлүккө, жүрүм-турум маданиятына, элдик маданий мурастардын үлгүлөрүндө тарбиялоо сыяктуу маселелерди изилдөө актуалдуу

болууда. Балдар өлүмүнүн, тубаса майыптыктын себептери, жыныс аралык мамилелер жана заманбап үй-бүлөгө тиешеси болгон башка себептер көпчүлүк учурда үй-бүлөнүн бекемдигин жана бакубатчылыгын ырастайт.

Бул учурда тукум куучулук, чөйрө менен болгон байланыш, баланын тарбияланышы жана өнүгүшү жөнүндө маалыматтар маанилүү.

Үй-бүлөлүк тарбия, сүйүү, ата-эне, бала-бакыра жана ата-бабалар жөнүндө алгачкы элестер көп кылымдардан бери жашап келген турмуштук тажрыйбанын негизинде элдик педагогикада түзүлгөн, башкача айтканда, эмпирикалык жол аркылуу түзүлгөн. Алар бир муундан экинчи муунга өткөн салт-санаалар, улуттук жана этникалык үрп-адаттар, салт-санаалар, фольклор, көркөм жана колдонмо искусство, улуттук мүнөз жана психология аркылуу бир үй-бүлөдөн экинчи үй-бүлөгө өтүп келген. Элдик педагогикада тарбиялоонун өз образы, эрежелердин жана жүрүм-турум нормалардын өз системасы пайда болгондугун толугу менен айтсак болот [39]. Мына ушул элдик педагогиканын баалуулуктары, үй-бүлөдөгү орду, азыркы жаштарга тийгизген таасири улам солгундап бара жаткандыгы көңүл бура турган маселеге айланды. Анткени, никелешүүдөн кийинки туруктуу үй-бүлөнүн сакталышы үчүн жогоруда айтылып өткөн жүрүм-турум нормаларынын системасы негиз болуп бере алат.

Изилдөө ишиндеги Баткен областтык статистика башкармалыгынын 2018-2019-жылга карата жылдык отчетундагы статистикалык маалыматтарга таянып, Баткен областындагы никелешүүлөр жана ажырашуулар жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтарга ээ болдук.

**1.2.1-таблица. Баткен областындагы эркектер менен аялдардын жалпы саны (2014-2018-жылдар)**

| Жылдар | Туруктуу калктын саны, миң адам | Эркектер | Аялдар |
|---|---|---|---|
| 2014 | 480,7 | 244, | 236,3 |
| 2015 | 492,6 | 250, | 242,0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2016 | 503,5 | 256, | 247,3 |
| 2017 | 513,6 | 261, | 252,2 |
| 2018 | 525,1 | 267, | 257,6 |

Никелешүүнүн жана ажырашуунун жалпы коэффициенти календардык жылдын ичинде катталган никелешүүлөрдүн жана ажырашуулардын санынын туруктуу калктын бир жылдагы санына карата катышы промилде менен эсептелет (Калктын 1000ине эсептегенде) [225].

**1.2.2-таблица. – Баткен областындагы никелешүүлөрдүн жана ажырашуулардын саны (2014-2018-жылдар)**

| Жылдар | Никелеш үүлөр | Ажырашуулар |
|---|---|---|
| 2014 | 4873 | 569 (1,2) |
| 2015 | 4634 (9,5) | 571 (1,2) |
| 2016 | 4408 (8,8) | 562 (1,1) |
| 2017 | 3834 (7,5) | 628 (1,2) |
| 2018 | 4391 (8,5) | 736 (1,4) |

Жогорудагы статистикалык маалыматтарда көрүнүп тургандай, аймактагы ажырашуулардын саны жылдан-жылга көбөйгөнү байкалат.

Ал эми, Кыргызстан боюнча да ажырашуулардын саны 2018-жылы 10434 ажырашуу катталган болсо, 2019-жылы 10995ке жеткен, башкача айтканда, ажырашуу фактысы 561ге көбөйгөндүгүн көрүүгө болот.

Чындыгында, ата-эненин моралдык жашоо мүнөзүнүн, алардын тамеки чегүүгө, алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө, баңгизат колдонууга азгырылуусу азыркы балдардын өсүп-өнүгүүсүндө келип чыккан физикалык жана психологиялык бузуулар эл аралык маселелер катары кабыл алына баштаган.

Кыргыздарда таптакыр кароосуз калган жетим-жесир аз болгон. Ата-энесинен айрылган турмушта өксүк балдарга садага-кайыр берүү, мүдөөсүн орундатуу, колунда болгону менен кайрылышуу кадыресе салт деңгээлине чейин

көтөрүлгөн. Алсак, “Манас” эпосунда той учурунда устукан албай калып, ыза болгон атасыз жетим балдарга боору ооруп, бир-бирден чапан кийгизген Чыйырды Жолойду жыкканда алган байгесин жалгыз мал койбой бечара-карыптарга бөлүп берген Каныкейдин ж.б. көптөгөн белгилүү каармандардын марттык, боорукерлик адамкерчиликтүү иштерин, ошондой эле, аз эмес сооптук, кайрымдуулук иш-аракеттери баса белгиленип сүрөттөлөт. Ушундай эле жөрөлгөлөргө биз да балалыгыбыз айылда өскөн жаран катары көп эле күбө болдук.

Кечээ жакынкы күндөргө чейин эле тигил же бул уруудан таркаган балдардын кароосуз калышы алар үчүн ошол уруу үчүн тескери пикир жаратып келген. Айрыкча, бул салт “Бир атанын балдары” деп эсептелген уруулук топто өзгөчө мааниге ээ болгон. “Бир атанын балдары” жеке чакан жана чоң үй-бүлөлөрдөн турган жана өздөрүн бир атанын тукумдары деп эсептешкен.

Кыргыз элинде атасынан ажырап көрүнгөн жакка, көбүнесе таяке журтуна таркап кеткен балдарды издөө, “бир атанын балдары” тобуна кошуу салты да элдин гуманисттик аң-сезиминин бийиктигинен кабар берет. Атактуу этнограф С.М. Абрамзон буга окшогон өз көзү менен күбө болгон факты жөнүндө минтип жазат: 1948-жылы Жумгал районуна караштуу “Кызыл Октябрь” колхозунун мүчөсү Кармыш Манапов атасынан айрылып, таяке журтунда жүргөн аталаш – бир тууган инисинин (энеси башка) 9 жашар кызын Чүй өрөөнүнөн алып келди. Атасынын биринчи аялынан туугандарынын колунда жүргөн 12 жашар бала да бар экен. Кармыш аны да алып келүү үчүн камынып жүрдү. Бул иш-аракетинин жүйөөсү жөнүндө ал: “Инимдин балдарынын милдети менин мойнумда”, – деп айтты [1].

Кыргыз элинин балдарга болгон өзгөчө мээрими, сүйүүсү Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында боордош башка улуттун балдарына карата мамилесинен да көрүнгөн. Бул жөнүндө согуш жылдары балалыгы камкор кыргыздар ичинде өткөн Е.Р. Робет Ч. Айтматовго жазган катында “Урматтуу Чыңгыз Төрөкулович! Мен улгайган аял катары Сиздин ажайып талантыңызга чын дилден таазим этем жана ыраазычылык билдирем. Мени Сиздин кыргыз

экендигиңиз өтө кубандырат. Согуш учурунда биз кароосуз калган кичинекей балдар менен бирге Ленинграддан Кыргызстанга, Сиз суктана жазган Ысык-Көлгө көчүрүлгөн элек. Мен ал жерде “Пионер” колхозунда иштегенмин. Кыргыздар арык-ачка, оору-сыркоо биздей балдарды мээримдүү кабыл алып акысына эч нерсе доолабай эле кийиндирип-ичиндиришкен. Бул үчүн мен аларга өмүр бою ыраазымын. Мен аларды чынчылдыгы, адамгерчилиги, боордоштук сезимдери үчүн терең урматтайм. Аларда кароосуз калган балдар жана карыялар деген болбойт. Мына ушундай элдин уулу болуу кандай сыймык. Ошондой эле, Сиздей таланттуу уулу бар эл да чексиз таалайлуу”, – деп жазган. Бул элдин бала затына карата гуманисттик педагогикалык салттарынан кабар берет. Анткени, дүйнө элдеринин гумандуулугунун көрсөткүчтөрүнүн бири дал ушул бала затына карата мамиле.

“Жакшы кыз жакадагы кундуз, жакшы уул асмандагы жылдыз” – деп айтылат эл макалында, бул мисалдардын негизинде кыргыз эли үчүн бала, эркек бала болсо да, кыз бала болсо да, абдан баалуу экендиги көрүнүп турат.

Элдик оозеки чыгармаларда кыргыздар бала затын өтө терең сүйгөн гумандуу эл болгонун тастыктаган өрнөктөр өтө арбын. Жомоктордо белгисиз жоголуп кеткен баласын өмүр бою зарлап үмүт үзбөй күтүп көз жашын төгүп олтуруп, оор кайгыдан көзү көрбөй калган мисалдар бар.

С. Иптаров белгилегендей “Салт бир нече доорлорду, замандарды кучагына алып, элди ички-тышкы деградациядан, опурталдуу кыямат-кайымдардан сактап, калкалап, көпчүлүктү элге, массаны калкка айландырып, анын адамзат алкагындагы татыктуу ордун камсыз кылып келет. Салт – эл турмушун тескеген туруктуу рухий-маданий эреже. Салт жоголсо, эл жоголот. Андыктан, аны көздүн карегиндей сактоо зарыл” [95]

Элдик педагогикада үй-бүлө куруу, тукум улоо калк ичинде калыптанган эреже-салттарга негизделишин тастыктаган өрнөк окуялар, осуяттар арбын. Оозеки чыгармалардын каармандары Огуздардын салтына ылайык ак никелүү үй-бүлө

күтүп, нарктуу тукум улантуу үчүн эчен татаал күрөштөрдү баштан кечиришип, абийир сыноолорунан өтүшөт.

Үй-бүлө куруу ар дайым эл журттун көзөмөлүндө болгон. Ошондуктан, балдарга болочок жубайын эртелеп таанытуу максатында кудалашуу салттары калыптанган. Кыргыздарда кудалашуунун бел куда жана бешик куда сыяктуу түрлөрү бар. Бел куда – ата-энелердин балдары төрөлө электе эле кудалашуусу. Бешик куда – наристе бешикте кезинде эле кудалашуу салты. Бири-бири менен ымаласы жакын эки үй-бүлө өзүлөрүнүн жакындыгын күчөтүү максатында, айрым учурларда сөөк жаңыртуу иретинде да бешик куда болушкан. Кудалашкан күндөн тартып, болочок келиндүү болчу тарап калың төлөй баштап, колукту күйөөсүнүн босогосун аттаган күнгө чейин созулушу ыктымал. Ымаласы жакын адамдар өздөрүнүн жакындыгын бекемдөө же сөөк жаңыртуу максатында, же жоокерчилик согушта жеңилген элдин башчысынын жеңген тараптын каны менен достошкон учурда, эгерде келечекте бири уулдуу, экинчиси кыздуу болсо баш коштуруу үчүн кудалашкан. Кудалашуунун бул түрү «Манаста» да чагылдырылган. Эпосто Семетей менен Айчүрөк төрөлө электе эле Манас менен Оогандын каны Акун Бешим куда болушат. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Акун кан колго түшүп, Манас менен достошуп кудалашса, Саякбай Каралаевдин вариантында: «Кан Көкөтөй ашында, Калың жыйын кашында, Канкор Манас Акунга эл куда болгон жери бар» – деп сүрөттөлөт [104].

Көп өтпөй Манас уулдуу, Акун кыздуу болуп, баланын аты Семетей, кыздын аты Айчүрөк коюлат. Салттык турмушта бел кудалардын бири өтүп кеткен күндө да, кудалык убада бузулбай кала берген. Эгер жаштар бойго жеткенден кийин бири-бирин жактырбаса, мүмкүн болушунча аларды көндүрүүгө аракеттенишкен, таптакыр арга жок болсо гана эркине коюшкан. Эгер кыз көнбөсө, анда алдын ала берилип келген калың кайтарылган, жигит кызды жактырбаган учурда калың кайткан эмес. Негизи кыргыз салттары эч качан адамдын көңүлүнө, эркине, укугуна каршы чыкпаганын белгилей кеткибиз келет.

Жигит эр жетип, үйлөнөр убагы келген чакта кимдир бирөө менен сөз алышып, убада бербеген болсо, ата-энеси кыз караштыра баштаган. Өткөн мезгилдерде кыргыздар балдарын мүмкүн болушунча эрте үйлөгөнгө аракеттенген, муну эрте балалуу болуп, балдары атасы менен катар эле чоңоюп, кол арага жарап, жумушун эрте колунан алышы менен байланыштырышкан. Баласын үйлөгөндө башка айыл, башка уруудан кыз алып берүүгө аракеттенгендиктен, “Өз айылынан аял алгандын тукуму – күйпүл күчүк, кыр ашырып алгандын тукуму – карышкыр, ашуу ашырып алгандыкы – арстан” – деген сөз мына ошондон калган. Ар бир кыргыз уулунун жети атасына чейин билүүсү, санжыра сүрүштүрүүнүн негизги максаттарынын бири дал ошол – жакын туугандардын каны аралашып кетүүсүнөн сактоо болгон. Кадыр-барктуу, белгилүү адамдар уулун үйлөгөн учурда же өзү тандап кыз алып берген, же баласына тажрыйбалуу, кыраакы, сынчы кишини кошуп берип, өзүнө эл ичинен издеткен. Бул жөнүндө кыргыз элинин жомокторунда, уламыштарында, санжыра сүрүүсүндө айтылат. Эл арасында али турмушка чыга элек кыздын аз же көп төрөшүн, анын төрөгөн балдарынын кандай чыгарын алдын ала билген адамдар болгон экен. Муну бабаларыбыздын улуу өнөрү катары карасак болот. Бай Жакыптын Манаска өзү тандап Каныкейди алып бергени, Жээренче чечендин уулуна кыз издеп, Акылкарачачты сынына толтурганы, же Санчы сынчынын чачылган элди жыйнаган Болотко аял тандап бергени эл оозунда кылымдар бою айтылып келген. Кызды тандаган учурда сынчыл адамдар анын өңү-түсүн, басып-турушун, кеп-сөзүн, чай сунуп, тамак жасашын, жүк жыйышын… – баарын, көз кырынан өткөрүшкөн. Албетте, “Катын албай, кайын ал” деген принциптен улам болочок колуктунун ата-энесинин теги, эл ичиндеги аброю да унутулган эмес.

Элдик педагогикада балдарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо ата менен эне эң обол тарбиячы болууга тийиш деген ойду сиңирүүгө аракет кылышкан. Жоопкерчиликтери өз-өзүнчө чечмеленет. Элдик түшүнүктө энелердин идеалы, анын балдарга карата мээрман сүйүүсү менен гана эмес, баарыдан мурда аларды

элдин, улуу муундардын эреже-салтына ылайык тарбиялоого багытталган мээнети, билгичтиги, чеберчилиги менен өлчөнөт.

Кыргыз элинин элдик педагогикасынын булактарында бул өрнөк Чыйырды жана Каныкейдин образы аркылуу таасын чагылдырылат. Алсак, Манас төрөлгөнгө чейин кыргыздар ар кандай душмандардын эзүүсүндө болгон. Мындай таасирден душманды өтө катуу жек көрүү пайда болуп андан кутулуунун айласын издөө аракети жасалган. “Мындан ары эр төрөмөк эсте болсун” – деп эрешен эрлерди да баатырды тарбиялап өстүрүү идеясына Чыйырды “чыйыр салат”. Атактуу кыргыз педагогу Бектур Исаков образдуу мүнөздөгөндөй: “Чыйыр – бул из, бир нече из түшкөндөн кийин ал жолго айланат. Жол изден башталат. Чыйырдуу – бул, демек, түшкөн из, көп дегендик. Чыйырды “чыйырдуу” деген сөздүн эле бир түрү. Демек, Манастын энеси Чыйырды таалим-тарбия жолунун башында турган, биринчи из-чыйыр салган адам, жол салган зайып”. Чыйырды эң обол Манастын атасы Жакыптын “жүүнү боштук”, “дүнүйө артынан түшүү” сыяктуу терс мүнөздөрүнөн сактап калуу үчүн атайын кам көрөт.

Эне уулун кайраты ашкан жолборс, деп канчалык жакшы көрсө да, калкым деп аттанып, жолун тоспой тургандыгын айтат. “Калкым деп чыксаң аттанып, кантип жолуң тосоюн” – деп энелик батасын берет. “Эрик үчүн, эл үчүн ылаачындай талбагы” – деп тапшырма берет. Манасты дагы таалим алсын үчүн Акбалтага атайын жөнөтөт.

Жусуп Мамайда Чыйырды – элдин башынан өткөн ал-абалды, келечекте эмне кылуу керектигинен бери айткан таалимчи. Чыйырдынын улуулугу Манасты жетилтүүгө эне катары жана тарбиячы катары салым кошкондугунда. Демек, Чыйырдынын изи элдик педагогика менен үзөнгү кагыштырып, түпкүрдөн чыйыр салып чыккандыгы, ал бара-бара кан жолго айлангандыгы менен маанилүү. Баланы “Эрешен тарткан эр кылуу, эр уулу менен тең кылуу” маселеси, Чыйырдыдан Каныкейге өтөт. Ал баланы аман гана сактап калбастан, анын келечекте мекенчил баатыр болуп жетилиши үчүн күлгүн жаш өмүрүн садага чабат.

“Тайторуну чабуу” окуясындагы Төлгөнүн далдаасында Каныкейдин Семетей үчүн бушайман болуп, “ал атасын тарткан эр болобу, ата-журтуна барып, элине кызмат көрсөтө алабы? Же эли журту менен иши жок, аңкөөдөк баатыр, чоң курсак бай болуп калабы?” – деген ой тынчытпайт.

Баатырдын өчүн алып, эли-жерине баш-көз болчу Семетейдин өмүрү үчүн болгон мүмкүнчүлүгүн жумшап, акыры максатын ишке ашырат. Каныкейдин инсаны да ушул чен-өлчөмдөргө төп келиши менен чырайына чыгат, калың элдин кадыр-сыйына ээ болот. Каныкей энелик аруу тилек менен “Манастай болгон чунактын, караанына жалынып, алыста калган элине, аныктап тиер керегиң” – деп, ички толгоо кайрыктарын, атайын уюштурган тарбия салттарын Семетейдин келечегине, ата-журтунун тагдыр таалайына багыштайт. Элдик түшүнүктө аялзатынын идеалы, анын балдарга карата мээрман сүйүүсү менен гана эмес, баарыдан мурда аларды элдин, улуу муундардын эреже-салтына ылайык тарбиялоого багытталган мээнети, билгичтиги, чеберчилиги менен өлчөнөт.

Эпосто куулуп азган элинин чачылганы жыйналып, жоголгону табылып, түзөлүп, уланып кетиши Каныкейдин энелик жана тарбиячылык ишмердүүлүгүнө: Семетейдин суук көздөн сактап, шумкардай таптап ата-бабаларынын баатырдык салтында чебер тарбиялай алгандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошентип, Каныкейдин инсаны эне коомдун түзүүчүсү, уюткусу деген жалпы адамзаттык акыйкатты ар тараптуу ырастайт. Эпостогу, “Калк энеси Каныкей” деген мүнөздөмөнүн төркүнү да мына ушунда. Ошондуктан, калктын педагогикалык акылмандыгы Каныкейди уругу уланып, түбөлүк эл эсинде жашап калган каармандардын катарына кошкон.

*Кыргыздарда балдарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун эң маанилүү компоненттеринин бири меймандостукка тарбиялоо болгон.* Ушуга байланыштуу алар баш кошкондо эле дасторконуңар жайык, кең -пейил меймандос болгула деп бата беришкен. Арийне, мындай таалим-тарбия жугумдуу болуш үчүн аларды бул маданияттын бардык чөйрөсүндө обьект жана субъект катары катыштырууга аракет кылышкан.

Атактуу кыргыз акыны А. Осмоновдун “Бизге түнөй кет” деген ырында дал ушул акыйкат ырасталат:

“Көңүл капа, башым туман кеңгиреп,

Үч күн болду бизге мейман келе элек.

Жолоочунун бул кандайча шылдыңы,

Даамы жоктой, жеген токоч, жеген эт,

Сыйлап берер белен кыргыз даамы бар, эй жолдош, биздикине келе кет”. [157].

Мында конок күтүү салтынын маанилүүлүгү, кыргыз элинин меймандостугу, конок күтүүгө болгон айкөлдүгү, ынтызарлыгы, өз жашоосун конок күтүү менен шаңга бөлөп, бөлөк адамдарга сый көрсөтүү салтынын наркын даңазалоосу чагылдырылган.

Ч. Айтматовдун “Ак кеме” повестинде Момун карыя өзүнүн тутунган ишенимдерине ылайык небересине мейманда өзүн кандай кармоонун төмөнкүдөй талаптарын түшүндүрөт: конокко барганда баары менен кол алышып учурашуу; сылыктык кылып улууларга биринчи кол берүү; киши менен учурашканда кызырга жолукканын баамдабай калбаш үчүн башбармагын кармап учурашуу. Бул мисалдан кыргыздардын конокко баруу жана адамдар менен баарлашуунун баланын адам катары калыптанышындагы канчалык мааниге ээ экендиги туралуу элдик педагогикалык көз карашты көрүүгө болот.

Элдик педагогикада жаштарды, айрыкча кыздарды үй-бүлө турмушуна даярдоодо улуулурга сый ызаат урмат менен мамиле кылууга тарбиялоо башкы орунда турган. Мында үй-бүлөдөгү салтка айланган эрежелерди, нарк-насилдерди, аткарылуучу милдеттерди туура пайдаланууда негизги роль атага таандык болуп, атаны үй-бүлө башчысы катарында кабыл алып, андагы жоопкерчиликтер көбүнесе атага тиешелүү деген ырастоолор болгон. Ал эми, эне болсо, үй ичиндеги жумуштар менен алектенип, бала тарбиясында негизги ролдо турган. Арийне, үй-бүлөлүк милдеттерди бөлүштүрүүнүн үч негизги багыты бар:

– жеке каалоолор (ким эмнени аткарууну көбүрөөк кааалайт);

– жөндөмдүүлүктөр (ким кайсы ишти мыкты аткарса, анда ошол ишмердүүлүк менен алектенет);

– пайдалуу ишмердүүлүк (үй-бүлөдө балага анын келечектеги жашоосу үчүн пайдалуу боло турган ишмердүүлүктүн түрүн жүктөө).

Бирок, бул багыттар боюнча милдеттерди бөлүштүрүүгө көбүнчө маани берилбей, турмуш тиричиликке байланыштуу көйгөйлөр күч алып, көптөгөн пикир келишпестиктердин жаралуусуна алып келүүдө. Акыркы мезгилдерде мындай келишпестиктердин себептери үй-бүлөдөгү атанын ролунун төмөндөөсү менен түшүндүрүлөт. Турмуштук байкоолордо көрүнүп тургандай, кээ бир үй-бүлөлөрдөгү аткарылуучу милдеттердин дээрлик көпчүлүгү энеге жүктөлүп калган. Баланы тарбиялоо процессинде атанын таасири жокко эсе болуп, эненин гана тарбиясын алган балдардын турмуштук тажрыйбалары жеткиликтүү болбой, аларда жоопкерчиликтүүлүк, эрктүүлүк, мекенчилдик, айкөлдүк ж.б. сапаттар толук кандуу калыптанбагандыктан, үй-бүлөлүк көйгөйлөрдүн көбөйүүсү кадимки көрүнүшкө айланууда.

Салт боюнча кыздарды келечектеги кайын журтуна эл болуп кетүүсү ал журттун улуу кичүүсүн сыйлоого байланыштуу эреже ырасымдарды сактоого үйрөтүүгө олуттуу мамиле жасашкан. Буга байланыштуу келин тарабынан аткарылуучу айрым салттарга токтоло кетели. Келин кайын ата, кайын эне, күйөөсү менен кол берип учурашкан эмес. Кайын ата, кайын энесине таазим этүүнүн белгиси катары колун бооруна алып, тике карабай, ийилип таазим эткен. Бул салт “Жүгүнүү” деп аталган. Жүгүнүү айрым учурда ыраазычылык билдирүүнүн белгиси катары кабылданган. “Келин кимге багыштап жүгүнсө, ал киши буга жооп кылып “көп жаша”, “өмүрлүү бол”, “кудай жалгасын”, “теңир жалгасын”, “алганың менен тең кары”, “бар бол”, “өркөнүң өссүн”, “тилегиңе жет”, “кудай тилегиңди берсин”, “этегиңден жалгасын”, “ак жоолугуң башыңдан түшпөсүн”, “ак элечегиң башыңдан түшпөсүн”, “көшөгөң көгөрсүн” – деген сыяктуу алкоолорду айтып

ыраазычылык билдирүүгө тийиш”. Кезегинде келиндин ызаат менен жүгүнүүсүн жоопсуз алкоосуз калтыруу да наркты билбегендик катары кабылданган.

Келиндин кайын журтуна жүгүнүүсү келиндин өзү же күйөөсү каза болгонго чейин созулган. Кыргыздарда адат боюнча күйөөсү өлгөндөн кийин жесир аялды “бели сынды” деп жүгүндүрүшкөн эмес. Мындай өтө жаш калган жесирге да тиешелүү болгон [9].

Кыргыз кыз келиндеринин ызаат сыйы улууларды, кайын журтун тергеп айтуу адатынан да көрүнгөн. Кытайлык кыргыз окумуштуусу Макелек Өмүрбай жазгандай “Тергеп атоо да жылуу сөздүн катарына кирет. Алып көрсөк, аялдар күйөөсүнүн атын "тарс" эттирип түз айтпастан, каадасы менен сыпайылаштырып атоо адаты "Манаста" өтө айкын болгон. Ал үчүн Каныкейди үлгү катары көрсөтсөк, ал Манасты "Төрөм, Султаным, Айкөлүм, Арстаным, Көк жалым" – деген сыяктуу мартаба аттары менен атаган. Мындай атоо Каныкейге уяңдык, ыйбаалуулук алып келип эле калбай, сыпайы сүйлөөнүн, жүрөк жылыта турган "жылуу" сөздүүлүгүн көрсөтүп турат”. Д. Молдокулованын маалыматы боюнча тергөө салтында төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр эске алынган: сырткы келбети (“Узун бут аке”); мүнөзү (“Момун аке”); кесиби же өнөрү (“Уста аке”, “Ырчы уул”); жашаган жерине карата (“Көлдөгү эжем”); ысымына маанилеш сөздөр менен (Камчыбек - Шапалак); балдарынын аты менен тергеген (“Асандын апасы”); күйөөсүнүн жашына салыштыра же бир туугандарынын жаш өзгөчөлөгүнө жараша (“Улуу эжем”, “Кичине бала”) тергеген. Кыз балдарды жакшы бүлө болууга үндөө багытындагы акыл насаатар кыз узатуу кошогунда да борбордук идея катары каралган. Өзгөчө, кыздын жеңелеринин көрүшүү ырларында теманын кеңири планда ачылгандыгы айкын байкалат. Ырда кызды мактоо, көкөлөтүү, эркелетүү, күйөө, кудаларга “тапшырма” берүү менен бирге, кыздын, күйөөнүн, кудалардын кемчилиги көрсөтүлөт. Жеңелердин “чымчыкейлеринин” максаты – кемчиликтерди жоюу, жаман адаттарды калтыруу, унутуу:

Көтөрүп урба сандыкты, Сураганга эки бер,

Кайненем сууга жумшайт деп, Суусаганга жеке бер,

Кыла көрбө ардыкты. Көп кылбагын текебер.

Көрөрсүң түбү барлыкты, Өз атаңдын эшиги,

Кайнатаңдын эшиги, Сабап койгон пахтадай.

Чаап койгон тактадай.

Албетте, жаң келин үчүн башка бирөөнүн бүлөөсү болуу оңой эмес. Келиндин ар бир кыймылы, кадамы, көз – карашы, мамилеси сын көз менен каралат, үйдүн жазылбаган эрежелерин сактап жүрүүгө мажбур болот.

Башкача айтканда, кыздын романтикалуу жана эркин куштай абалы кайнап турган прозалык турмуштун рамкасына салынат.

Ак элечек көрүнсө, Тарпылдак өтүк, таш таман,

Апам келет дебегин, Так көтөрүп басыңыз,

Ак сакал киши көрүнсө, Ынагым, тарпылдак атка коносун

Ынагым атам келет дебегин, Аңдып баскан бирөө бар,

Ынагым, абысын деген бирөө бар.

Келиндин кесирлүү жоруктары түпкүлүгүндө ата энесине эле эмес, келген журтуна чейин кеп тийгизген. Ошондуктан, кыз батасында бул маселе өзгөчө эскертүү катары белгиленген.

Алаканың жай, чырагым: Ата-энеңди эгизде. Калкыңа калалуу бол, Алдыңан ай туусун, Элиңе элелүү бол. Аркаңан күн туусун. Тоодой тоолор бергенче, Улуунун жолун кеспе, Бармактай бак берсин. Ата-энеңди муңдурба,“Атаң, энең” дегизбе, Сөөктү сындырба, берекем.Оомийин!

Жаштарды үй-бүлөлүк турмушка тарбиялоодо элдик оозеки чыгармалар менен бирдикте ырчы акындардын чыгармалары кеңири колдонулган**.** Жубайлардын нарктуу адеп ариети менен бирдикте жосунсуз жоруктары ырчы-акындардын чыгармаларында орчундуу темалардын бири болгон. Алсак, санат, термелеринде “жакшы эркек”, “жаман эркек”, “жакшы аял”, “жаман аял” деген темаларга кайрылбаган ырчы-акындар сейрек болгон. Башкача айтканда, бул

ырчылар чыгармачылыгындагы туруктуу салттык тема болгон. Калыгулдун пикиринде эркек жана аял өзүнө таандык гендердик өзгөчөлүктөрүнө шайкеш болуусу зарыл. Гендердик стреотиптерине шайкеш келбегендик башка адептик нормалардан оолакташына өбөлгө болот. Ошондуктан, акын төмөнкүдөй тыянак чыгарат.

Эркек үндүү аялдын уяты жок,

Катын үндүү эркектин кубаты жок [101].

Ырасында эле, кыргыз элинде ата тарбиясы ар дайым алдыңкы планда болуп, баланын жакшы же жаман болушу ата теги менен байланыштырылган. Ошондуктан балдардын жакшы жоругуна күбө болгондо “Атаңа ыракмат!” – деп ыраазычылыкты обол ата тегине багышташкан. Эгерде адамдын пас жоругуна күбө болушса да «Атаңа наалат» – дешкен.

Ата-бала ортосундагы мындай ыймандык уламалуулуктун диалектикасын Калыгул төмөнкүчө түшүндүргөн.

Жаман ата болбойт, Бала атадан акыл, таалим алат,

жаман адам болот, Ата дөөлөтү менен өргөөсүнө туу сайылып,

Бала да эртең ата болот, Кермесине күлүк байланат,

Ошон үчүн ата балага Заманга жараша топко аралашып,

Аска-зоо болот да коёт. Эл башына шайланат.

Атанын кеби – Алланын кеби [101].

Акындар “Обоскер жакшы – кан жакшы, Катын жакшы – эр жакшы” – деген эзелтен калган эрежелерге таянуу менен ырларында үй-бүлөнүн куту, бардарлыгы, башкалар менен камыр-жумур катышып абийир табышы баары аялдардын нарктуу жорук-жосунунан көз каранды деп эсептешкен. Угармандарды да көбүнесе турмуштагы, айрыкча үй-бүлөлүк турмуштагы жакшы менен жамандын маани-маңызын таануу көбүрөөк кызыктыргандай.

Ошондуктан, ырчылардын дээрлик көпчүлүгү санат жана терме ырларында бул түпкүлүктүү темадан кыйгач өтө алган эмес. Көбүнесе аялдардын жосунсуз

жоруктарына басым жасашып, маңдайында санатын угуп олтургандарды андай адаттардан алыс болууга чакырышкан. Айрыкча бул темадагы санат, термелер айрыкча кыз балдарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо, ал эми бойго жеткен уландарды жар тандоого багыттоодо өзгөчө мааниге ээ болгон.

Акылман Калыгул кадимки турмушта аялдардын турпатына туура келбеген жосунсуз жоруктары катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтөт:

Жаман катын белгиси – Ошону менен аш куят.

Соксоңдой басып соку издейт, Жаман катын белгиси –

Согончоктон ит тиштейт, Калдырак болот териси,

Баласын төргө чычырат, Карып болот эриси,

Балтек, ме! – деп чыкырат, Талаага кетет талпактап,

Балтеги үйгө кирбесе Табагы жатат шалтактап,

Суску менен бир чабат, Айылга кетет талпактап,

Ырысы качкан жигитке, Аягы жатат шалтактап [101].

Бул ырлардан баамдалгандай жаман катын белгиси обол үй-тиричилигине айрыкча жөндөмсүздүгү жана балдарын татыктуу багуу, асыроого алсыздыгынан, айылчылап убакыт өткөрүү өнөкөтүнөн көрүнөт. Андайлар Баласын төргө чычырат, Балтек, ме!– деп чыкырат. “Баладай камыр жуурат, балдарынын заманасын куурат”. Дагы бир ырында аялдардын күнүмдүк тиричиликке даярдыгынын тайыздыгы төмөнкү деталдар менен толукталат:

Эки көмөч нан кылса, Кырып-кырып тим болот.

Бети башы күл болот. Берген кудай албаса,

Аш бычагын колго алып, Кандай заман күн болот?! [101]

Демек, мындан аял затынын балдарды багуу жана тарбиялоо билгичтиги эң башкы критерийлердин бири катары каралган.

Аял затынын жакшы жана жаман касиеттери Жеңижоктун ырларында да ыраатуу жана ар тараптуу ачыкталган. “Жаман катын” термесинде андайлардын “жүргөн жери чуу болот”, “кебинде болот каары, көзүндө болот чаары, сырын

билген жамааты, зыркырап качат баары”. Жаман катындын пейли тар болот: “Үйүнө конок кондурбай, алыс кылат жакындан, акылыңды туй кылбай, адаштырат акылдан, душманыңа басынтып, бийик кылат башыңдан”. Мейманыңдын көзүнчө башкалардан ийменбей сөз талашат: тили буудай кууруп, “үнү ат чабым жерге угулат”. Алган күйөөсүнүн жети өмүрү жерге кирет. Жеңижок жаман катынды бардык ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү кемчиликтеринин бирин калбай камтууга аракет кылат. Айрыкча аялдардын көч учурундагы жүдөө же тыкандыгын сын электен өткөрөт. Ушуга байланыштуу көч мезгилиндеги жүдөө катынды:

Боосу жок болгон баштыктай,
Ат үстүндө жүрө албайт.
Куп карайтат жаныңды,
Кимге айтасың зарыңды [84].

Акын андан ары жаман катындын жайлоого көчүп баргандан кийин элге окшоп карын-карын май, кап-кап курут камдай албаганын, эки карын майды эптеп жыйнаса, аны кайра жайлоодон кыштоого кайткыча талкан көөлөп, тоголоктоп жеп коюп, кышкы мезгилде кур алакан калганын баян этет да, жаштарга минтип кеңеш берет:

Эркектин жакшы болмогу,
Көбүнесе катындан,
Кармап ал таап асылдан [84].

Жеңижок “Жакшы катын термеси” – деген ырында элдин эсинде канча кылымдардан бери сакталып, эл сынынан өтүп, элдик эпостордо, дастандарда түбөлүк орун алып, үлгү өрнөктүн символуна айланган Каныкей энебизден тарта Кыз Сайкал, Айчүрөк, Желкайып, Кенжекан, Канышай, Жаңыл Мырза, Курманжан даткага чейинки инсандардын идеалы тууралуу сөз кылат.

Аялдардын кем өксүктөрүн ачып көрсөтүү Тоголок Молдонун ырларында да өзгөчө темалардын бири. Ал аял затынын жаманы эркектин мээнет менен тапканынын баркына жете албаган жугуму жок болоорун ачыктайт:

Айдатып барат найыпка.

Анча-мынча мал тапсаң,

Алдырып коёт айыпка!..[193].

Мында акындын чыгармасынын үндөштүгү, тактыгы, ачык көрүнуп турат.

Жакшы катын Тоголок Молдодо:

Алмайынча бир жакшы,

Акылдуу жигит тынбачы.

Таалайыңа кез болуп,

Табылса жакшы ургаачы [193].

Эми, жакшы катын Жеңижокто:

Каныкей чыккан силерден,

Канча журтту имерген.

Калка болуп Манаска,

Калк үчүн ойлоп түнөргөн.

Кыз Сайкал, Жаңыл мырзалар,

Кем эмес, чыккан бир эрден.

Айчүрөк чыгып асыл жан,

Ай, андай болбойт күйөрдөн! [84]

Аш той маарекелерде ырчылардын санат ырларын уккан адамдар ыймандык түшүнүктөрү кеңейип өзүнүн кишилик касиеттерин сын сыдыргыдан өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Акындардын акыл таразасынан өткөн инсандык баалуулуктарды уккан улуу адамдар аталар балдарга, энелер келиндерге айтып түшүндүрүп олтуруп үй-бүлөлүк тарбиянын жандуу инструментине айланып кеткен.

Жогоруда белгиленген кыргыз элинин элдик салттарындагы нарк-насилдер, тажрыйбалар, көрөңгөлөр жаштарды үй-бүлөлүк жашоого даярдоодо негизги баалуулуктар катары каралып, алардын болочок турмушундагы үлгү болоор элдик

баалуу мурастар деп эсептөөгө болот. Ал эми, баалуулук түшүнүгүн төмөнкү аныктамалар менен түшүндүрүүгө болот.

**Баалуулук** – бул инсандын максаттуу иш-аракетке, үлгүлүү жүрүм-турумга багыт алуусу, кызыгуусу, умтулуусу менен байланышкан бийик руханий нормативдик категория. Баалуулуктар адам жашоосунда жана коомдо маанилүү орунда туруп, инсандын жалпы багытталуусун, көз караштарын, иш-аракетин, аныктайт.

**Баалуулук** – бул инсандын жашоосу үчүн эң маанилүү деп эсептелген көрүнүштөр: маданий, табигый, коомдук, элдик, тарыхый мүнөздөгү үлгүлүү жүрүм-турум жана салттык эрежелерде орун алуу менен коомдун өсүп-өнүгүүсү менен кошо өзгөрмөлүү процесс.

Ар бир улутта жана ар бир маданий коомдо үй-бүлө эң бийик социалдык баалуулук экендиги белгилүү, андыктан, мамлекет жана коом үй-бүлөнүн позитивдүү түрдө өнүгүшү, сакталышы жана бекемделиши үчүн кызыкдар. Ал эми, адам канча жашта болбосун, ал баары бир бекем жана ишеничтүү бир үй-бүлөгө муктаж. Мындай үй-бүлө элдик педагогикалык баалуулуктардын негизинде гана түптөлөт.

**Элдик педагогикалык баалуулук** – бул тарыхый мүнөзгө ээ болгон, улуттун кайталангыс өзгөчөлүгүн, элдин көп кырдуу жашоо образын жана анын салт-санаалар, нарк-насилдер менен жуурулушкан таалим-тарбия үлгүлөрүн чагылдырган, инсандын руханий жана маданий өнүгүүсүн шарттаган, муундан-муунга мурас катары калуучу өрнөктөрдү, тажрыйбаларды камтыйт.

Элдик педагогиканын мурастарына незизделген **үй-бүлөлүк баалуулук деп,** кыргыз элинин жашоо тиричилигиндеги таалим-тарбиянын мазмунун түзүп, үй-бүлөдөгү өз ара бир туугандык мамилелерди жөнгө салып, үй-бүлө мүчөлөрүнүн эмоционалдык, психологиялык, руханий биримдигин камсыздап турган, алардын үй-бүлөлүк жашоого болгон жоопкерчилигин аңдап билүүгө багытталган салттык нарк-насилдерди түшүнөбүз. Алар конкреттүү үй-бүлөнүн түзүмүнө байланыштуу

болуп, андагы улуу жана кичүү муундар, жубайлар жана бир туугандар арасындагы калыптанып калган каада-салттарды, карым-катыштарды, мамилелерди, үрп-адаттарды ж.б. чагылдырып турат.

Бул баалуулуктар аркылуу жогорку класстардын окуучуларынын психологиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аларды үй-бүлөлүк жашоого даярдоо изилдөөбүздүн өзөктүү маңызын жана негизги стратегиясын түзүп турат. Андыктан, элдик педагогикалык баалуулуктар тутумун төмөнкүдөй тартипте карап көрөлү:

**1.2.3.-таблица. Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоодогу элдик педагогикалык баалуулуктар**

| **Элдик педагогикалык баалуулуктар** |
| --- |
| **Үй-бүлөлүк баалуулуктар:**<br>– каада-салттар, нарк-насилдер, үлгүлүү жүрүм-турум эрежелери, үй-бүлө мүчөлөрүнө карата маданияттуу мамилелер, өз ара сыйлашуу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине ишеним көрсөтүүсү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине жоопкерчиликтүү болуусу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине ийкемдүү мамиле жасоосу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине кам көрүүсү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирин колдоосу;<br>– социалдык-экономикалык жактан камсыз болуусу;<br>– үй-бүлөнүн толук кандуулугунун сакталышы;<br>– үй-бүлөнүн моралдык, укуктук, руханий жактан коргоого алынуусу. |
| **Үй-бүлө мүчөлөрүнө тиешелүү милдеттер:**<br>**Атанын милдети:** Үй-бүлөнү материалдык жактан камсыздоо, руханий жана моралдык жактан колдоо, баланын социалдык жашоосуна катышуу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн инсандык укугун коргоо, үй-бүлөнүн эс алуусун уюштуруу, үй-бүлөлүк кеңешмени чогуу уюштуруу, баланы тарбиялоо процессине толук кандуу катышуу.<br>**Эненин милдети:** Үй-бүлөдөгү психологиялык жылуу жагдайды камсыздоо, үй-бүлөдө баланын инсан катары өнүгүүсүнө шарт түзүү жана кам көрүү, үй-бүлөлүк кеңешмени чогуу уюштуруу, балдарынын жетишкендиктерин өз убагында баалоо, үй-бүлөдө тамак-ашты өз убагында даярдоого жетишүү, үй-бүлөдөгү тазалыкты сактоого кам көрүү, үй-бүлөдө сергек жашоо образын түзүү. |

| |
|---|
| **Уул баланын милдети:** үй-бүлөдөгү турмуш тиричиликке байланыштуу иштерди аткаруу, үй-бүлө мүчөлөрүнө колдоо көрсөтүү, инсан катары өнүгүүгө умтулуу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ишенимине, колдоосуна ээ болуу, Үй-бүлөдө өткөрүлгөн иш-чараларга активдүү катышуу, үй-бүлөлүк кеңешмеге активдүү катышуу, ата-энеси менен кеңешип иш аткаруу, үй-бүлөлүк каада-салттарды урматтоо, сактоо.<br>**Кыз баланын милдети:** ата-энесине жакындан жардам берип, үй ичинин тазалыгын сактоо, үй-бүлөлүк кеңешмеге активдүү катышуу, ата-энеси менен кеңешип иш аткаруу, үй-бүлө мүчөлөрүнө ийкемдүү, мээримдүү, сүйкүмдүү болуу, үй-бүлөдө гигиеналык эрежелерди сактоо. |
| **Үй-бүлө мүчөлөрүнө тиешелүү сапаттар:**<br>**Атага тиешелүү сапаттар:** акыл-эстүүлүк, адептүүлүк, эрктүүлүк, жоопкерчиликтүүлүк, туруктуулук, түшүнө билүүчүлүк, даанышмандык, марттык, сабырдуулук, насаатчы болуу.<br>**Энеге тиешелүү сапаттар:** акыл-эстүүлүк, адептүүлүк, мээримдүүлүк, кичи пейилдик, кечиримдүүлүк, түшүнө билүүчүлүк, айкөлдүк, сарамжалдуулук, сабырдуулук, көрөгөчтүк, кеңешчи болуу.<br>**Уул балага тиешелүү сапаттар:** шамдагайлык, эр жүрөктүүлүк, чечкиндүүлүк, мекенчилдик, туруктуулук, чыдамкайлык, кайрымдуулук.<br>**Кыз балага тиешелүү сапаттар:** сезгичтик, мээримдүүлүк, уяңдык, аруулук, зиректик, күйүмдүүлүк. |

Ошентип, тарыхый-философиялык, педагогикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо бардык доорлордо социалдык-педагогикалык көйгөй болуп келген. Ошондуктан, өлкөбүздүн учур талабындагы билим берүү жана тааалим-тарбия процессинде мындай маселелерди чечүүгө багытталган иликтөө иштеринин зарылдыгы турат.

## Биринчи бап боюнча корутунду

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, дүйнөлүк педагогикалык казынаны байыткан ар бир элдин этномаданий мурасы, баалуу идеялары жана тажрыйбасы, коомду тарбиялоонун башатын түзгөн учурдагы үй-бүлөлүк турмушка даярдоо педагогикалык изилдөөлөрдүн актуалдуу проблемаларынан болуп эсептелет. Бул багыттагы изилдөөлөр жана үй-бүлөлүк социумдун маанилүүлүгү, коомдун социалдык саясатынын эң негизги тармагы болуп келгендигин көрсөтөт.

Орус изилдөөчүлөрү И.В. Гребенников, М.Г. Колодезникова, И.С. Кон, Б.Н. Попов, А.Н. Титаренко, А.Г. Харчев ж.б. үй-бүлөнүн баланын инсан болуп калыптанышына тийгизген таасири табигый жана социалдык биримдик катары жубайлардын ортосундагы өзгөчө мамилелердин жыйындысын камтыган спецификалык мүнөзгө ээ экендигине басым жасашат. Үй-бүлөлүк таасир уюшулган жана табигый педагогикалык кубулуш катары өзүнчө бир жыйындыны чагылдыргандыктан, анын спецификалык мүнөзү келип чыккандыгына басым жасашат. Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо маселеси аларга жакшы жүрүш-туруштун эреже-жоболорун, улуттук нукта ой-жүгүртүүнү үйрөтүү менен салттуу баарлашуу маданиятын түшүнүп кабыл алып, аны баалай билүүгө үйрөтүү зарылчылыгын жаратат. Ошондуктан, жогорку класстардын окуучуларын улуттук баалуулуктарды, каада-салттарды, нарк-насилдерди үйрөнүү аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоодогу окуучулардын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн иликтөө аркылуу бул проблемаларды чечүү үчүн окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча жаңыланган модель, окуу программасы зарыл экендиги аныкталды. Аларды педагогикалык жактан туура пайдалануу аркылуу учурдагы таалим-тарбия процессин байытууга боло турганын көрөбүз. Байыркы тарыхы бар кыргыз эли дагы жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоого байланыштуу улуттук жана этникалык үрп-адаттарга, каада-салттарга, улуттук мүнөз, жашоо-тиричиликти, турмуштук эрежелерди камтыган көөнөргүс руханий баалуулуктарга ээ.

# II БАП. ЖОГОРКУ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШКА ДАЯРДООНУ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА УСУЛДАРЫ

## 2.1. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун баштапкы абалын жана деңгээлин аныктоонун илимий методдору

Конкреттүү изилдөөлөрдүн натыйжасы, ошол изилдөөлөрдө колдонулган усулдардын топтомуна жана методологиялык негиздерине жараша аныкталат.

Педагогикалык изилдөөлөр изилденип жаткан теманын обьектисине ылайык методологияга жана методдорго таянып жүргүзүлөт.

Илимдин кайсы бир тармагында өз учурунда колдонулган усулдардын жыйындысы жана изилдөө усулдары ошол илимдин методологиясын аныктайт.

Илимий түшүнүк катары методология – бул илимий изилдөөнүн объектисин, предметин, принциптерин, формаларын, жолдорун аныктоочу, багыт берүүчү фундаменталдуу талапты билдирет.

Окумуштуу-педагог Н.А. Асипова бүгүнкү күндөгү методологиянын үч деңгээлин бөлүп көрсөткөн. Алар:

– бардык илимдерге тиешелүү мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого багытталган жалпы философиялык универсалдуу методологиялык деңгээл;

– тигил же бул илимге тиешелүү мыйзам ченемдүүлүктөрдү чагылдыруучу атайын методологиялык деңгээл;

– конкреттүү проблеманы чечүүдө айрым изилдөөлөрдүн обьектисине жана предметине байланыштуу конкреттүү методологиялык деңгээл [32].

Бул методологиялык деңгээлдер белгилүү бил илимдин объектине, предметине жана мазмунуна байланыштуу болуусу менен анын максат,

милдеттерин аныктоодо мааниси зор экендигин билдирет. Андыктан, изилдөөбүздүн объектине, предметине жана мазмунуна байланыштуу методологиялык жагдайларга таянуу менен педагогикалык изилдөө усулдарын тандоо иштерин жүргүздүк.

Теориялык анализ деңгээлинде элдик мурастардын тарыхый жана педагогикалык анализи көрсөткөндөй, үй-бүлөлүк жашоого даярдоо ар бир маданияттуу адамдын кызыгуусун жаратат. Анткени, үй-бүлөдөгү мамилелер, кесиптик мамилелердей эле, адамдардын өз ара мамилелеринин ичинен эң алдыңкылардын бири болуп эсептелинет.

Ошондой эле, Н.А. Асипова тарабынан аныкталган этнопедагогикалык, социалдык, инсанга багытталган парадигмалар да жаштарды үй-бүлөлүк жашоого даярдоодо кыргыз элинин таалим-тарбиялоо процессинин мазмунун жана технологияларын калктын нукура каражаттары менен байытууда теориялык негиз катары каралат [33].

Педагогикалык изилдөө усулдары изилдөө предметине жана обьектисине карата теориялык жана эмпирикалык болуп классификацияланат. Аларды биздин изилдөөбүздүн максат, милдеттерине ылайык колдонуу аракетинде болдук. Теориялык усулдар жалпысынан илимий булактарды анализдөө жана синтездөө менен коштолуп, жеке жана жалпы усулдар деп айырмаланышат.

**Жеке усул** – бул белгилүү бир ыкмалардын, эрежелердин, объектерди өздөштүрүү боюнча сунуштардын, көрүнүштөрдүн, далилдердин топтому. Мында өздөштүрүү түшүнүгү сезимталдуу жана рационалдуу таанып билүү катарында кабыл алынат. Тигил же бул усулду жеке усулдар түзүмүнө кошуу анын колдонуу чөйрөсүн чектөөнү билдирбейт. Жеке усулдун төмөнкүдөй түрлөрү бар: байкоо, өлчөө, сүрөттөө, салыштыруу, тажрыйба жүргүзүү.

Бул усул изилдөөнүн жүрүшүндөгү жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун учурдагы абалын анализдөөдө, бул маселеге

байланыштуу коомдогу карама-каршылыктарды салыштырууда, изилдөөчү тажрыйба иштерин жүргүзүүдө колдонулду.

Жеке усулдан айырмаланып жалпы усулдар изилдөө процессинин жүрүшүндө, ар башка илимдерде колдонулат. Жалпы усулдар жогоруда белгиленген эки чоң топту түзүп турат: изилдөөнүн эмпирикалык усулу жана теориялык усулу.

**Теориялык усул** – кыймыл аракеттин кандайдыр бир нерсени таанып билүүгө багытталгандыгы; карама-каршылыктарды аныктоо жана аны жөнгө салуу; көйгөйлүү маселени алып чыгуу; божомолдорду келтирүү; далилдөөлөр ж.б. Теориялык усулдар – теориялык жоболорду, тажрыйбага негизделген маалыматтарды интерпретациялоо, анализдөө жана жалпылоо үчүн кызмат кылат. Алсак, адабияттарды, архивдик маалыматтарды жана иш кагаздарды, изилдөөнүн негизги термин, түшүнүктөрүн, окшоштуктар усулун, божомолдоолорду келтирүүнү ж.б. теориялык жактан анализдөө. Бул усул окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык, психологиялык, тарыхый философиялык өбөлгөлөрүн аныктоодо жана бул багыттагы изилдөөлөрдүн теориялык негиздерин талдоодо, негизделген маалыматтарды интерпретациялоодо колдонулду. Теориялык усул үй-бүлө түшүнүгүнө тиешелүү болгон илимий эмгектерге анализ жүргүзүүгө, жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо элдик педагогиканын каражаттарын колдонуунун артыкчылыктарын белгилөөгө, алардын өз ара байланышын аныктоодо божомолдорду келтирүүгө жана келтирилген божомолдорду негиздөөгө себеп болду.

**Эмпирикалык усул** – изилдөөнү уюштуруу; тажрыйбага негизделген маалыматтарды чогултуу, классификациялоо жана изилдөөнүн борборунда болгон көйгөй боюнча баштапкы материалдарды жалпылоо. Изилдөөнүн эмпирикалык усулуна адабияттарды жана башка булактарды изилдөө усулу, байкоо, аңгемелешүү, сурамжылоо, социометриялык усул, тест, моделдештирүү усулу ж.б. кирет.

Эмпирикалык изилдөө усулу педагогикалык практиканы изилдөө менен ага олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизбестен изилдейт. Аталган усул педагогикалык практикага киргизүүгө мүмкүн болгон эң маанилүү мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана продуктивдүү жетишкендиктерди аныктоого багытталган. Эмпирикалык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжаларды сандар, конкреттүү далилдер (таблицалар, сүрөттөр ж.б.) түрүндө гана эмес, эмпирикалык жалпылоолор (жыйынтыктар) түрүндө дагы көрсөтүүгө болот.

Эмпирикалык усул – теориялык усул менен бирдей деңгээлдеги илимий изилдөөлөрдүн маанилүү бөлүгү. Кандай гана илим болбосун бул усулдарды колдонбой өсүп-өнүгө албайт. Эмпирикалык усул – эксперимент жана байкоонун жардамында изилденилип жаткан нерсе менен өз ара аракеттешүүнү болжолдогон тажрыйбага негизделген ыкманын негизинде курчап турган чындыкты илимий жактан таанып-билүүгө жардам берди.

Изилдөөнүн эмпирикалык усулу үй-бүлөлүк жашоонун тигил же бул көрүнүштөрүнүн өнүгүүсүн камсыздаган жалпыга бирдей мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоодо жана окумуштуу педагогдордун үй-бүлө түшүнүгүнө берген аныктамаларын, үй-бүлөнүн курамын, абалын иликтөө боюнча жүргүзгөн изилдөө иштерин талдап, аларды жалпылоодо колдонулду.

Ошондой эле, изденүүчү, аныктоочу, калыптандыруучу эксперименттердин жүрүшүндө окуучулардын үй-бүлөлүк жашоо жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн кошумча маалыматтар менен толукталып кеңейүүсү, үй-бүлөлүк жашоонун маанилүүлүгүн аңдап билүүгө жетишүүсү жөнүндөгү маалыматтар байкоо *жүргүзүүнүн негизинде ишке ашырылды.* Анкеталык сурамжылоо усулу окуучулардын үй-бүлө, үй-бүлөлүк турмуш, үй-бүлөлүк баалуулуктар, үй-бүлөлүк каада-салттар, үй-бүлөдөгү мамилелешүү маданияты, жөнүндөгү билимдерин, түшүнүктөрүн аныктоо максатында колдонулду.

**Сапаттык жана сандык усулдар** – сапаттык усул нерсенин табиятын көрсөтүүчү касиеттердин жыйындысы. Сандык усул – нерсенин өлчөмүн,

чоңдугун, сапатын аныктайт. Сапаттык усул салттуу түрдө нерсенин белгилерин сүрөттөө аркылуу бериле турган болсо, ал эми сандык өлчөмү менен санын аныктоодон турат. Нерсенин сапатын анализдөө менен изилдөөчү анын буга чейинки белгилүү болгон кайсы типке таандыктыгын, өзгөчөлүгүн жана нерселердин ортосундагы себеп-натыйжалуу көз карандылыкты аныктайт. Сандык анализдин милдети аталган өзгөчөлүктөрдү ченеп-өлчөөдө турат. Бул усул болсо, изилдөө ишибиздин үч этапта жүргүзүлгөн эксперименталдык тажрыйба иштеринин натыйжаларын аныктоодо, анкеталык сурамжылоонун натыйжасында алынган маалыматтарды анализдеп, пайыздык катыштарды чыгарууда жана алардын натыйжалуулугун, ишенимдүүлүгүн тастыктоодо колдонулду.

Биз өзүбүздүн изилдөөбүздө жогорку класстардын окуучуларын улуттук баалуулуктар аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча жогорудагы аталган усулдарды изилдөөнүн максатына ылайык колдонуу менен жалпы тыянактарды чыгарууга аракет жасадык.

Мындай изилдөөлөрдөн улам, педагогика илиминин натыйжалары төмөндөгүдөй негиздүү жыйынтыктарды чыгарууга негиз болот. Жогорку класстардын окуучулары алгач бой жеткен курактык мезгилде болуп, алар өздөрүнүн келечектеги кесиби, үй-бүлөсү, жашоо турмушу жөнүндө миң толгонуп, ой калчап, жашоодогу өз ордун табууга далаалатtanып, өзүнөн чоңдордун кеңешине, жардамына муктаж болуп турган мезгил болот. Мындай куракtagы баланын интеллектуалдык деңгээлинин өсүүсү жогорулайт. Демек, аларда келечектеги жашоо турмушуна болгон кызыгуулары да күчтүү жана абдан маанилүү маселе катары жашоосунун маңызын түзүп турат.

Бул куракта баланын дүйнөгө болгон туруктуу көз карашы, дүйнө таанымы калыптана баштайт. Балада инсандык, кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоо процесси жүрөт. Баланын жашоодо өзүн-өзү аныктоого болгон даярдыгы, анын баалуулук түшүнүктөрүнүн, эрктик сапаттарынын, өз алдынчалуулугунун жана жоопкерчиликтүүлүгүнүн өнүгүүсүнө негизделет.

Өткөөл куракта балдардын ата-энеси менен болгон эмоционалдык байланышынын ортосунда ажырым пайда болот. Мындай ажырымдын пайда болуусу бала менен ата-эненин ортосундагы түшүнбөстүк, пикир келишпестиктерге алып келүү менен бир топ карама-каршылыктарды жаратат. Алып карасак, ата-энелер балдардын өз алдынчалуулугун сындаса, өз кезегинде балдар ата-энелердин жүрүм-турумундагы карама-каршылыктарды сынга алышат. Бирок, убакыттын өтүшү менен мамилелер жогорку деңгээлде бекемделип, кайра калыбына келет.

Алгач бой жеткен мезгилдеги окуучулар акыл-эстик, физикалык жактан көп окуп, билим, билгичтиктерди өздөштүрүүгө жөндөмдүү болушат. Бул куракта алардын балалык мезгил менен коштошуп маданий чөйрөгө тартылуусу башталат. Бул мезгилдеги окуучулардын жүрүм-турумунда өспүрүм куракка мүнөздүү болгон өздүк жеке сапаттар, психологиялык өзгөчөлүктөр сакталат. Алардын айрымдарынын акыл-эстик процесстеринин өсүп-өнүгүүсү жогору болгону менен инсан катары өсүп жетилүүсү төмөн деңгээлде болуп, өтө жай жүрөт. Анткени, окуучулар аларды курчап турган дүйнө коркунучун, кыйынчылыктарын кылдат сезип, аң-сезимдүү түрдө инсан катары өсүп жетилүүгө бел байлоого шашылышпайт. Ал эми, айрымдары эрте жетилип, алардын чоң адамдардын чөйрөсүнө аралашуусу, ыңгайланышуусу, келечекке карай умтулуусу тез жүрөт.

Жогорку класстардын окуучуларынын өзүн-өзү аныктоо процесси убакытты жаңыдан кабыл алуу, өзүн-өзү баалай билүү, жүрүм-турумун жөнгө салуу, адеп-ахлактык туруктуулукка ээ болуу, курчап турган дүйнөнүн маани-маңызы жөнүндө ой жүгүртө билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу, негизги ишмердүүлүктүн түрлөрүнө карата аң-сезимдүү мамиле жасай билүү сыяктуу түшүнүктөр менен коштолот. Ошондуктан, мугалим улуттук баалуулуктар жөнүндө көптөгөн маалыматтарга жана каада-салттарга таянып, үй-бүлөлүк эрежелер аркылуу окуучулардын адебин, акыл-эсин, жүрүм-турум маданиятын жана дүйнө таанымын өнүктүрө алат.

Жогорку класстардын окуучуларын улуттук баалуулуктар аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо жогоруда белгиленген психологиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен калыптандыруучу эксперименталдык тажрыйба иштерин төмөнкү практикалык усулдардын жардамында жүргүздүк.

**Кырдаалдарды түзүү усулу** – окуучуларды татаал кырдаалга киргизүү, алардын милдети туура чечимди түшүнүү жана кабыл алуу, анын натыйжаларын алдын ала көрө билүү, башка мүмкүн болгон чечимдерди табууга негизделет.

Изилдөөбүздөгү бул усул көбүнчө сабактын жаңы темага өбөлгө түзүү этабында жаңы темага карата ар түрдүү мазмундагы кырдаалдарды түзүү менен жана жаңы теманы өтүүдө теманын максатына жана мазмунуна жараша кырдаалдарды түзүү менен ишке ашырылды. Бул усулду тандоодо кырдаал түзүү негизги ролду ойнойт. Аталган усул максатка тез жана натыйжалуу жетүүдө колдонулат. Түзүлүшү боюнча кырдаалдарды түзүү усулу көптөгөн ыкмалар жана жолдор менен айкалышкандыктан, салттуу жана жаңы ыкмалар, идеялар бири-бири менен тыгыз байланышта колдонулду. Аталган усул стандарттуу эмес чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзгөндүктөн, окуучулардын чыгармачылык менен ой-жүгүртүүсүнө түрткү берип, алардын активдүү позицияда болуусун камсыз кылды.

Кырдаалдарды түзүү усулу “Заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүгү” темасына арналган класстык саатта колдонулду. Мында заманбап үй-бүлө түшүнүгүн кененирээк, ар тараптан карап чыгуу үчүн окуучулар төрт тайпага бөлүнүшөт.

1-тайпа заманбап үй-бүлөлөрдүн курамы жөнүндө баяндап берет.

2-тайпа үй-бүлө куруунун негизги максаты жөнүндө (максаттардын маанилүүлүк деңгээли боюнча) айтып берет.

3-тайпа үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бири менен болгон өз ара мамилелешүүлөрүн карап чыгат.

4-тайпа заманбап үй-бүлөдөгү баалуулуктар системасы жөнүндө айтып берет. Бул үчүн аларга 5 мүнөт берилет.

Берилген тапшырмаларды аткаруу окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүү, стандарттуу эмес чечимдерди кабыл алуу, топто иштөөдө идеялар менен бөлүшүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт. Бир эле учурда окуучулар заманбап үй-бүлөнүн курамы, үй-бүлө куруунун максаты, үй-бүлөдөгү өз ара мамилелешүү жана андагы баалуулуктар системасы жөнүндөгү маалыматтарга ээ болушат.

**Ролдоштуруу усулу** – бул усул атайын программанын мазмунунда камтылган үй-бүлөдөгү өз ара мамилелерди жөнгө салуудагы, үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттерин аткаруудагы, үй-бүлөдөгү түрдүү кырдаалдарды жөнгө салуудагы көрүнүштөрдү ролдоштуруп аткаруу менен ишке ашырылды.

Роль – бул бала өз ыктыяры менен же чүчү кулак аркылуу тандап алган образ. Өзүн таанытуу, тигил же бул ролду тандоого умтулуу каалоосу баланын жандуу табиятына мүнөздүү көрүнүш. Ролдоштуруу усулунун чоңдор жана балдар тарабынан кабыл алынган төмөнкүдөй түрлөрү аныкталган: чоң адамдардын ролу, жалпылаштырылган типтеги кесиптердин ролу, балдардын ролу, этнографиялык ролдор, үй-бүлөлүк ролдор, жомок мүнөзүндөгү ролдор.

Бул усул коомдук-психологиялык даярдыктын диагностикалык, прогностикалык жана коррекциялык каражаты болгондуктан, эреже катары адамдардын мамилелерин өздөштүрүү чөйрөсүндө колдонулат. Аталган усул “Үй – бүлөдөгү кыз баланын жүрүм-турум адеби” – деген темадагы класстык саата окуучулар тарабынан “Жети кыз” аттуу сахналык көрүнүштү аткарууда колдонулду. Сахнага өз каалоосу боюнча жети кыз чыгат. Алардын ар бирине алдын ала сөздөр жазылган баракчалар берилет. Ар бир окуучу баракчадагы сөздөр менен таанышып, аны өзүнүн чыгармачылыгына жараша аткарышат.

**Сахналаштыруу усулу** – кызыкчылыгы бар адамдардын окуя болгон жерди жасалма түзүү же алмаштырып коюсу менен мүнөздөлөт.

Аталган усул калыптандыруучу эксперимент учурунда бул программанын мазмунундагы жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоону чагылдырган сахналык көрүнүштөрдү чагылдырууда колдонулду. Бул усул

окуучуларга окутуунун башка усулдары камсыз кыла албаган шарттарды түзүү менен кабыл алынган чечимдердин жыйынтыгын сынап көрүүгө жардам берди.

Сабакты сахналаштыруунун эки түрүн колдонууга болот: биринчиси – бул алдын-ала даярдалган сахналаштыруу; экинчиси – алдын-ала даярдалбаган сахналаштыруу. Мында сахналаштыруу кокусунан жана күтүүсүздөн окуу көйгөйлөрүн талкуулоо учурунда пайда болот.

Алдын-ала даярдалган сахналаштырууда көйгөйдү талкуулоо үчүн педагог кырдаалды өзү тандайт. Ал эми экинчисинде окуучулар белгилүү бир көйгөйдү чечүүдө кырдаалды өздөрү сунуш кылышат. Ал эми педагог окуу көйгөйүн коллективдүү аткарып сахналаштырууга жөндөмдүү болуусу керек.

Сахналаштыруу усулу педагогдон ар тараптуу даярдыкты, кырдаалды усулдук жактан туура иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгүн талап кылат.

Сахналаштыруу усулу "Үй-бүлө жана коом" темасына арналган тарбиялык сабактын жүрүшүндө окуучулар тарабынан "Сурамжылоолор жыйнагы" оюнун колдонууда ишке ашырылды. Мында алгач окуучулардын аткара турган ролдору (ата, эне, чоң ата, чоң эне, уулу, кызы) аныкталып, аларга оюнга керектелүүчү алдын-ала даярдалган каражаттар (көз айнек, газета, күзгү, телефон ж.б.) берилет. Оюндун катышуучулары каармандардын кейпине кирип, алардын коомдогу жүрүм-турум, темперамент, мимика, кыймыл жаңсоолорун, сүйлөй турган сөздөрүн тандап алышкан соң, каармандардын мамилесин сунуш кылынган көйгөйлүү кырдаалдарга карата билдиришти.

**Демонстрациялоо усулу** – ар бир сабактын негизги бөлүгүндө (жаңы теманы түшүндүрүү) дидактикалык материалдарды колдонуу менен теманын актуалдуулугунун жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу максатында топтордо иштөө аркылуу ишке ашырылды. Мында сабактын мазмунун түшүндүрүү процессинде көрсөтмө куралдар пайдаланылат.

Иллюстрация усулу – мында берилүүчү маалыматтарды толугу менен айтып берип, андан кийин көрсөтмөлүүлүк пайдаланылат.

Демонстрациялоо усулу “Үй-бүлөдөгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери” темасына арналган классттык саатта колдонулду. Мында окуучулар эки тайпага бөлүнүп, ар бир тайпа өз көз карашын жактоого, каршылаш тараптын келтирген далил, тыянактарын төгүнгө чыгарууга аракет кылышат.

1-тайпа “Д” (Далилдөөчү) үй-бүлөдө ар баланын өз милдеттери болуш керек деген көз карашты жактайт.

2-тайпа “Т” (төгүнгө чыгаруучу) үйдөгү милдеттер бала үчүн тоскоолдуктарды жаратат ал гана эмес зыян алып келиши да мүмкүн деген ойду далилдөө менен 1-тайпанын оюн төгүнгө чыгарууга аракет кылат. Ар бир тайпа өз оюн, көз карашын жактоо үчүн 5 тен кем эмес негиздүү далилдерди келтирүүсү шарт. Келтирилген далилдер окуучулардын чыгармачылыгына жараша видео, аудио, сүрөт, презентация, гезит, журналдардан алынган макалалар ж.б. түрүндө болушу мүмкүн.

**Мээге чабуул усулунда** талкуунун катышуучулары тарабынан көйгөйдү чечүүнүн бир нече жолдору сунуш кылынып жана алардын ичинен эң натыйжалуу деп эсептелгени тандалып алынат жана пайда болгон көйгөйлүү кырдалда тез жана натыйжалуу чечим кабыл алууну талап кылат.

Бул усул ар бир сабактын уюштуруу этабында окуучулардын активдүүлүгүн, көңүл буруусун бир багытка, жаңы маалыматтарды кабыл алууга багыттоо учурунда колдонулду. Бул усул болсо, чыгармачылыктуу активдүүлүктү жөнгө салуунун негизинде көйгөйдү чечүүнүн оперативдүү жолун табууга жардам берди. Белгилүү бир темадагы маселе боюнча тез арада ой жүгүртүү, бүтүм чыгаруу жана пикир туудуруу максатында колдонуп, мында талкуулоонун катышуучуларына чечим кабыл алуунун варианттарын тандалып, андан соң айтылган ойлордун ичинен эң эле натыйжалуу, иш жүзүндө колдонууга мүмкүн болгон мыкты идеялар тандалып алынды. Мээге чабуул – жаңы идеяларды издөө усулу катары, изилдөөнүн кийинки баскычына өбөлгө түздү.

Аталган усул “Үй-бүлөдөгү кыз баланын жүрүм-турум адеби” темадагы класстык саатта колдонулду. Мында окуучуларга бир нече макалдар берилет. Окуучулар берилген макалдардын маанисин чечмелеп, өз ойлору менен бөлүшүшөт.

**Тест усулу** – бул адамдын билим деңгээлин, жөндөмдүүлүктөрүн жана башка сапаттарын, ошондой эле катышуучулар тарабынан анализдөө жолу менен аткарылган тапшырмалардын белгилүү бир нормаларга дал келүүсүн аныктоо. Тест – бул изилдөөчүгө адамдын касиеттерин, психологиялык мүнөзүн, тигил же бул объектке карата мамилесин диагностикалоого шарт түзгөн стандартташтырылган тапшырмалар же бири-бири менен өз ара байланышкан тапшырмалар. Тестирлөөнүн жардамы менен изилденилип жаткан объектин кээ бир өзгөчөлүктөрүнүн өнүгүү деңгээлин аныктап, аны изилденилип жаткан объектин буга чейинки өнүгүү деңгээли менен салыштырууга болот.

Тест усулу үй-бүлөлүк тарбиянын эрежелери жана өзгөчөлүктөрүнө арналган класстык саатта колдонулду. Мында окуучулар келечектеги ата-эне катары тандап алган тарбиялоо позицияларынын канчалык деңгээлде туура экендигин аныктоого үчүн мугалим тарабынан сунуш кылынган тестти аткарышат. Тестте 15 ырастоо иретинде айтылган сүйлөмдөр берилет. Алардын баары тарбиялоо процессине тиешелүү болбосо да ар бир ырастоонун тушуна балл кою керектелет. Окуучулар сүйлөмдөр менен таанышып чыгып алардын көз карашына дал келген баллдарды коюшат. Ал үчүн төмөндөгү көрсөткүчтү пайдаланышат:

1 – такыр каршымын,

2 – макул болуудан алдың ойлонуп көрмөкмүн

3 – балким бул туура,

4 – толугу менен макулмун, менин оюм так ушундай

**Талкуу усулу** – сабактын негизги этабында, жаңы маалыматтарды кабыл алууда чакан топтордо же командада иштөө менен ал маалыматтарды биргелешип талкуулоо менен ишке ашырылды.

Талкуу усулу – класста чыгармачыл абалды жаратып, өз оюн эркин айта билүүгө, башка бирөөнүн пикирин сын көз менен кабыл алууга жана сыйлоо сыяктуу жөндөм-сезимдерин өркүндөтүүгө багытталган инсан таламдуу усул болгондуктан, өтүлгөн сабакты жадысынан чыгарбай, эске бекем сактап калуу жагынан өзгөчө үзүрлүү болду. Анткени, өтүлгөн теманы кайталап айтып бере алуу ал билимди бекем өздөштүрүүнүн бирден бир белгиси. Талкуу усулунун таасирдүүлүк даражасын арттыруу үчүн эң обол анын туура пландаштырылышы б.а. мугалимдин жана талкууга катышкан окуучулардын иш-аракеттеринин өз орду менен болушу эске алынды.

Аталган усул “Үй-бүлөлүк тарбия жана анын стилдери” аталыштагы класстык саатта колдонулду. Мында окуучулар берилген кырдаалдын үстүндө талкуу жүргүзүшөт. Ар бир окуучу кырдаалга карата өз пикирин, көз карашын билдирет. Ошондой эле талкуу усулу топтордо иштөө учурунда активдүү колдонулду. Мында окуучулар 3 топко бөлүнүп, үй-бүлөдө тарбиялоо стилдеринин бирин тандап алышат. Топтордун тандап алган стилдерине жараша аларга таркатма барактар берилет. Таркатма баракта үй-бүлөдөгү тарбиялоо стилдери жөнүндө маалыматтар жазылган.

Топтун катышуучулары өздөрү тандап алган тарбиялоо стили менен таанышып чыгып, аны башка топторго түшүндүрүү аркылуу айтып беришет. Окуучулар тарбиялоонун стилдери жөнүндө маалыматка ээ болгон соң, ар бир стилдин оң, терс жактары, кайсы стил кандай учурда колдонулаары жана кайсы стил көбүрөөк натыйжалуу болоору жөнүндө талкуу жүргүзүшөт. Талкуунун жүрүшүндө айтылган мыкты ой пикирлер ватманга жазылуу менен аткарылат.

**Каталардын үстүнөн иштөө** – окуучулардын жол берилген кемчиликтерди анализдөө жана түзөтүүгө багытталган иши болуп саналат.

Анын негизги максаты – текшерилүүчү тапшырманы аткарууда катачылыктарды жана так эместиктерди иштеп чыгуу болуп саналат. Ал

окуучулардын билим билгичтиктериндеги боштуктарды өз убагында жоюуга, толуктоого алынган билимдерди жалпылап, бекемдөөгө мүмкүндүк берет.

Мугалимдин бул ишмердүүлүккө чыгармачылык менен мамиле кылуусу балада каталыктарга, жаңылыштыктарга карата туура мамиле жасай билүү, алар менен иштей билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт. Каталардын үстүнөн иш жүргүзүүнүн натыйжасындагы жыйынтыктоочу баа даярдыктын чыныгы деңгээлин чагылдырууга түрткү берет. Бул усул өтүлгөн сабактардын жыйынтыктоо этабында сабактын жүрүшүн анализдөө менен ар бир окуучунун катышуусун баалоодо колдонулду.

**Окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруп окутуу усулу** – окуучулардын китеп менен иштөөлөрүн, ар түрдүү дил баян, реферат, доклад жазууларын, татаал маселелерди чыгарууларын, далилдерди келтирүүлөрүн, моделдердин конструкцияларын түзүүлөрүн, көрсөтмө куралдарды даярдоолорун уюштурууда колдонулуп, окуучулардын өз алдынча аткарууга берилген үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү билимдерин бышыктоодогу чыгармачыл аракеттерин өнүктүрүүгө жардам берди.

**Көйгөйлүү окутуу усулу** – бул усулдун өзөктүү мазмуну өздөштүрүлүп жаткан билимдердин натыйжалуулугун арттыруу үчүн максаттуу иштерди пландаштыруу, ал максатка жетүү үчүн тандалып алынган усулдарды жана көйгөйлүү кырдаалдарды сабактын этабына жараша колдонуу. Бул усул “Үй-бүлө түшүнүгү жана анын маани, маңызы” – деген темадагы класстык саатта колдонулду. Мында окуучулар 5 тайпага бөлүнүшөт. Ар бир тайпага үй-бүлө түшүнүгүн шарттаган түшүнүктөр, көйгөйлүү кырдаалдар жазылган барактар таркатылат. Окуучулар андагы маалыматтар менен таанышып чыгып тайпа менен бирге талкуулап, үй-бүлө түшүнүгүнүн азыркы абалын, үй-бүлөлүк жашоодо кездеше турган көйгөйлөрдү аныкташат жана ал көйгөйлөрдүн себептерин, кандай жыйынтыкка алып келээрин айтышат. Ошону менен биргеликте пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү, алдын алуу жолдорун сунушташат.

**Оюнга негиздеп окутуу усулу** – "Үй-бүлөдөгү кыз баланын жүрүм-турум адеби" темасына арналган классттык саатта, окуучулардагы чымыркануу сезимин жоготуу максатында, "Сыйкырдуу стул" оюнун колдонууда ишке ашырылды. Оюндун шарты боюнча сыйкырдуу стулга отурган адам жалаң жакшы сөздөрдү гана сүйлөйт. Окуучулар кезеги менен стулга олтурушат жана башка окуучуларга жылуу сөздөрдү айтышат. Ал эми "Үй-бүлө, коом жана мен" темасына арналган тарбиялык саатта үйдүн макетин куруу үчүн окуучуларга "куруучулар" оюнун ойноо сунуш кылынат. Ал үчүн окуучулар 3 топко бөлүнүшөт. Ар бир топтун катышуучулары куруучулар болуп саналат. Окуучулар ойлоо, элестеттүү сыяктуу жөндөмдүүлүктөрүнүн негизинде үйдүн макетин курууга киришишет. Ар бир топко өзүнчө тапшырма берилет:

1-топтун катышуучулары курулуш үчүн керек болгон атайын куюлган кыштарга "үй" түшүнүгү менен байланышкан сөздөрдү жазып чыгышат. М: үй – бул турак үй, чеп, сепил ж.б.

2-топтун катышуучулары атайын куюлган кыштарга үйдүн пайдубалын түзгөн бир нече этикалык түшүнүктөрдү жазышат. М: өз ара түшүнүшүү (үй-бүлөдөгү мамилелердин бекем болуусу үчүн дагы эмнелерди сунуш кылууга болот?)

3-топтун катышуучулары үй-бүлөлүк жашоодо кездеше турган чыр-чатактуу кырдаалдарга карата "Коопсуздук эрежесин" ойлоп табышат. Учурдагы ааламдашуунун талабына ылайык жашоо бизден үй-бүлөнүн кандай гана кадамы болбосун өзгөчө көңүл бурууну, көптөгөн күч-аракет сарптоону талап кылат. Андыктан эмне кылууга болот?, эмне кылууга болбойт? – деген суроого жооп табууга аракет кылышат. Аталган оюн окуучулардын элестетүү, чыгармачылык, топто иштөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт.

**Лекция усулу –** көлөмдүү материалды узакка созулган убакыт ичинде түшүндүрүү. Атайын түзүлгөн программанын ар бир темасына байланыштуу маалыматтар лекция усулу менен ишке ашырылды.

**Салыштыруу усулу** – эки же андан ашык предметтерди белгилери боюнча салыштыруу, алардын ортосундагы айырмачылыктарды, жалпылыктарды аныктоо.

Салыштыруу усулу “Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк каада-салттар” темасына арналган класстык саатта “Идеалдуу үй-бүлөнүн элеси” жадыбалын толтурууда колдонулду. Мында окуучулар өлкөдөгү коомдук-саясий, экономикалык, маданий шарттардын идеалдуу үй-бүлөнүн элесине тийгизген таасирин аныкташат. Ал үчүн окуучулар идеалдуу үй-бүлөнүн орто кылымдардагы, XX кылымдын ортосундагы жана азыркы учурдагы элеси, абалын изилдеп жадыбалды толтурушат. “Идеалдуу үй-бүлөнүн элеси” жадыбалын толтуруп бүтүшкөн соң, андагы айырмачылыктарды, өзгөрүүлөрдү салыштырып, өзгөчөлүктөрдү белгилешет. Ал эми “Ар түрдүү муундагы баалуулуктар системасы” жадыбалындагы “Менин баалуулуктарым” бөлүгүнө окуучулар өздөрү үчүн маанилүү болгон баалуулуктарды, “Менин ата-энемдин баалуулуктары” бөлүгүнө алардын ата-энелери үчүн маанилүү болгон баалуулуктарды жазышат жана андагы айырмачылыктарды салыштыруу усулу аркылуу белгилеп көрсөтүшөт.

**Модель түзүү усулу** – калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыктоо этабында иштелип чыккан атайын программанын натыйжаларын аныктап, корутундуларды чыгарып, практикалык сунуштарды иштеп чыгуу жана изилдөөнүн жыйынтыгын таблица аркылуу мүнөздөө менен практикаланды.

Изилденип жаткан объект жөнүндө анын ордун алмаштыруучу окшоштуктар аркылуу маалымат алуу үчүн колдонулган бул усул образдуу же материалдуу түрдө болуп, изилдөөнүн негизги маңызын түзүп турган жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун моделин түзүү менен ишке ашырылды. Теорияда моделдөөнүн эки түрү бар:

1) идеалдуу (ойлоо, элестетүү аркылуу) моделдөө. М.: сүрөт, белги, математикалык түшүнүктөр түрүндө;

2) материалдуу моделдөө. М.: макет, муляж, тажрыйба жүргүзүү үчүн окшош предметтер. Моделдөө усулу изилдөөнүн жыйынтыгы предметтин мазмунун өзгөртүүнү талап кылган учурда колдонулат.

Модель түзүү усулунун идеалдуу моделдөө түрү “Үй-бүлө, коом жана мен” темасына арналган тарбиялык саатта колдонулду. Мында окуучулар үйдүн моделин түзүү аракетинде үй куруу үчүн керек болгон бардык материалдарды даярдап, үйдү куруу этаптарын элестетүү менен логикалык ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Ар бир топтун курулуш башчылары чыгып, өз долбоорун коргоо менен аткарылган иш-аракеттерге баа беришти жана анализ жүргүзүштү.

**Жоон суроолорду жана ичке суроолорду түзүү ыкмасы** – бул окуучулардын тема боюнча өз ара сурамжылоо жүргүзүүлөрүн уюштуруу жолу. Мында ичке суроолор “ооба”, “жок” жооптору менен шартталса, ал эми жоон суроолор тапшырманын үстүнөн терең ойлонууну, кошумча билимдерди издөөнү, маалыматтарды анализдөөнү шарттайт.

Бул усул сабактын жүрүшүндө берилип жаткан маалыматтардын жеткиликтүү болушу үчүн ойлонууну талап кылган тар жана кең маанидеги суроолорду түзүү менен конкреттүү тыянактарды чыгаруу максатында иштиктүү колдонулуп, өздөштүрүлгөн билимдердин натыйжалуулугун арттырууга өбөлгө түздү.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөө ишинде колдонулган жалпы илимий теориялык жана эмпирикалык усулдар жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун баштапкы абалын аныктоодо диагностикалык каражат катары пайдаланылды. Ал эми, калыптандыруучу тажрыйбалык иштерди жүргүзүүдө билим берүүнүн жана таалим-тарбия процессинин натыйжалуулугун арттыруу үчүн негизги дидактикалык каражат катары максаттуу колдонулду.

## 2.2. Жогорку класстын окуучуларын элдик салттардын негизинде үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун модели жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары

Элдик мурастардын тарыхый жана педагогикалык анализи көрсөткөндөй, үй-бүлөлүк жашоого даярдоо ар бир маданияттуу адамдын кызыгуусун жаратат, анткени, үй-бүлөдөгү мамилелер, кесиптик мамилелердей эле, адамдардын өз ара мамилелеринин ичинен эң алдыңкылардан бири болуп эсептелинет.

Эл аралык нормаларга жана стандарттарга жана ошондой эле учурдагы чыныгы кырдаалдарга таянсак, социалдык-педагогикалык саясаттын багыттарынын бири катары эмгек рыногундагы атаандаштыкты жогорулатуу максатында жаштардын кесиптик жана турмуштук жактан өзүн-өзү аныктоосуна багытталган толуктоочу билим берүүчү программаларды билим берүү мекемелерине киргизүү керек экендигин көрсөтөт. Мындай программалар инсандын социалдык ролдор системасындагы социалдык-психологиялык даярдыгын, социалдык процесстер аркылуу мажбурлоочу шарттарга жараша өзүнүн жүрүм-турумун өзгөртүү жөндөмүн, түрдүү чөйрөлөргө эркин аралашуу жана түрдүү социалдык ролдорду аткаруу мүмкүнчүлүгүн аныктайт.

Мунун себеби, үй-бүлө – заманбап коомчулуктун бардык проблемаларын чагылдырган, татаал жана динамикалык түрдө өнүгүп турган социалдык институт болуп эсептелгендигинде жатат.

Жаңы жүрүм-турумдук эреже-нормаларга жана баалуулуктарга багытталууларынын калыптануусу социалдык компетенттүүлүк түшүнүгү менен түздөн-түз байланыштуу. Социалдык компетенттүүлүктү жеке жетилгендиктин өлчөмү катары, башкача айтканда, инсандын сезимдери, ойлору жана аракеттеринин ортосундагы карама каршылыктын жоктугу, социалдык институттар жана мекемелердин ишмердүүлүгүнүн алкагында турмуштук кырдаалдарды анализдөө мүмкүнчүлүгү катары жана бул билгичтиктерди өзүнүн жүрүм- турумун жөнгө салуу схемасына кошуу катары кароого болот [56].

Шаарда да, айыл жергесинде да заманбап жашоого өнүгүүнүн төмөнөгүдөй

тенденциялары мүнөздүү: үй-бүлөнүн нуклеаризация процесси – калктын санын көбөйтүү функциясын аткарбайт (бир балалуу, аз балалуу жана толук эмес үй-бүлөлөрдүн саны көбөйөт); үй-бүлөдөгү салттуу жүрүм-турум нормаларынын ролу алсыз абалга келет жана мунун натыйжасында үй-бүлөдөгү тарбиялык потенциал төмөндөйт; бара-бара жубайлар ортосундагы эгалитардык мамилелер, башкача айтканда бийлик менен милдеттерди өз ара бөлүштүрүү кеңири тарап баштады; үй-бүлөнүн турмуштук функциясы калыбына келүүдө [165]. Калктын ден соолугу начарлап жашоо мөөнөтүнүн азая баштаганы байкалууда.

Жаштардын репродуктивдик ден соолугунун абалы, наристелердин, энелердин өлүмүнүн көбөйүүсү жана буларга себепкер болгон эрте жашта жыныстык мамилелерде болуу, аборт; жыныстык мамилелер, жеке гигиена, сактануу жөнүндөгү маалыматтын жоктугунан улам келип чыккан венерикалык ооруулар адистердин өзгөчө тынчын алат [24].

Бирок, жогорку класстын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун мазмунун, формаларын жана методдорун аныктоодо көп улуттуу өлкөбүздүн аймактарындагы табигый, этникалык, социо-маданий өзгөчөлүктөр жетиштүү түрдө эске алынган эмес.

Жогорку класстын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун негизги принциптери – табигый зиректик, маданий зиректик жана гуманизация (Л.И. Аманбаева [18], Б.Н. Попов [165], К.Д. Уткин [199] ж.б.) сыяктуу педагогиканын негизги принциптери эсептелет.

Изилдөөнүн үчүнчү милдетине ылайык жогорку класстын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун моделин иштеп чыгуудан мурда “модель”, “моделдештирүү” түшүнүктөрүн социалдык реалдуулук фрагменттеринин аналогдору болуп эсептелген объекттерди изилдөөнүн методу катары карап чыгабыз.

**Модель** – бул реалдуу объекттин (түп нуска) кээ бир касиеттерин чагылдырган анын окшоштугу. Модель – бул реалдуу объекттин, процесстин же кубулуштун маанилүү өзгөчөлүктөрүн чагылдыруучу жаңы жөнөкөйлөтүлгөн объект.

Моделдөө – бул объектти, процессти же кубулуштарды үйрөнүүдө жана изилдөөдө алардын моделдерин түзүү.

**Моделдештирүү** – берилген объекттин моделин түзүү жана аны анализдөө (математикалык, кибернетикалык, имитациялык) аркылуу изилдөө.

Биз сунуштап жаткан модель жогорку класстын окуучуларынын үй-бүлөлүк жашоо, ата эненин үй- бүлөлүк тажрыйбасы жана үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун функциялары (социалдык, турмуш-тиричилик, маданий, адаптивдүү, интегративдүү, технологиялык, ориентирдик, мотивациялык функцияларды ишке ашыруу аркылуу) жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн негизинде педагогдор, ата-энелер жана жогорку класстардын окуучуларынын өз ара мамилелерин камтыган компоненттер жана түзүлүштөрдүн өз ара таасир тийгизүү процессин ишке ашыруу аркылуу окутуу-тарбиялоонун толук кандуулугун сактоону камтыйт.

Билим берүүнүн жалпы дидактикалык теориясынын негизинде Кыргыз Республикасынын аймактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жогорку класстын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даяроо моделинин структуралык компоненттерин иштеп чыктык.

Моделдин структуралык компоненттерине төмөнкүлөр кирет:

– Үй-бүлөнүн социалдык маңызын жана анын функцияларын; элдик үй-бүлөлүк-никелик салттарды; үй-бүлөдө жана коомчулуктагы жүрүм турум нормаларын; инсандын жана үй-бүлө психологиясын; үй-бүлөнүн функционалдык иш-милдеттерин; болочок үй-бүлөдө зарыл болуучу коммуникативдик, уюштуруучулук, турмуш-тиричилик, педагогикалык билим жана билгичтиктерди билүү;

– Билимди, жөндөм жана билгичтиктерди үй-бүлөдөгү конкреттүү мамилелерге айландыруу жана үй-бүлөнүн иш-милдеттерин уюштуруу тажрыйбасы;

– Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын биримдигинин негизинде үй-бүлөдөгү жүрүм-турум нормалары жана эрежелери, адептик ориентирлер, ынанымдар, мамилелер.


**Максат:** жогорку класстардын окуучуларын кыргыз элинин баалуулуктарынын негизинде үй-бүлөлүк турмушка даярдоо
Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун функциялары
Мотивациялык
Ориентирдик
Адаптациялык
Турмуштук
Маданий
Социалдык
Технологиялык
Системалуу
Мамилелер
Инсан таламдуу
Социалдык-педагогикалык
**Педагогикалык шарттар**
Этнопедагогикалык
Окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдык көндүмдөрүнүн калыптануусу
Мектептин, үй-бүлөнүн, коомдун кызматташуусу
Элдик педагогиканын салттарын, методдорун, формаларын жана каражаттарын заманбап билим берүү процессине интеграциялоо
Окуучунун өзүнүн жеке сапаттары жөнүндө ой жүгүртүүсүнүн элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу ишке ашырылуусу
Социалдык таасирлердин активдүү формаларын жана методдорун колдонуу
Үй-бүлөнүн баалуулуктарын, элдик нарк-насилдерди баалоо
**Элдик педагогиканын методикалык интерпретация потенцииалы**
Когнитив-дүү
Мотивдер, керектөөлөр, жүрүм-турум нормалары
Эмоционалдук баалуулуктар
Окутуунун, мазмуну, каражаттары, формалары
Принцип-тер
Жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлөлүк турмушка даярдыгынын диагностикасы
**Жыйынтык:** Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдыгы

**Сүрөт 1. Жогорку класстын окуучуларын кыргыз элинин салттарынын негизинде үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун модели.**

Моделде көрсөтүлгөндөй, жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандырууга таасир этүүчү факторлор мектеп турмушу, коомчулук, үй-бүлөлүк турмуш жана бул чөйрөлөрдүн жекече жашоо образдары, ошондой эле негизги көңүл бурууга муктаждык жараткан элдик педагогикалык салттык өрнөктөр болуп эсептелет.

Жогорку класстын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун педагогикалык шарттарын камсыздоо эң алгач жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруусуна социалдык жактан маанилүү болуп эсептелген ыкмалар аркылуу кыргыз элинин үй-бүлөлүк салттарынын негизинде, инсандын жакшы сапаттары, социалдык кырдаалдар жана үй- бүлөнүн социалдык статусунун өзгөрүүсүн эске алуу менен жардам берүүдө турат.

Коюлган максаттарга үй-бүлөлүк тарбиядагы этнопедагогикалык тажрыйбаны (А.А. Григорьева [72], Б.Н. Попов [164], К.С. Чиряев [212] ж.б.) колдонуу аркылуу жетүү мүмкүн.

Ошондой эле, жалпы билим берүү системасынын мамлекеттин экономикалык функциясын, башкача айтканда квалификациялык булактарды системалуу түрдө чыгаруу милдетин аткараарын да белгилөө керек.

Мектепте билим берүүнүн формалары, усулдары жана анын мазмунундагы топтолуп калган карама-каршылыктар жана проблемалар анын парадигмасын өзгөрттү. Билим берүүнүн инсанга багытталгандыгы жана аны гуманизациялоо анын негизи болуп калды, ошондуктан, биз билим берүүнү төмөндөгүдөй оптимизациялоо аркылуу жаштарды үй-бүлөлүк жашоого даярдоону моделдештирүү үчүн пайдаланабыз:

– мектепте билим берүүнүн мазмунун либерализациялоо, вариативдүүлүктү, интегративдүүлүктү практикалоо;

– инсанга багыттоочу технологиялардын эсебинен мектеп окуучуларын

окутууну жана тарбиялоону активациялоо;

–билим берүү технологияларын либерализациялоонун, автордук (жеке) методикалык программаларын түзүү жана өз алдынча педагогикалык чечимдерди кабыл алуу;

– окутуунун формасын жана усулдарын либерализациялоо.

Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоону моделдештирүү учурунда билим берүүнү гуманизациялоонун төмөнкү аспектилерин эске алуу маанилүү:

– билим берүүнүн максаты – мектеп окуучусунун инсанын өнүктүрүү;

– жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун функциялары, принциптери жана аларга жасалган мамилелер;

– окутуунун ишмердүүлүк-проблемалык формасы.

Ошентип, үй-бүлөлүк жашоого даярдоо үчүн мүнөздүү болгон төмөнкү эрежелер гуманистик парадигманын пастулаттары болуп калышат:

– адам – бардык буюмдардын жана процесстердин чени;

– билим берүүнүн-цивилизациянын өнүгүүсүнүн булагынын негизги максаты – рухий жактан жетилген, жеке үй-бүлөнү курууга адептик маданияты жогору, компетенттүү, социалдык активдүү жана адаптацияланган, кадыр-барк сезими бар, башка адамдар менен эффективдүү өз ара аракеттенүүчү, кесиптик ишмердүүлүк шарттарында жана инсандык социалдык үй-бүлөлүк өз ара аракеттерде өзүн ыңгайлуу сезген адамды калыптандыруу;

– бүтүрүүчүнүн квалификациялык мүнөздөмөлөрү зарыл болгон окуу сапаттарын жана ошондой эле инсандык өзгөчөлүктөрүн да ырастайт.

Гумандаштыруунун каражаттарын издөөдө үй-бүлөлүк жашоого даярдоо адам инсанынын өз баалуулуктарына, анын ички ресурстарына жана өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө таянат. Мектеп билим берүүсүн гуманизациялоо окуучуларды үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун анын мазмунун социалдык компетенцияны жогорулатууга, инсандар аралык жана үй-бүлөлүк мамилелерди гумандаштырууга, адамдын социалдык муктаждыктарын канаттандырууга, чыгармачылык ой

жүгүртүүнү калыптандырууга, сезимдер, эрк, эмоциялар жана үй-бүлө курууга жоопкерчилик менен мамиле кылууга өбөлгө түзөт.

Системалуу, инсанга багытталган, социалдык-педагогикалык, этнопедагогикалык мамилелер билим берүүнү гуманизациялоо шарттарында мектеп окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоону уюштуруунун жалпы формасы катары чыгат. Системалуу мамиле үй-бүлөлүк жашоого даярдоо процессинде изилденип жаткан обьектинин өнүгүүсүнүн, компоненттердин өз ара байланышын жана аларга функционалдык шарт коюунун диагностикасын камсыз кылат. Үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун окуу-методикалык комплексин иштеп чыгууда окутуунун программасы, диагностикалык усулдук топтомдору, окуучулардын түшүнүктөрү, социалдык-педагогикалык тренингдери, үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун окуу-методикалык комплекси педагогдордун, ата-энелердин жана окуучулардын өз ара аракеттенүү системасында пайдаланылат.

Билим берүүнүн өнүгүүсү экономикалык, социалдык, тарбиялык, педагогикалык жана психологиялык маселелерди чечүүгө багытталып, алдын ала аңдай билүүчүлүк сапаттарынын өнүгүүсүнө шарт түзөт, калктын экономикалык жана социалдык ийкемдүүлүгүн арттырат, экономикалык өркүндөө деңгээлине таасирин тийгизет.

Жогорку класстын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн төмөндөгүлөрдү эске алуу зарыл:

– өсүп келе жаткан муундун, аялдардын жана эркектердин намыс жана кадыр-баркын калыптандырууну камтыган адептүүлүк тарбиясынын баалуулуктары (аруулук, тазалык, берилгендик, ак ниет, чынчылдык, эмгекчилдик, меймандостук, улууларды урматтоо, адамгерчиликтүүлүк, ыйман, жароокердик, жакын адамдар татаал шартта калган учурда жардам берүү). Ушул сапаттардын бар же жок болгондугу инсандын тарбиялуулугунун көрсөткүчү, анын руханий-адептик жактан жетилгендигинин критерийи катары кабыл алынган;

– улан жана кыздарды тарбиялоонун дифференциацияланган мамилеси (жыныстар аралык өз ара байланыш тууралуу маданияттын, үй- бүлөдө жана

коомдо эркек менен аялдын ролу жана жүрүм-турумунун калыптануусу);

– элдик педагогиканын усулдарынын, каражаттарынын жана ыкмаларынын натыйжалуулугу. Изилдөөбүздө бул аспект төмөндөгү далилдер менен коштолот: жаш уландар жана кыздар бойго жеткен учурда үй-бүлө куруу жана анын функцияларын орундатуу үчүн зарыл болгон билгичтик жана жөндөмгө ээ болушкан;

– башка элдердегидей эле кыргыздарда да эне культу (аял – үйдүн куту) жогорку деңгээлде өнүккөн. Үй-бүлөнүн тиреги катары атанын авторитети жогору болгон, натыйжада ата-эненин үй-бүлөдөгү кадыр баркы, балдардын жана неберелердин аларга көрсөткөн сый урматы камсыздалган;

– балдардын никелүү гана үй-бүлөлөрдө төрөлүүсү, никелүүлөрдүн бири-бирине берилгендиги, туруктуу жана узак ниет, коомдогу демографиялык тең салмактуулукту сактоо, ден соолугу чың балдардын төрөлүүсү, жетим жана жесирлерге кам көрүү идеялары терең бааланган.

Натыйжада кыргыз коомунда кедейлик, кароосуз калган, үйсүз адамдар, бузулгандык, уурулук сыяктуу терс көрүнүштөр болгон эмес. Туруктуу жана бекем тууугандык мамилелер салттуу түрдө сакталган.

Заманбап шарттарда жогорку класстардын окуучулары жана жаш курактагы балдар эң оор абалда калууда. Жаштардын өзүн-өзү аныктоо, өзүнө-өзү ишенүүгө умтулуу, өзүн-өзү өнүктүрүү зарылдыгы бир жактан коомдо орун алып жаткан процесстер аркылуу стимулдаштырылат, экинчи жактан социалдык-билимдик мамилелер системасындагы өз ордун аныктоодо социалдык колдоонун жоктугу менен чектелет.

Бат жүрүп жаткан илимий-техникалык, маданий, социалдык өзгөрүүлөр тарбия жана билим берүү системасынын өзгөчөлүктөрүн өзгөртүүдө. Аны учурдун жаштары өз алдынча иш аткаруу жана чечим кабыл алууну үйрөнүүсүнө багыттоо керек. Буга чейин билим берүү жана тарбия ишинин ийгилиги билимди, жөндөмдөрдү жана баалуулуктарды жаңы муунга өткөрүп берүүдөн көз каранды болгон. Ал эми, азыр жаштарды трабиянын обөекти катары эмес, социалдык

ишмердүүлүктүн субъекти катары кабыл алып мамиле кылуу керек жана ал үчүн билим берүүнүн гуманизм жана инсан таламдуу өзгөчө программаларын иштеп чыгуу талап кылынат.

Калыптануу этабында жаштар коомдук жашоого, мурдагы түшүнүктөргө караганда айырмаланган баалуулуктары жана эрежелери бар дүйнөгө кадам ташташат. Заманбап коомдо жаштар биринчи жолу “антагонисттик баалоолор” менен бетме бет келишет. Ю.Мельдин оюу боюнча, социалдык компетенттүүлүккө үйрөтүү – төмөндөгүлөрдү аткаруу мүмкүнчүлүгүн берген каражаттарга ээ болуу дегендикке жатат:

–өзүнө байланыштуу чечимдерди кабыл алуу жана өзүнүн сезимдерин жана талаптарын түшүнө билүүгө умтулуу;

–жагымсыз сезимдерди жана ишенимсиздикти унутуу;

–максатты ишке ашыруунун жолун билүү;

–башкалардын каалоолору, тилектери жана талаптарын туура түшүнүп, алардын укуктарын эске алуу;

– социалдык түзүлүштөр жана мекемелер тарабынан аныкталган чөйрөнү жана алардын өкүлдөрүнүн ролун анализдеп, бул билимди практикада колдонууга үйрөнүү;

– ар түрдүү кырдаалда жана ар кандай чөйрөдө өзүнүн жүрүм-турумун башкара билүү;

– социалдык компетенттүүлүктүн коомдогу карама-каршылыктар менен байланышынын жоктугун аңдап билүү менен бөтөн адамдардын укуктарын жана милдеттерин сыйлай билүүсү [139].

Социалдык компетенттүүлүк түшүнүгү жалгыз гана адамга болгон ишенимге жана анын натыйжалуулугуна эмес, ошондой эле, чечилүүгө муктаж болгон маселелердин, жагдайлардын талаптарына байланыштуу.

Окутуу процессинде жүрүм-турумдун жаңы моделдерин түзүүгө багытталган социалдык программаларды иштеп чыгуу, бүтүрүүчүнү үй-бүлөлүк жашоого даяроо маселесине карата жаңы мамиле жана анын маанилүүлүгүн жогорулатуу

жаштарды жаңы социалдык-экономикалык шарттарга көнүктүрүү процесстерин оптималдаштырууга өбөлгө түзөт. Ошондуктан, бардык орто билим берүүчү мекеме жана мектептердин бүтүрүүчүлөрү, өзгөчө өз алдынча жашоого даяр болуусу үчүн, билимдүү гана эмес, социалдык жактан компетенттүү да болуусу керек.

Үй-бүлөлүк өзгөрүүлөрдүн мүнөзү жана алардын социалдык-экономикалык жана башка процесстерге тийгизген таасири, биринчиден, үй-бүлөнүн негизги социалдык функцияларынын аткарылбоосу кеңири таралгандыгына байланыштуу. Экинчиден, көпчүлүк өлкөлөрдө үй-бүлөнүн мекемелик өзгөрүүлөрүнүн конкреттүү формаларын эске алганда дүйнө жүзүндө бирдей көрүнүштөр орун алууда, тагыраак айтканда, үй-бүлөлүк өзгөрүүлөрдүн мүнөзү жана динамикасынын жалпы социалдык-экономикалык өнүгүү зарылдыгына шайкеш келбегендигине байланыштуу [166].

Ошентип, жогорку класстын окуучуларын келечекте үй-бүлө куруучу жаштар катары социалдык, үй-бүлөлүк, инсандык ыңгайланышууга багытталган, билимдик жана социалдык компетенттүүлүктү жогорулатуучу үй-бүлөлүк жашоого даярдоо зарылдыгы келип чыгат. 2-схемада жогорку класстын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун жана билим алуунун сапатын жогорулатууга тийгизген таасири көрсөтүлгөн.

Үй-бүлөлүк мекеменин түрдүү функциялары бар: репродуктивдүү, экономикалык, адептик-психологиялык, жеке-инсандык, күнүмдүк-турмуштук, тарбиялык ж.б. Окуучунун кесиптик жана социалдык жактан өркүндөөсүнүн ортосундагы өз ара байланышты тактап алалы. Жеке жөндөмдөрдү, табигый шыктарды ж.б. эске алганда функцияларды аткаруунун экономикалык аспектиси; аларды атаандаштыкка туруктуу, социалдык жактан адаптацияланган жана компетенттүү адамдар катары даярдоо [145].

Жогорку класстын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоо процесси жоопкерчиликтүү, социалдык жактан мобилдүү болот. Натыйжада окуучулар жашоонун түрдүү аспектилеринде ийгиликтүү түрдө өзүн-өзү аныктап, жашоонун

бардык чөйрөлөрүндө аткарылуучу каражаттар катары каралуусу керек болгон билим жана билгичтиктерге жооптуу болгон демократиялык коомчулуктун эркин инсаны болот.

Ошондуктан, үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун милдеттери инсандын индивидуалдуулугунун өнүгүүсү, анын үй-бүлөлүк жашоодо ачылуусунун кесиптик жактан да калыптанууга жана өркүндөөгө өбөлгө түзүүсүндө жатат.

Ошол эле учурда жалпы орто билим берүүчү мектептерге мүнөздүү болгон билим берүү программаларынан көз карандысыз болуу зарыл. Ушуга байланыштуу, жалпы билим берүү чөйрөсү окууну бүтүрүүнүн квалификациялык талаптарын (моделин) шарттайт жана билим берүүнүн мазмунун аныктайт. Билим берүүнүн сапаттык стандарты бүтүрүүчүнүн моделинен келип чыгат [16].

Окуучунун инсаны окуучуларды үй-бүлөлүк жашоого даярдоону моделдештирүүнүн система түзүүчү фактору болуп эсептелет. Ошого жараша билим берүү процессинин субьектилеринин инсандык функцияларынын толук кандуу көрсөтүүсү жана өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүгө өбөлгө түзүүчү инсанга багытталган мамиле катары каралат. Инсанга багытталган мамилени пайдалануу окуучунун жеке тажрыйбасына, анын өзүн-өзү аныктоодогу, өзүн-өзү өнүктүрүүдөгү жана өзүн-өзү уюштуруудагы муктаждыктарына максималдуу багытталган субьектти пайда кылууну аныктайт. Инсанга багытталган мамиле окуу процессинин субьектилеринин инсандык функцияларын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө өбөлгө түзөт жана төмөндөгүлөрдү божомолдойт:

– педагогикалык өз ара аракеттенүүнүн тең укуктуу субьект-субьектик схемасын;

– окутуунун мазмунун өнүктүрүү;

– окуучулардын натыйжалуу окуу процессине өбөлгө түзүүчү жеке-психологиялык өзгөчөлүктөрүн каттоо жана калыптандыруу.

Үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун инсанга багытталган мамилесинин гуманисттик парадигмасын төмөндөгүдөй түшүндүрүүгө да болот:

1) Үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун алкагында алынган билимдер

адамдын үй-бүлөлүү адам катары калыптанышына, өзүнүн ордун, образын, кайталангыс жеке өздүгүн (индивидуальность), чыгармачылык башатын таап, өз үй-бүлөсүн курууга жоопкерчилик менен мамиле жасоого жардам берүүгө өбөлгө түзөт.

2) Үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун максаты – калыптандыруу жана тарбиялоо гана эмес, ал инсандык сапаттарды өнүктүрүүнү, колдоону, анда инсандык өзүнчө образдын жана үй-бүлөлүк, кесиптик мамилелерде адамдар менен өз ара аракеттенүүнүн калыптанышы үчүн зарыл болгон өзүн-өзү жөнгө салуунун, өзүн-өзү тарбиялоонун, өзүн-өзү өнүктүрүүнүн, өзүн-өзү аңдап билүүнүн, өзүн-өзү коргоонун механизмдерин киргизүү мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү болуп эсептелет;

3) Инсанга багытталган мамиле гуманитардык функцияга ээ, анын маани-маңызы адамдын экологиясын – анын дене жана рухтук ден соолугун, жашоосунун маанисин, жеке эркиндигин, адеп-ахлактуулугун сактоо жана калыбына келтирүүдө. Ал үчүн үй-бүлөлүк жашоого даярдоо процессинде окуучуларда адамдын коомдук жашоого нормалдуу киришин күбөлөндүргөн баарлашуу, кызматташуу, эмпатия, бири-бирин түшүнүү, рефлексия ж.б. кирген социализациянын механизмдери түптөлөт.

Өсүп-өнүгүүсүнүн маңызы – адеп-ахлагы бийик, акыл-эси тунук, интеллектуалдык деңгээли жогору, руханий дүйнөсү таза болгон жаш муундарды тарбиялап, жетилдирип, коомдогу өнүгүүнүн негизги тармактарын алар менен ишенимдүү күч катары куралдандырууда турат.

Анткени, кыргыз элинин руханий дөөлөттөрүнө таянуу менен андагы адеп-ахлактык баалуулуктарга басым жасап, жаш муундардагы адептик касиеттерди өнүктүрүү учурдагы актуалдуу маселе болуп эсептелет. Бул багытта илимде бир нече иликтөө иштери жүргүзүлүп келүүдө. Алып карасак, профессор Н. Асипова жаштарга адеп-ахлактык тарбия берүүнүн мегафакторлоруна, макрофакторлоруна, мезофакторлоруна басым жасаган. Бул факторлордун ар бирине кеңири мүнөздөмө берүү менен мезофакторлордун төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөткөн:

– жаштардын жашоо шартындагы аймактык өзгөчөлүгү;

– инсандын руханий муктаждыктарын адеп-ахлак тарбиясы аркылуу чечүү жолдорунда аймактын табигый жана коомдук бөтөнчөлүктөрү;

– аймактын социалдык-экономикалык шарттарына ылайык жаштардын руханий муктаждыктары;

– аймактын социалдык демографиялык өзгөчөлүгү;

– аймактын тарыхый жана маданий өзгөчөлүгү [30].

Аныкталган факторлорду негиз катары кароо менен, биз, өзүбүздүн изилдөөбүздө жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо бир канча факторлор таасир этээрин аныктоого аракет жасадык.

Ошентип, жогорку класстын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоого таасир тийгизген негизги социалдык-экономикалык факторлор катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот:

Аны төмөнкү сүрөттөн карап көрөлү:




**2.2.1-сүрөт. Жогорку класстардын окуучуларында үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруучу факторлор.**

– социалдык-билимдик мамилелер системасындагы социалдык колдоо, үй-

бүлөлүк өнүгүүлөрдүн мүнөзү жана динамикасынын жалпы социалдык-экономикалык өнүгүүнүн зарылчылыктарына шайкеш келүүсү, тарбиялык жана социалдык даярдыктын жогорку деңгээли, атаандаштыкка туруктуу жана социалдык жактан адаптацияланган бүтүрүүчүлөргө болгон талап;

– мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн өз үй-бүлөсүн экономикалык жактан камсыздоонун негиздери катары социалдык-инсандык жетилгендикке ээ болуусу, келечектеги билим алуу жана өзүн-өзү аныктоого карата адекваттуу мотивациянын калыптануусу;

– өлкөнүн билим берүү жана башка мекемелерди сапаттуу кадрлар менен камсыздоосу;

– социалдык жана кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоонун негизи катары үй-бүлө, болочок бүтүрүүчүлөр жана билимдин сапатынын өнүгүүсүнө жана социалдык мамилелерге таасир тийгизүүчү мамилелердин эмоционалдык-психологиялык абалы.

Үй-бүлө социалдык көрүнүш болгондуктан, социалдашуу маселелери менен байланышта турат. Адам баласы дароо эле коомчулуктун бир мүчөсү катары жаралбайт, жөн гана социалдашууга шыгы бар адам катары жаралат. Адам узак убакыт бою жүргөн социалдашуу процессинде жарангa айланат. В.А. Сухомлинский белгилегендей, адамдын социалдык маңызы, анын башка адамдар менен болгон мамилеси, өз ара байланышы аркылуу ачылат.

Курчап турган дүйнөнү жана өзүн-өзү дүйнөнүн бир бөлүгү катары таануу аркылуу адамдар менен материалдык жана руханий керектөөлөрдү орундатуучу түрдүү мамилелерди түзүү менен бала коомго аралашып, анын бир мүчөсү боло баштайт. Социалдашуунун бул процесси – инсандын коомго кошулуусу педагогикалык жактан да каралып чыгуусу керек. Адам баласы аң- сезимдүү түрдө өзүнүн “Мен” деген түшүнүгү, башка адамдардын кызыкчылыктары менен ынтымак мамиледе болууга аракет кылганда, башкалардын кызыкчылыктары жана зарылчылыктары менен эсептешкен учурда гана коомчулуктун жашоосуна аралашуу менен социалдашуу ишке ашат [187]. Индивиддин дүйнөгө болгон

мамилесин аныктоосу – инсандык маанилер, социалдык позиция, өзүн-өзүн аңдап билүү, дүйнө таанымдын баалуулук жана маанилик ядросу, индивидуалдык аң-сезимдин башка компоненттери, алардын мааниси боюнча инсандын социалдык тажрыйбадан алган сабагы, анын саны жана психикасынын бул тажрыйбаларды кантип иштеп чыккандыгы. Ага кандай маани бергендиги социалдашуунун өндүрүмү катары кабыл алынат.

Социалдык билим берүү – инсандын мобилдүүлүккө, динамикалык өнүгүүгө жана өзүн-өзү ишке ашырууда туруктуулукка ээ болуусун камсыздоого багытталат. Бүгүнкү күндө социалдык билим өз ара байланыштуу эки максатка таянуусу зарыл: жаңы муундун заманбап шарттарда ийгиликтүү түрдө социалдашуусу жана ишмердүүлүктүн субъекти катары адамдын өзүн-өзү таанытуусу.

И. Беседин белгилегендей, ушунун негизинде билим берүү системасынын алкагында үй-бүлөлүк жашоого даярдоодо үч негизги нерсеге көңүл бөлүү керек:

–жаштардын кесиптик жана турмуштук перспективаларынын биримдигин камсыздоо;

– кесиптик жана социалдык мобилдүүлүк, жашоо жолундагы табигый процесс катары кабыл алынган кесиптик ролдордун алмашуусун камсыздоо;

– индивидуалдык турмуштук моделдерди ишке ашырууга болгон психологиялык даярдыкты калыптандыруу [46].

Ошентип, болочок бүтүрүүчүнүн инсанын социалдаштыруу билим берүүнүн негизги функциясы мектептин билим берүү функциясынан тышкары болот. В.В. Шапкин жана В.Л. Худяков инсан кесиптик жана социалдык жактан зарыл болгон билим берүүнүн чектелген бирдиги катары калыптанышы мүмкүн деп белгилешет [210].

Заманбап билим берүү процессиндеги үй-бүлөлүк жашоого даярдоо – билимдерди өткөрүп берүү ыкмасы гана эмес, психологиялык-педагогикалык колдоо жана окуучулардын турмуш жолун коштоо системасы катары калыптандыруу. Окуучулар өздөштүргөн баарлашуу маданияты, анда тиешелүү

жүрүм-турум нормаларынын калыптанышы чоң баалуулукка ээ. Бирок, ошондой эле жашоонун ар бир бөлүгүндө өзүнүн көйгөйлөрүн мурдакыга караганда мыкты деңгээлде чечүүнү үйрөтүү да маанилүү. Ошондо психологиялык билим чоң жашоодо көп туруктуулукту камсыздайт. Д.Я. Райгородскийдин пикири боюнча мындайда ага алгоритм жардам берет: өзүн-өзү таанып-билүү, өзүн-өзү маалымат менен камсыздоо, өзүн-өзү реализациялоо, өзүн-өзү башкара билүү [173].

Ошондуктан, үй-бүлөлүк жашоого даярдоону моделдештирүү ишмердүүлүктөрдүн түрлөрүнүн жана болочок бүтүрүүчүнүн инсанынын кесиптик жана социалдык өзүн-өзү аныктоосун активдештирүү боюнча системасы жана каражаты катары көрсөтүлүшү мүмкүн.

Жаш муундардын өнүгүүсүндөгү социалдык четтөөнүн формаларынын кеңейген спектри заманбап коомдун социалдык кырдаалынын мүнөздүү белгиси болуп эсептелет. Үй-бүлөлүк даярдоону моделдештирүү учурунда окутуу жана тарбиялоонун формаларын жана методдорун тандоо жана ишке ашыруу максатында, аларды ишке ашыруунун технологияларын тандоодо окуп жаткандарга атайын психологиялык-педагогикалык жардамдын бүтүндөй системасы иштелип чыгышы керек. Практикалык психология кызматы билим берүү системасында өзүнүн зарылчылыгын далилдеди, бирок, ал жетишерлик деңгээлде натыйжалуу эмес.

Жаш кезде өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ашыкча баалоо, б.а. жогорулатылган өзүн-өзү баалоо адам баласына тиешелүү касиет. Окуп жаткандардын 80%нан көбүндө жашоо карьерасын түзүү жана ишке ашырууга даярдыктын төмөн деңгээли, инсандын эрктик сапаттарын анализдөөнүн төмөн деңгээли бар экендигин Д.Я. Райгородскийдин изилдөөлөрү көрсөттү [173].

Ал эми, жаш жигит деген билим берүү жана жеке сфераларда өзүнүн адаптациялык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатууну камсыз кылып, билимге жана эмгек ишердүүлүгүнө адекваттык мотивацияны калыптандыра билиши керек. Кесиптик, коомдук жана үй-бүлөлүк ж.б. сфералардагы аракеттенүүлөрдүн “чегин” кое билүү жөндөмдүүлүгү адамдын инсанынын жетилгендигинин

көрсөткүчтөрүнүн бири болуп эсептелет.

Аракеттенүүлөрдүн адекваттык деңгээли үчүн инсандын жекече өзгөчөлүгү, иш аткаруу жөндөмдөрү, физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрү, максаттуу умтулуулары, курчап турган дүйнөнүн баалуулуктарын баалай билүүсү, инсандар арасында мамилелешүү ыкмаларына ээ болуусу талап кылынат. Мунун өзү жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоодо алардын инсандык сапаттарын аныктоодо, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн калыс баалоодо, башка инсандар менен жана үй-бүлө мүчөлөрү менен мамилелешүү чөйрөсүндө окуучуларга жардам катары багытталат.

Жогорку класстын окуучуларында окуу иш-аракети мүнөзү жана мазмуну боюнча татаалдашат. Окуу материалын өздөштүрүүдө 10-класстын окуучуларынын кызыгуусунун кеңдиги жана туруктуулугу пайда болот. Аларды саясат, коомдук турмуш, сүйүү жана достук деген түшүнүктөрдүн мааниси кызыктырат. Окуу процессинде илимий-техникалык жетишкендиктерди өздөштүрүүгө умтулушат. Мугалимдин билим берүү деңгээлине окуучулардын койгон талабы артат. Бул курактагы эс процесси образдуу жана эрктүү мүнөзгө өтөт. Эске сактоодо текстин планын түзүү, негизги ойду бөлүп берүү, өздөштүрүлгөн окуу материалын жаңы алынган маалыматтар менен салыштыруу ыкмаларын пайдаланышат.

Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо атайын педагогикалык шарттарды иштеп чыгууну талап кылат. Психологияда шарт түшүнүгү адамдын психологиялык өнүгүү процессин аныктоо менен анын өнүгүү динамикасына таасир тийгизген ички жана сырткы себептердин жыйындысы катарында каралса [151], ал эми педагогикада адамдын физикалык, адеп-ахлактык, психикалык өнүгүүсүнө, анын жүрүм-турумуна, таалим-тарбиясына, билимине, инсан катары калыптануусуна таасир тийгизген табигый, социалдык, сырткы жана ички таасирлердин жыйындысы болуп саналат [163].

Педагогикалык шарттар – бул педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган аракеттердин жыйындысы экендигин Л.И. Божович белгилеген [51].

Педагогикалык шарттар – бул педагогикалык процесстин жүрүшүнө олуттуу таасир тийгизген сырткы жагдай. Тактап айтканда, педагогикалык шарттар да педагогикалык каражат сыяктуу эле атайын түзүлөт жана процесстин жүрүшүнө таасир этүү максатында педагог тарабынан иштелип чыгылат – деген ойду Н.М Борытко тастыктаган [53]. Ал эми, С. А. Дынина педагогикалык шарттардын төмөнкүдөй түрлөрүн бөлүп көрсөткөн:

1) баланын мүнөздөмөлөрү (студент, окуучу, тарбиялануучу ж.б.);

2) педагогикалык ишмердүүлүктөгү субъекттин мүнөздөмөлөрү (педагог, педагогикалык жамаат, билим берүү мекемесинин жетекчиси ж.б.);

3) баланын ишмердүүлүгү;

4) балдардын ишмердүүлүккө болгон мамилеси;

5) балдар биримдигинин ички чөйрөсү (билим берүү мекемесинин)

6) билим берүү мекемесине карата мамиленин сырткы чөйрөсү жана өз ара аракеттенүүсү (башка билим берүү мекемеси, үй-бүлө, коомдук уюмдар ж.б.) [122].

Жогорудагы теориялык аныктамаларга негизделип, биздин изилдөөбүздө жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо алардын таанып билүүчүлүгүнүн, эмоционалдык-баалуулуктарынын, үй-бүлөлүк турмушка даярдык көндүмдөрүнүн өнүгүүсү бир педагогикалык шарт катары аныкталды. Анткени, жогорку класстардын окуучуларынын өзүн-өзү аңдап билүүсү алардын психологиялык өзгөчөлүгүнө байланыштуу активдүү формада болуп, жүрүм-турум эрежелери белгилүү бир деңгээлдеги көзөмөлгө алынып, иш-аракетте байкалган жетишкен жана жетишпеген жактары өз убагында тартипке салынган таризде көрүнөт. Мындай учурда алардын эмоционалдык абалы шамдагай тартып, чечкиндүү аракеттерди жасоо жөндөмдөрү артып, өз чөйрөсүндө туруктуулукту, ишенимдүүлүктү

арттырган таасирлери менен таанылат. Бул өзгөчөлүктөр алардын үй-бүлөлүк турмушка даярдык көндүмдөрүнүн өнүгүүсү менен шартталат.

Ал эми, элдик педагогиканын салттары, усулдары, формалары жана каражаттары менен заманбап таалим-тарбия процессине интеграциялануусу жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоодогу негизги шарт катары каралды. Бул шарттын аныкталышы өлкөбүздүн учурдагы таалим-тарбия процессинин ааламдашуу шартындагы карама-каршылыктарга дуушарланышы жана сырткы таасирлерден улам элдик педагогикалык салттардын унутта калуу коркунучу менен түшүндүрүлүп, улуттук баалуулук катары элдик педагогикалык нарк-насилдерди, каада-салттарды, элдик чыгармачылыкты, үй-бүлөдөгү үлгүлүү жүрүм-турум эрежелерин заманбап таалим-тарбия процесси менен интеграциялоо – жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоого чоң мүмкүнчүлүк жаратаары ачыкталды. Жогоруда анализденген кыргыз элинин элдик тажрыйбаларындагы көрөңгөлөрдүн мындай мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашырууда негизги каражат катары колдонулушу жаштардын үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү ык-машыгууларын өнүктүрүп, келечек үй-бүлөсүнө болгон даярдыгын калыптандырат.

Изилдөөдөгү дагы бир негизги шарт катары таалим-тарбия процессинде окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоого социалдык таасирлердин активдүү формаларынын жана усулдарынын (тренингдер, тайпалык талкуулоолор, ролдоштурулган жана имитациялык оюндар) колдонулушу эсептелет. Анткени, үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү алган билимдерин, ык-машыгууларын өз тажрыйбасында колдонуу да жаштардын келечек жашоосуна болгон жоопкерчилигин арттырып, көз карашын түптөп, өзүнүн өздүк татыктуулугуна болгон ишеничин арттырат. Бул багытта окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоого карата учурдагы программанын мазмунун толуктаган кошумча билим программасын иштеп чыгуу зарылдыгы турат.

Окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодогу үй-бүлөнүн жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара мамилесин бекемдөөгө багытталган мектептин, үй-бүлөнүн жана коомдун өз ара кызматташуу шарты да негизги орунда туруп, үй-бүлөдөгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине болгон өз ара түшүнүшүү, сыйлоо, урматтоо таризиндеги жылуу мамилелери алардын бири-бирине болгон камкордуктарын, үй-бүлөлүк жашоого болгон жоопкерчиликтерин шарттайт. Ошондой эле, үй-бүлө менен мектептин, коомдун өз ара кызматташуусу бул шарттарды бекемдөөгө жана андан ары өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Жогоруда аныкталган педагогикалык шарттар жогорку класстарынын окуучуларынын үй-бүлөнүн балуулуктарын, нарк-насилдерин баалай билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүнө негиз боло алат.

Изилдөөнүн натыйжасында жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун төмөнкүдөй **педагогикалык шарттары аныкталды:**

– жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо алардын таанып билүүчүлүгүнүн, эмоционалдык-баалуулуктарынын, үй-бүлөлүк турмушка даярдык көндүмдөрүнүн өнүгүүсү;

– жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоодогу элдик педагогиканын салттары, усулдары, формалары жана каражаттары менен заманбап таалим-тарбия процессине интеграциялануусу;

– таалим-тарбия процессинде окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоого социалдык таасирлердин активдүү формаларынын жана усулдарынын (тренингдер, тайпалык талкуулоолор, ролдоштурулган жана имитациялык оюндар) колдонулушу;

– үй-бүлөнүн жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара мамилесин бекемдөөгө багытталган мектептин, үй-бүлөнүн жана коомдун өз ара кызматташуусу;

– жогорку класстардын окуучуларынын өзүн-өзү таанып билүүсүнүн, өздүк жеке сапаттары жөнүндө ой-жүгүртүүсүнүн элдик педагогиканын баалуулуктары жана салттары аркылуу иш жүзүнө ашырылуусу;

– жогорку класстарынын окуучуларынын үй-бүлөнүн балуулуктарын, нарк-насилдерин баалай билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсү.

Инсандын коомдогу өнүгүүсү анын аң-сезиминин сапаттык өзгөрүүсүндө, жогорку класстын окуучуларынын жеке потенциалында, баарлашуу ишмердүүлүгүндө, өз ара мамилелешүүлөрүн ишке ашыруусунда байкалат.

Окуучунун тубаса аңдап билүүчүлүгүн окутууну, тарбиялоону, өнүгүүнү, маданияттуулукту, максаттуулукту, багыттуулукту, жеке өзгөчөлүктү, теориялык билим менен практикалык ишмердүүлүктүн өз ара байланышын, үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара таасир этүү микроклиматын жөнгө салуу менен айыл мектептеринин жогорку класстарынын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо ишке ашырылат.

## Экинчи глава боюнча корутунду

Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо процессинде адамдын инсан катары калыптануусу коомдук түзүлүштүн этабы катарында “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” окуу-усулдук колдонмосун окутуунун алкагында педагогдордун, ата-энелердин, окуучулардын биргелешкен ишмердүүлүктөрүнүн шартында ишке ашырылат.

Таалим-тарбия процессинде окуу-усулдук колдонмонун мазмуну жана анын тарбиялык мааниси окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо алардын болочок үй-бүлөсүнө болгон даярдыктарын камсыз кылат.

Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо процессинде колдонулган бардык ыкмалар жана дидактикалык, технологиялык каражаттар жогорку класстардын окуучуларынын билим, ык машыгууларына болгон талаптарынын өнүгүүсүн жана алардын ички потенциалдарын

актуалдаштырууну ишке ашырууга багытталат. Иштелип чыккан окуу-усулдук колдонмо окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо процессинин педагогикалык-психологиялык өңүтүн камсыздайт. Иштелип чыккан атайын билим программасы айыл жергесиндеги мектептердин окутуу, тарбиялоо, билим берүү ишмердүүлүктөрүнүн натыйжалуулугун арттырат.

Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун негизги түрү катарында окуучулардын окуудагы жана окуудан тышкаркы ишмердүүлүктөрү саналгандыктан, окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодогу чоң мүмкүнчүлүктөр кыргыз тили, тарых, коом таануу, адабият, биология, дене тарбиясы дисциплиналарын окутууда тураааары анык. Үй-бүлөлүк жашоонун негиздерин терең өздөштүрүүдө үй-бүлөдө эмоционалдык-баалуулук мамилелерин калыптандырууда, мамилелешүүчүлүк, уюштуруучулук, педагогикалык жана үй-тиричилигине болгон көндүмдөрүн өнүктүрүүдө класстык жана класстан тышкары окутуунун жана тарбиялоонун формалары көмөк катары каралат жана ийримдер, сынактар, таймаштар, көргөзмөлөр, майрамдар, дубал газеталар ж.б. аркылуу ишке ашырылат.

Мындай жолдор менен биздин изилдөөбүздүн негизинде иштелип чыккан эксперименталдык тажрыйба иштеринин жыйынтыктары айыл мектептеринин жогорку класстарынын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун максаттуулугун, натыйжалуулугун тастыктайт.

# III БАП. ЖОГОРКУ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШКА ДАЯРДОО БОЮНЧА ТАЖРЫЙБАЛЫК ИШТЕР ЖАНА АЛАРДЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН АНЫКТОО

## 3.1. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун баштапкы абалын изилдөө үчүн жүргүзүлгөн эксперименттик-тажрыйба иштеринин мазмуну

Азыркы учурдун мектеп окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо маселеси изилдөөгө муктаж болгон негизги көйгөйлөрдүн бири болгондуктан, ошондой эле, изилдөөдө белгиленген милдеттерге ылайык Баткен районундагы айыл жергесиндеги мектептердин жогорку класстарынын окуучуларынын келечектеги үй-бүлөсү жөнүндөгү түшүнүктөрүн аныктоо боюнча констатациялык изилдөө ишин жүргүзүүгө аракет жасадык. Анткени, констатациялык эксперименталдык иштер изилденип жаткан көрүнүштүн абалын аныктоого байланыштуу болгондуктан, биз изилдөө ишибиздин объектиси болгон 8-9-10-класстардын окуучуларынын үй-бүлө, үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү билим, билгичтиктеринин баштапкы абалын аныктоо милдетин койдук жана изилдөө учурунда жогорку класстардын окуучуларынын психологиялык, физиологиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн талдоо менен жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет. Изилдөө ишинин жүрүшүндө анкеталык сурамжылоо, тесттик суроолор, баарлашуу ж.б. усулдарын колдонуу менен илимий-тажрыйбалык иштерин жүргүздүк [тиркеме №1].

**Изилдөөнүн негизги этаптары (мезгилдери): Изилдөөнүн биринчи этабы** *(2015-2016-жж.)* болуп, тема боюнча теманы иликтөөнүн тарыхы, түйүндүү түшүнүктөрү талданып, синтезделип, изилдөөнүн жалпы божомолу иштелип

чыкты. Эксперимент үчүн базалар, материалдар, эксперименттин максат-милдети, эксперименталдык группалар аныкталды.

**Изилдөөнүн экинчи этабы** *(2016-2017-жж.)* болуп, анда айыл мектептеринин окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттары айкындалып, негизделди. Айыл мектептеринин окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттарын, каражаттарын сыноодон өткөрүү максатында калыптандыруучу эксперимент жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн үчүнчү этабы** *(2017-2019-жж.)* катары педагогикалык эксперименттин натыйжалары анализденип, жалпыланып, теориялык жана эксперименталдык материалдар тактальп, божомолдун ырастыгы тастыкталды. Айыл мектептеринин окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоого багытталган иш-чаралардын натыйжалуулугун, сапатын көтөрүүнүн оптималдуу жолдору дагы кошумчаланды, божомолдун ырастыгы кайра бир жолу аныкталып, диссертациянын тексти жазылып бүттү.

Жогоруда көрсөтүлгөн маселелердин учурдагы абалын иликтөө үчүн Баткен районунун Согмент айылындагы Э. Эркебаев атындагы, Кара-Булак айылындагы С. Эрматов атындагы жана Бужум айылындагы Т. Мурзапаров, Чек айылындагы "Чек" орто мектептеринин мугалимдери менен биргеликте 8-9-10-класстарынын окуучуларынын учурдун талабына ылайык үй-бүлө, үй-бүлөлүк турмуш, улуттук баалуулук жөнүндөгү түшүнүү деңгээлдерин аныктоо максатында анкеталык сурамжылоо иштерин жүргүздүк.

Бул максатка ылайык иликтөө ишине Баткен районунун С. Эрматов атындагы орто мектебинин 8-класстарынан – 42, 9-класстарынан – 40, 10-класстарынан – 38 окуучу, бардыгы – 120 окуучу, Э. Эркебаев атындагы орто мектебинин 8-класстарынан – 34, 9-класстарынан – 24, 10-класстарынан – 26 окуучу, бардыгы – 84 окуучу, Ал эми, "Чек" орто мектебинин 8-класстарынан – 44, 9-класстарынан – 32, 10-класстарынан – 38 окуучу, бардыгы – 114 окуучу, "Т. Мурзапаров" орто

мектебинин 8-класстарынан – 37, 9-класстарынан – 29, 10-класстарынан – 38 окуучу, бардыгы – 104 окуучу катышты. Ошентип, аныктоочу экспериментке жалпысынан – 422 окуучу катышты.

**3.1.1-таблица. Жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлө жөнүндөгү билимдерин аныктоо үчүн жүргүзүлгөн эксперименталдык тажрыйба ишине катышкан мектептер жана окуучулар жөнүндө жалпы маалымат**

| № | Мектептердин ыштары | Класстардын аталыштары | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **8-класс** | **9-класс** | **10-класс** | **Бардыгы** |
| 1 | **С. Эрматов ат. о.м.** | 42 окуучу | 40 окуучу | 38 окуучу | 120 окуучу |
| 2 | **Э. Эркебаев ат. о.м.** | 34 окуучу | 24 окуучу | 26 окуучу | 84 окуучу |
| 3 | **Чек орто мектеби** | 44 окуучу | 32 окуучу | 38 окуучу | 114 окуучу |
| 4 | **Т. Мурзапаров орто мектеби** | 37 окуучу | 29окуучу | 38 окуучу | 104 окуучу |
| 5 | **Жалпы** | **422 окуучу** | | | |

Аныктоочу эксперимент иштерин жүргүзүүдө анкеталык сурамжылоо усулу колдонулду жана ал төмөндөгүдөй милдеттерди чечүүгө багытталды:

1. Жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлө жөнүндөгү түшүнүктөрүн аныктоо;

2. Жогорку класстардын окуучуларынын өз үй-бүлөсүнө, ата-энесине карата мамилесин, көз карашын билүү;

3. Жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлөдөгү келишпестиктин келип чыгуусунун себеби жөнүндөгү ойлорун анализдөө;

4. Улуттук каада-салтка жана маданиятка болгон кызыгууларынын абалын аныктоо.

Элеттик окумуштуу-педагог Г. Мадаминов "Эгерде үй-бүлөдө тарбиянын, анын ичинде салттуу педагогиканын баалуулугу болуп, ата-эне да, тарбияланып жаткан балдар да ошол баалуулукту сезип, үй-бүлөдө баалуулуктар иерархиясында тарбия баалуулугу жогорку даражада туруп, окуу, эмгек, жашоодо ийгиликтин

бардык өбөлгөсү, башаты тарбиядан деп эсептелсе, анда бул үй-бүлө келечектүү, бактылуу үй-бүлө болот”, – деп белгилегендей [128], изилдөөнүн максатына ылайык №1 анкетанын мазмунунда камтылган “Үй-бүлө деген эмне? "Сиз аны кандай түшүнөсүз?”, “Сиздин келечектеги үй-бүлөңүз кандай болушун каалайсыз же кандай болушу керек?”, “Мыкты ата-эне болуу үчүн кандай болуу керек деп ойлойсуз?”, “Үй-бүлөдө үлгү болуу дегенди кандай түшүнөсүз?”, “Билим алууга үй-бүлөнүн кандай таасири бар?”, “Сиздин оюңуз боюнча азыркы убактагы үй-бүлөлөрдүн кандай жетишкен жактары бар?”, “Сиздин оюңуз боюнча азыркы убактагы үй-бүлөлөрдүн кандай жетишпеген жактары бар?”, “Үй-бүлөдөгү салттар дегенди кандай түшүнөсүз?”, “ Үй-бүлөдөгү Сизге жаккан салттар кайсылар?”, “Үй-бүлөдөгү Сизге жакпаган салттар кайсылар?” – деген суроолор камтылган (Тиркеме № 1).

Анкеталык сурамжылоо жүргүзүү үчүн түзүлгөн анкетанын мазмунунда камтылган “Үй-бүлө деген эмне? Сиз аны кандай түшүнөсүз?”– деген суроого “Үй-бүлө деген өз мыйзамдары бар кичинекей мамлекет” – деген терең маанилүү, тагыраак ойду билдирген окуучулардын саны – 36 (8,5%), ал эми “Үй-бүлө – бул чогуу жашаган адамдардын тобу”– деп жакындаштырылган мааниде жооп берген окуучулардын саны – 64 (15,2%), “Үй-бүлө – бул бири-бирине көз карандысыз адамдардын тобу ” – деген тайкы түшүктөгү ойду билдирген окуучулардын саны – 177 (41,9%), “Үй-бүлө – бул жеке кызыкчылыктарды көздөгөн адамдардын тобу” – деген бир кыйла жалпыланган маанидеги ойду билдирген окуучулардын саны – 145 (34,4%). Окуучулардын аталган суроого берген жоопторун анализдөө менен жогорку класстардын окуучуларынын “үй-бүлө” түшүнүгүн тереңдетүү керек экендигине ынандык. Андыктан, жогорку класстардын окуучуларынын “үй-бүлө” жөнүндөгү түшүнүктөрү жеткиликтүү деңгээлде эмес экендиги аныкталды.

“Сиздин келечектеги үй-бүлөңүз кандай болушун каалайсыз же кандай болушу керек? – деген суроого “Менин үй-бүлөмдө бири-бирин сыйлоо жана өз ара түшүнүүчүлүк болушу керек” – деген көңүл жылытарлык жоопторду 37 окуучу

(8,8%), “Менин үй-бүлөм кумурсканын уюгу сыяктуу болуусун каалайм. Анда баары эмгекчил болуусу керек” – деген жоопту 98 окуучу (23,2%), “Менин үй-бүлөмдүн элдик каада-салттардын кармануусун каалабайм. Анткени менин үй-бүлөм заманбап үй-бүлөлөрдөн болуусу керек” – деген каада-салт жөнүндөгү түшүнүгү тайкы 163 окуучу (38,6%), “Менин үй-бүлөм эч кынтыксыз, идеалдуу болушун каалайм” – деп эң мыкты эңсөөлөрүн, тилектерин билдирген 124 окуучу (29,3%). Бул ойлорду анализдөө менен окуучулардын өзүн-өзү аңдап билүүсү, өз ишмердүүлүгүн активдештире алуусу, нарк-насилдердин үй-бүлөлүк жашоо үчүн зарылдыгы, элдик педагогикалык баалуулуктар жөнүндөгү маселелерди изилдөөгө алуу муктаждыгын жаратты.

“Мыкты ата-эне болуу үчүн кандай болуу керек деп ойлойсуз?” – деген суроого “Үй-бүлөдө катуу талап, тартиптин болуусун көзөмөлдөп туруу керек” – деп ата-энеге чоң жоопкерчиликти ыроологон окуучулардын саны – 67 (15,8%), “Мыкты ата-эне болуу үчүн өз баласын башка балдарга салыштырбоо керек” – деп кайдыгер эмес мамилени билдирген окуучулардын саны –102 (24,2%), “Ата-эне тарабынан моралдык, материалдык жактан колдоо болушу керек” – деген ынанымдуу жоопту айткан окуучулардын саны – 91(21,6%), “Бала үчүн коопсуз чөйрөнү түзүү керек” – деген жалпыланган жана бала үчүн кам көрүүгө ынтызарлыгын билдирген окуучулардын саны – 162 (38,4%). Бул жооптор ата-эненин үй-бүлөдөгү ролу, жоопкерчилиги, алардын мыкты жүрүм-турумунун баалуулугу жөнүндөгү маалыматтардын окуучуларга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу зарылдыгын жаратат.

“Үй-бүлөдө үлгү болуу дегенди кандай түшүнөсүз?”– деген суроого “Үлгүлүү жүрүм-турумга ээ болуу” – деп өзүнүн кеңири көз карашын билдирген окуучулардын саны – 177 (42%), “Ар дайым ийгиликтерди жаратуу” – деп так жана таамай оюн билдирген окуучулардын саны – 81 (19,2%), “Адашууга жол бербөө” – деген жеке пикирин так айта албаган, бирок, жакындаштырылган ойду айткан окуучулардын саны – 53 (12,5%), “Камкор адам болуу” – деген бир жактуу

маанидеги ойду билдирген окуучулардын саны – 111 (26,3%). Бул ойлорду анализдөө менен жогорку класстардын окуучуларынын үлгү болууга умтулуусу жогору экендигин жана үлгү болуу эрежелери жөнүндөгү маселелер иликтөөгө муктаж экендигин аныктоого болот.

“Билим алууга үй-бүлөнүн кандай таасири бар?” – деген суроого “Айрым учурда билим алууга үй-бүлө тоскоолдук жаратышы мүмкүн” – деген үстүрт ойду билдирген окуучулардын саны – 143 (34%), “Билим алууда үй-бүлөнүн таасири жокко эсе” – деген терс маанидеги жоопту берген окуучулардын саны – 21 (4,9%), “Үй-бүлө бала үчүн мектеп болгондуктан, анын билим алуусунда таасири чоң” – деп бир кыйла жакындаштырылган мааниде жооп берген окуучулардын саны – 118 (27,9%), “Баланын билим алуусуна жана акыл-эс жактан даяр болуусуна үй-бүлөнүн таасири чоң”– деп үй-бүлөнүн баланын жашоосу үчүн эң негизги таяныч экендигин айткан окуучулардын саны – 140 (33,2%). Бул ойлорду анализдөө менен жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо негизги маселелердин бири экендигин айгинелөөгө болот.

“Сиздин оюңуз боюнча азыркы убактагы үй-бүлөлөрдүн кандай жетишкен жактары бар?” – деген суроого “Салттуу көз караштардан заманбап көз караштарга өтүүсү” – деп жооп берген окуучулардын саны – 178 (42,2%), “Үй жумуштарын чогуу аткаруу” – деген бүдөмүк ойду билдирген окуучулардын саны – 84 (19,9%), “Үй-бүлөнүн негизги баалуулук катарында эсептелиниши” – деп үй-бүлөлүк баалуулукка терең маани берип жооп берген окуучулардын саны – 112 (26,5%), “Үй-бүлө мүчөлөрүнүн тең укуктуулугу” – деген ачык маанидеги ойду билдирген окуучулардын саны – 48 (11,4%). Демек, жогорку класстагы окуучуларды элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо жана анын негизинде үлгүлүү жүрүм-турум эрежелерин калыптандыруу зарыл.

“Сиздин оюңуз боюнча азыркы убактагы үй-бүлөлөрдүн кандай жетишпеген жактары бар?” – деген суроого “Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине болгон

кайдыгер мамилеси" – деп болочок үй-бүлөсүнүн жоопкерчилигине кызыгуу менен жооп берген окуучулардын саны – 83 (19,7%). "Турмуштун кыйынчылыктарын түшүнө билбегендик" – деп үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык абалы менен түшүндүрүүгө аракет жасаган окуучулардын саны – 113 (26,8%), "Социалдык теңсиздиктин орун алышы" – деген үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары жөнүндөгү ойлорун айткан окуучулардын саны – 79 (18,7%), "Бири-бирин урматтоо, сыйлоо, жардамдашуу, түшүнө билүүнүн негизинде курулган бекем үй-бүлөлөрдүн санынын төмөндүгү" – деген маанидеги окуучулардын саны – 147 (34,8%). Мында окуучулардын келечектеги үй-бүлөсүн сыйлоого, кемчилик кетирбөөгө умтулуусу күчтүү экендиги байкалып турат.

"Үй-бүлөдөгү салттар дегенди кандай түшүнөсүз?" – деген суроого "Үй-бүлөлүк кеңешмелерди өткөрүү" – деп үстүрт ойлорун айткан окуучулардын саны - 48 (11,4%), "Үй-бүлөдө кабыл алынган адеп-ахлактык мүнөзгө ээ болгон жүрүм-турум эрежелери, муундан-муунга берилүүчү көз караш, каада-салттар" – деген кеңири маанини камтыган ойду билдирген окуучулардын саны – 110 (26%), "Үй-бүлөлүк майрамдар" – деген бир жактуу көз караштарды билдирген окуучулардын саны – 121 (28,7%), "Үй-бүлөдө ата-эне тарабынан кабыл алынган эрежелер" – деген тар маанини айткан окуучулардын саны – 143 (33,9%). Мындай ойлор аркылуу окуучулардын үй-бүлөдөгү, коомдогу элдик каада салттар жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандыруу аракеттеринин зарылдыгы жаралат.

"Үй-бүлөдөгү Сизге жакпаган салттар кайсылар?" – деген суроого "Үй жумуштарын чогуу аткаруу" – деген ойду – 23 (%) окуучу айткан, "Чогуу конокко баруу" – деген ыңгайсыздыкты жараткан ойду – 112 (%) окуучу билдирген, "Ырым-жырымдарды пайдалануу" – деген өз динин туура эмес түшүнүп, терс көрүнүштөрдү пайда кылган иш-аракеттердин орунсуз экендигин билдирген окуучулардын саны – 184 (%), "Кийинүү манерасы" – деп үй-бүлөдөгү жашоо шартка, социалдык-экономикалык абалга карабай эле ашыкча чыгым менен кийинүүнү жактырбоо сезимдерин билдирген окуучулардын саны – 103 (%).

Демек, окуучуларда үй-бүлөдөгү нукура каада-салттарды, акыл-эске, адеп-ыйманга үндөгөн жүрүм-турум эрежелерин үйрөнүүгө болгон далаалаттануулары, умтулуулары жогору экендиги көрүнүп турат.

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда жүргүзүлгөн анализ бизге айыл мектептеринин жогорку класстарынын окуучуларын элдик педагогикалык баалуулуктар аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо зарылдыгын жаратты.

Курактык жетилүү мезгилиндеги окуучулардын инсандык сапаттарынын калыптануусу, жаңы шартка ыңгайланышуусу, кийинки курактык мезгилге өтүүнүн өбөлгөсү катары каралып, бул убакта аларга үй-бүлөлүк турмуш, андагы эреже-мыйзамдар, салт-санаалар жөнүндөгү билимдер эң негизги орунда туруп, бул билимдер анын келечектеги жашоосунун маңызын түзөт.

Мындай жагдайлардын билим берүү жана тарбиялоо процессиндеги абалын анализдөө үчүн Баткен районунун Согмент айылындагы Э. Эркебаев атындагы, Кара-Булак айылындагы С. Эрматов атындагы жана Бужум айылындагы Т. Мурзапаров, Чек айылындагы Чек орто мектептеринин мугалимдери менен биргеликте 8-9-10-класстарынын окуучуларынын учурдун талабына ылайык элдик педагогика, улуттук баалуулук, үй-бүлө, үй-бүлөлүк турмуш жөнүндө билиминин бар болушун, улуттук баалуулуктарды, каада-салттарды, үй-бүлөлүк мамилелерди, улуттук маданиятты үйрөнүүгө карата кызыгуусун, үй-бүлө мүчөлөрүнө маданияттуу мамиле жасоосу, үй-бүлөдөгү өзүнүн ролун аткара билүүсүн аныктоо максатындагы эксперименттик тажрыйба иштерин андан ары уланттык. Изилдөө ишибиздин бул этабында жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү билиминин баштапкы абалын иликтөөгө багытталган усулдар аныктоочу иликтөө иштерин жүргүзүүдө максаттуу колдонулду.

Эксперименталдык тажрыйба иштерин жүргүзүүдө иштелип чыккан усулдарды колдонуу жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун баштапкы абалын, Баткен аймагынын айыл жериндеги үй-бүлөлөрдүн социалдык-маданий, экономикалык багыттардагы азыркы жашоо абалын, ал үй-

бүлөлөрдөгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара карым-катышта болуу өзгөчөлүктөрүн, ал өзгөчөлүктөрдүн жаш муундарга тийгизген таасирин, аймактагы социалдык-экономикалык абалды, ошол шарттагы окутуучулардын өз кесибине болгон кызыгуусун аныктоого жана кесипкөй окутуучулардын өз ара иш-тажрыйбаларын анализдөөгө багытталды.

Жогорудагы маселелерди ишке ашыруу үчүн эксперименталдык тажрыйба иштери төмөнкү этаптарды өз ичине камтыды:

1. Диагностикалык усулдарды колдонуу (анкеталык сурамжылоо, тесттер)

2. Жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун абалын аныктоо (чен-өлчөмдөр, көрсөткүчтөр)

3. Эксперименталдык жана текшерүүчү топтордогу (ЭТ жана ТТ) окутуу, тарбиялоо иштеринин натыйжалуулугун аныктоо.

Иликтөө иштеринин максатына ылайык иштелип чыккан усулдарды, ыкмаларды, чечилүүгө тийиш болгон маселелерди эске алуу менен окуучунун элдик педагогикалык билиминин бар болуусун, үй-бүлө, үй-бүлөлүк жашоо, үй-бүлө мүчөлөрүнө маданияттуу мамиле жасоосун, үй-бүлөдөгү өзүнүн ролун аткара билүүсүн аныктоо үчүн атайын окутуу процессинде жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун натыйжалуулугунун чен-өлчөмдөрү жана көрсөткүчтөрү иштелип чыкты.

Изилдөөнүн жүрүшүндө атайын иштелип чыккан жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун натыйжалуугунун чен-өлчөмдөрү жана көрсөткүчтөрү негиз катары каралып, жыйынтыктар алынды.

Бул көрсөткүчтөргө карата жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча деңгээлдерин: “төмөн”, “орто”, “жогору” – деп аныктоого болот.

**3.1.2-таблица. – Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун натыйжалуулугунун чен-өлчөмдөрү жана көрсөткүчтөрү**

| Чен-өлчөмдөр | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| Окуучуда элдик педагогиканын баалуулуктары, үй-бүлө, үй-бүлөлүк турмуш жөнүндө билиминин бар болушу | Улуттук нарк-насилдер, каада салттар, элдик педагогикалык тажрыйбалар, өлкөнүн тарыхый жана маданий фактылары жөнүндөгү билими; үй-бүлөлүк эрежелерди, мамилелерди жалпы маданий жүрүм-турум нормаларын билүүгө умтулуусу; Өзүнүн үй-бүлөсүнүн улуттук маданиятынын кубулуштарын жана нормаларын башка үй-бүлө менен салыштырып, анализ жүргүзө алуусу. |
| Үй-бүлөлүк каада-салттарды, үй-бүлөлүк мамилелерди, улуттук каада-салттарды үйрөнүү үчүн болгон кызыгуулары | Үй-бүлөлүк каада-салттар жөнүндөгү билим, билгичтиктердин тутумун түшүнө билүүсү жана кабыл алуусу; Үй-бүлөлүк жана элдик салттарга кызыгуусу; Үй-бүлөлүк маданиятты, салттык жүрүм-турум эрежелерди, нормаларды, мамилелерди, мыйзамдарды өркүндөтүүгө муктаждыгынын бар болушу. |
| Үй-бүлө мүчөлөрүнө маданияттуу мамиле жасоосу, үй-бүлөдөгү өзүнүн ролун аткара билүүсү | Элдик каада-салттардын, маданияттардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимге ээ болуусу; Үй-бүлө мүчөлөрүнө жагымдуу мамиле жасоо; Үй-бүлөдө өзүнүн ролун аткара билүү жана үй-бүлөнүн мыйзамдарын сактоо менен өз ара мамилелешүү билимдерине, ыктарына ээ болуусу. |

Эксперименталдык тажрыйба иштеринин аныктоо этабынын чегинде окутуу процессинде жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун азыркы абалын изилдөө үчүн окуучуларда үй-бүлөлүк турмушка даярдыгынын деңгээли жана үй-бүлө мүчөлөрүнө болгон мамилесин аныктоо үчүн анкеталык сурамжылоо иштери жүргүзүлдү. Ага Баткен районунун Согмент айылындагы Э. Эркебаев атындагы орто мектебинин (52 окуучу), Кара-Булак айылындагы С. Эрматов атындагы орто мектебинин (54 окуучу), Бужум айылындагы “Т. Мурзапаров” орто мектебинин (62 окуучу), Чек айылындагы “Чек” (56 окуучу)

орто мектебинин жогорку класстарынын окуучулары катышты. Эксперименталдык тажрыйба ишине жалпысынан 224 окуучу тартылды.

№2 анкеталык сурамжылоо ишинин мазмунунда “Сен үй-бүлөлүк мамилелердин, эреже-нормалардын баалуулугун билүүнү каалайсыңбы?”, “Сага үй-бүлө, үй-бүлөдөгү мамилелешүү маданияты, үй-бүлөдөгү роль аткаруу эрежелери жөнүндөгү маалыматтарды камтыган китептерди, жомокторду, тарыхый окуяларды билүү кызыктуубу?”, “Сен келечектеги үй-бүлөңдүн нукура кыргыз элинин каада салтынын, нарк-насилинин нугундагы идеалдуу үй-бүлө болуусун каалайсыңбы?” – деген өңдүү суроолор коюлган. Ар бир суроого “Ооба”, “Жок”, “Билбейм” – деген жооптордун түрлөрү тандоо үчүн берилген.

Бул аныктоочу эксперименттин жыйынтыгында жогорку класстардын окуучуларында өз элинин маданиятын, каада-салттарын, үй-бүлөлүк эреже нормаларын, үй-бүлө мүчөлөрүнө мамиле жасоо эрежелерин үйрөнүүгө болгон ынтызарлыгы бар экендиги, алар үй-бүлө жана анын социалдык-маданий өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалыматтарды камтыган китептерди, жомокторду, тарыхый окуяларды окуганга кызыкдар экендиги аныкталды. Жогорку класстардын окуучуларынын улуттук баалуулуктардын нугунда үй-бүлөдө жагымдуу мамиле жасоо маданиятын, өзүнүн келечектеги үй-бүлөсүндө толук кандуу роль аткарууга даярдыгын талдоо, окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун деңгээлин аныктоо үчүн иликтөө иштери жүргүзүлүп, натыйжада эки топто да (текшерүүчү тайпа (ТТ), эксперименталдык тайпа (ЭТ), элдик педагогикалык баалуулуктар аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун зарылдыгы жаралды. Мындай маселелерди чечүүгө карата Баткен аймагынын айыл жергесиндеги мектептеринин учурдагы абалын, шарттарын эске алуу менен билим берүү программаларынын мазмунун жаңы билимдер менен толуктоо муктаждыгы зарыл экендиги белгиленди. Анткени, түпкүлүгү терең, тарыхый баалуулугу кенен, кадыр-баркы, нарк-насили белен кыргыз калкынын улуттук көрөңгөсү болгон үй-бүлөлүк турмушу ааламдашуу шартындагы коңшулаш мамлекеттердин элдери менен

социалдык-маданий багыттагы өз ара мамилелеринде жаштардын үй-бүлөлүк маданий билимдери, ыктары, жөндөмдүүлүктөрү негизги ролду аткараары анык. Бул багыттагы мамлекеттер аралык өз ара мамиленин талаптагыдай ишке ашырылуусу мамлекетибиздин билим берүү системасынын ааламдашуу шартындагы карама-каршылыктарга туруштук бере алуу мүмкүнчүлүктөрүн шарттайт. Жыйынтыктап айтканда, жогоруда көрсөтүлгөн аныктоочу эксперименталдык-тажрыйба иштеринин жыйынтыгында төмөнкүдөй маалыматтарга ээ болдук.

**3.1.3-таблица. – Жогорку класстардын окуучуларында үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү билимдеринин, машыгууларынын көрсөткүчтөрү жана алардын үй-бүлөлүк баалуулуктарга, үй-бүлө мүчөлөрүнө болгон мамилелери**

| **Иликтөө ишинде колдонулган суроолор** | Жооптордун түрлөрү | Э. Эркебаев а. о. мектеби (52 окуучу) | С. Эрматов а. о. мектеби (54 окуучу) | Т. Мурзапаров орто мектеби (62 окуучу) | “Чек” орто мектеби (56 окуучу) | Орточо пайыздык катыш (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Сиз үй-бүлөлүк мамилелердин, эреже-нормалардын баалуулугун билүүнү каалайсызбы? | а) Ооба | 78 % | 63% | 82% | 67% | 72,5% |
| | б) Жок | 10 % | 16% | 8 % | 11% | 11,25% |
| | в) Билбейм | 12 % | 21% | 10 % | 22% | 16,25% |
| Сизге үй-бүлө, үй-бүлөдөгү мамилелешүү маданияты, үй-бүлөдөгү | а) Ооба | 72% | 68% | 76% | 69% | 71,25% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| роль аткаруу эрежелери жөнүндөгү маалыматтарды камтыган китептерди, жомокторду, тарыхый окуяларды билүү кызыктуубу? | б) Жок | 13% | 11% | 18 % | 12% | 13,5% |
| | в) Билбейм | 15% | 21% | 6% | 19% | 15,25% |
| Сиз келечектеги үй-бүлөңдүн нукура кыргыз элинин каада салтынын, нарк-насилинин нугундагы идеалдуу үй-бүлө болуусун каалайсызбы? | а) Ооба | 89% | 91% | 87% | 94% | 90,25% |
| | б) Жок | 0 % | 1 % | 3 % | 2 % | 1,5 % |
| | в) Билбейм | 11% | 8 % | 10 % | 4 % | 8,25 % |

Белгиленген жыйынтыктан улам, жогорку класстардын окуучуларына “үй-бүлө”, “үй-бүлөлүк турмуш” түшүнүгүн кеңири мааниде жеткирип, улуттук баалуулуктар аркылуу үй-бүлөдөгү өз ара мамилени өнүктүрүп, кадыр-барктуу жүрүм-турумга, маданияттуу чөйрөгө ыңгайлашууга, үй-бүлөдөгү өзүнүн ролун үй-бүлөлүк эреже-нормалардын чегинде аткарууга даярдоо муктаждыгы аныкталды.

Ошондой эле, №2 анкетадагы суроолордун мазмунун түзгөн “Үй-бүлөлүк баалуулук, үй-бүлө, үй-бүлөлүк турмуш жөнүндө билимге ээ болуу, үй-бүлөдө жагымдуу мамилелешүүгө умтулуу”, “Үй-бүлөлүк баалуулуктарды, каада-салттарды, үй-бүлөлүк мамилелерди, улуттук маданиятты үйрөнүүгө карата кызыгуу”, “Үй-бүлө мүчөлөрүнө маданияттуу мамиле жасоо, үй-бүлөдөгү өзүнүн ролун аткара билүү билгичтиктерине ээ болуу” – сыяктуу критерийлерди камтыган суроолорго жооп берген окуучулардын ойлорун анализдөөдө эксперименталдык-тажрыйба иштерине катышкан (ЭТ, ТТ) тайпалардын баштапкы деңгээлин төмөндөгүдөй үч топко бөлүп талдадык. (№4 таблица).

**3.1.4-таблица. – Жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлө мүчөлөрү менен мамилелешүү даярдыгынын мүнөздөмөсү**

| Чен-өлчөмдөр | Деңгээлдер | | |
|---|---|---|---|
| | Төмөнкү | Ортоңку | Жогорку |
| Үй-бүлө, үй-бүлөлүк турмуш жөнүндө билимге ээ болуу, үй-бүлөдө жагымдуу мамилелешүүгө умтулуу | Билими начар, үй-бүлө мүчөлөрү менен мамилелешүүнү каалабайт | Үй-бүлөлүк турмуш жөнүндө түшүнүгү бар, мамилелешүү зарылдыгын билет | Үй-бүлөлүк турмуш жөнүндө мыкты билимдерге ээ, жагымдуу мамиле жасай алат |
| Элдик педагогиканын баалуулуктарын, каада-салттарды, үй-бүлөлүк мамилелерди, улуттук маданиятты үйрөнүүгө карата кызыгуу | Каада-салттарды колдонууну, мамиле жасоону үйрөнүүнү жактырбайт | Улуттук баалуулуктарды, нарк-насилдер жөнүндө түшүнүгү бар, бирок, ага карата көңүл кош мамиле жасайт | Үй-бүлөлүк каада-салттарды, үй-бүлөлүк мамилелерди, жакшы түшүнөт, |
| Үй-бүлө мүчөлөрүнө маданияттуу мамиле жасоо, үй-бүлөдөгү өзүнүн ролун аткара билүү билгичтиктерине ээ болуу | Үй-бүлө мүчөлөрү менен дайыма чыр чатакка кабылат жана мамилелешүүдөн баш тартат | Үй-бүлө мүчөлөрүнө маданияттуу, жоопкерчиликтүү жана ишенимдүү мамилелешүүнү түзө билет | Үй-бүлө мүчөлөрүнө маданияттуу, жагымдуу мамиле жасоо менен өзүнүн ролун аткара билет |

Баарыбызга маалым болгондой, өлкөбүздүн азыркы социалдык-экономикалык жана маданий шартында үй-бүлөлүк турмуш, үй-бүлөлүк мамиле, улуттук каада-салттар, үрп-адаттарды жаштарга үйрөтүүдө жана ал баалуулуктарды өз турмушунда колдоно билүүгө тарбиялоодо бир канча иликтөөгө муктаж болгон маселелердин аныкталгандыгын белгилөөгө болот. Аныкталган маалыматтар төмөнкү таблицада көрсөтүлдү.

**3.1.5-таблица. – Жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлө мүчөлөрү менен мамилелешүү даярдыгынын деңгээлдери**

| Тайпалар | Деңгээлдер | Чен-өлчөмдөр, окуучулардын саны %дык катыш түрүндө | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | ҮБМ жөнүндө билими | ҮБМнө болгон мамилеси | ҮБМнө мамиле жасоо көндүмдөргө ээ болуусу | Орточо сан (% менен) |
| ЭТ | **Төмөнкү** | 109 (49%) | 114 (51%) | 127 (57%) | 117 (52%) |
| | **Ортоңку** | 88 (39%) | 97 (43%) | 86 (38%) | 90 (40%) |
| | **Жогорку** | 27 (12%) | 13 (6%) | 11 (5%) | 17 (8%) |
| | **Бардыгы** | **224 (100%)** | **224 (100%)** | **224 (100%)** | **224 (100%)** |
| ТТ | **Төмөнкү** | 131 (58%) | 139 (62%) | 143 (64%) | 138 (62%) |
| | **Ортоңку** | 85 (38%) | 75 (33%) | 76 (34%) | 79 (35%) |
| | **Жогорку** | 8 (4%) | 10 (5%) | 5 (2%) | 8 (3%) |
| | **Бардыгы** | **224 (100%)** | **224 (100%)** | **224 (100%)** | **224 (100%)** |






Жогорку таблицада көрүнүп тургандай, иликтөө ишинин натыйжасында алынган жыйынтыктардын өзгөчөлүгүн анализдеп карасак, эксперименталдык-тажрыйба иштерине катышкан окуучулардын жоопторунан ар бир тайпада орточо деңгээлдик көрсөткүчтөр алынгандыгын көрүүгө болот. Анын негизги себебин иликтөөгө катышкан окуучулардын үй-бүлө, үй-бүлөлүк тарбия, улуттук каада-салттар, үрп-адаттар жөнүндө түшүнүктөрү бар болгондугу менен түшүндүрүүгө болот. Андыктан, окуучулар сурамжылоого жооп берип жатканда улуттук баалуулуктарга, үй-бүлөсүнөн алган таасирлерине, эл арасында колдонулуп жүргөн каада-салттарга таянышкан.

Аныктоочу эксперимент учурунда Баткен районунун Э. Эркебаев, С. Эрматов атындагы жана Т. Мурзапаров, Чек орто мектептеринин 8-9-10- класстарында окутулуп жаткан предметтер боюнча билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык окуу программалары, окуу пландары, окуу китептери, ошондой эле окутуу процессинде колдонулган окутуунун формалары, инновациялык усулдар, жаңы технологиялар кандайча ишке ашырылып жаткандыгы иликтөөгө алынды. Ошондой эле, иштелип чыккан диагностикалык усулдар аркылуу адаптациялоо иштери жүргүзүлдү. Ал эми, эксперименталдык-тажрыйба ишине катышкан окуучулардын жеке документтери да каралды. Эксперименталдык-тажрыйба

иштеринин натыйжасында алынган жыйынтык анализдер жогорку клсстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун алгачкы деңгээлин аныктоого өбөлгө түздү. Жогорку класстардын окуучуларын улуттук баалуулуктар аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун негизинде билим берүүнүн жаңыланган мазмунун түзгөн окутуу, тарбиялоо процессин уюштуруу жана класстан тышкаркы иштер боюнча окутулуп жаткан учурдагы окуу программасынын мазмунун толуктаган кошумча билим программасын иштеп чыгып, практикалоо керек экендигин тастыктады.

Эксперименталдык-тажрыйба иштеринин натыйжаларын анализдөө менен төмөнкүдөй негизги тыянактарды чыгарсак болот:

1. Жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлө маселелерине, элдик үрп-адат, каада-салттарга, өзүнүн келечектеги үй-бүлөсүнүн салттуу түптөлүшүнө кызыгуусу арбын экендиги көрүнүп турат. Бул окуучулардын үй-бүлөлүк эрежелер, үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери, элдик нарк-насилдер жөнүндөгү билим, көндүмдөрүнүн жетишсиз экендиги жана мындай билим, ыктарды үйрөнүүгө ынтызар экендиги менен түшүндүрүлөт.

2. Учурдагы жалпы билим берүүчү мектептердин окуу процессинде жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун абалын изилдөө окуучулардын окуп жаткан гуманитардык багыттагы сабактарынын мазмунунда үй-бүлөлүк турмуш, элдик каада-салт, улуттук баалуулуктар жөнүндө так жана анык билимдердин жоктугун көрсөтөт.

3. Окуучулардын улуттук баалуулуктар аркылуу үй-бүлөлүк турмушту өздөштүрүүгө болгон кызыгууларынын төмөн деңгээлде болгону аныкталды. Бул окуучулардын элдик каада-салттын баалуулугун, нарктуулугун, үй-бүлөдөгү уул адебинин, кыз адебинин сакталуусу үй-бүлөнүн жана өзүн-өзү өркүндөтүүнүн негизги каражаты экендигин аңдай албагандыгы менен түшүндүрүлөт.

4. Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча иш-чараларды активдештирүү керек: үй-бүлө, үй-бүлөлүк турмуш, үй-бүлө

мүчөлөрүнүн жүрүм-турум эрежелери, элдик каада-салттар, улуттук баалуулук, үлгүлүү үй-бүлө жөнүндөгү билимдерди үйрөнүүгө умтулуусун өздөштүрүү керек.

Бул изилдөө ишинин натыйжасында алынган жыйынтыктардын анализи жогорку класстарынын окуучуларын элдик педагогикалык баалуулуктар аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун баштапкы абалын жана изилдөөнүн кийинки этабынын милдеттерин аныктоого негиз болду. Ошондой эле, бүтүрүүчү класстардын окуучуларына элдик нарк-насилдерди, улуттук баалуулуктарды үйрөтүүнүн негизинде окутуу процессин уюштуруу жана гуманитардык сабактарды окутуу боюнча азыркы программаны толуктаган кошумча программаны иштеп чыгуу экендиги аныкталды.

## 3.2. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча педагогикалык моделдин, шарттардын натыйжалуулугун аныктоо үчүн калыптандыруучу эксперименттин милдеттери жана мазмуну

Жогорку класстардын окуучуларында окуу иш-аракети татаалдашып, жаңы билимдерди өздөштүрүүгө болгон кызыгуусунун кеңдиги жана туруктуулугу, алардын билим берүү деңгээлин жогорулатууга койгон талаптары артат. Бул багытта алар психологиялык жактан да, физиологиялык жактан да, өздөштүрүлгөн билимдерди анализдөөгө толук мүмкүнчүлүгү бар болуп, ал билимдерди практикалык реалдуулук менен салыштыруу ыкмаларын колдоно алышат.

Атайын уюштурулган билим берүү жана тарбиялоо процессинде окуучулардын интеллектуалдык деңгээли жогорулап, чыгармычылык иш аракеттери активдешээри белгилүү. Окуу материалын өздөштүрүүнүн негизинде өз алдынча ой корутундуларды чыгарууга жетишет. Өзү менен чогуу окуган жолдошторунун жаңы маалыматтарды өздөштүрүү денгээлин, окууга болгон кызыгуусун салыштырып анализдөөгө, тыянак чыгарууга үйрөнөт. Мындай учурда

жаңы билимдерди өздөштүрүүгө болгон умтулуусу, кызыгуусу, күчөп, жаңы билимдер окуучулардын келечекке багыт алуусунун негизин түзөт.

Изденүүчү эксперименттин жыйынтыгында белгилүү болгондой, жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлөлүк турмуш, үй-бүлөлүк жашоо, үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери жөнүндөгү маалыматтарды өздөштүрүү жана атайын билим программасын, ошондой эле, окутуунун моделин иштеп чыгууга, анын негизинде эксперименталдык изилдөө иштеринин натыйжаларын практикалоого түрткү болду.

Калыптандыруучу эксперименталдык иликтөө ишинин максаты – окутуу, таалим-тарбиялоо процессиндеги класстык, класстан тышкаркы жана тарбиялык сааатарды өтүүдө улуттук баалуулуктар аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун моделин колдонуу болуп, ал изденүүчү тарабынан иштелип чыккан педагогикалык шарттарды ишке ашыруу милдеттерин камтыйт:

1. Элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун мазмунун, каражаттарын жана усулдарын таалим-тарбия процессине киргизүү.

2. Эксперименталдык тайпанын окуучуларына класстан тышкаркы окутуу процессинде учурда окутулуп жаткан билимдердин мазмунун толуктап, кошумча билим программасынын негизинде таалим-тарбия процессин уюштуруу.

3. Элдик педагогикалык нарк-насилдерди, салт-санааларды өнүктүрүү аркылуу үй-бүлөлүк турмушту, үй-бүлөлүк мамилелерди үйрөнүү жана аны баалуулук катары кабылдоого багытталган тарбиялык иш-чараларды уюштуруу.

4. Класстан тышкаркы окутуу боюнча мугалимдер үчүн усулдук сунуштарды иштеп чыгуу.

Калыптандыруучу эксперимент учурунда текшерүүчү тайпаларда окутуу процессинде жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоого карата гуманитардык предметтердин мазмунунда өтө эле үстүрттөн, башкача айтканда, жалпыланган маанидеги темалар берилген. Алып карасак, “Адам жана

коом” сабагында: “Адамды адам кылган эмне?”, “Инсандын жекече өзгөчөлүктөрү”, “Инсан жана иш-аракеттер”, “Адамга эмне керек?”, “Баарлашуу маданияты”, “Кызыкчылыктар дал келбей калганда”, “Мен жана чыр –чатак”, “Коом кандай түзүлгөн”, “Улут деген эмне?”, “Маданияттуу адам”, “Билимдүү адам”, “Адам жана дин”, “Мен жана чыр-чатак”, “Коомдогу жашоонун ченемдери” – деген өңдүү темалар камтылган [179, 217].

Ал эми, “Жаран таануу” сабагында: “Инсан”, “Мен жаранмын”, “Менин жарандык позициям”, “Мен керектөөчүмүн”, “Мен өндүрүүчүмүн”, “Менин чечимим, менин байгерчилигим”, “Маданият, мораль, адеп-ахлак, этика”, “Кесип тандоо, шыктандыруу”, “Үй-бүлө”, “Жаран жана жарандык коом”, “Көп түрдүүлүк”, “Конфликттен кызматташууга”, “Жарандык форум”, “Мен жана мамлекет”, “Демократия”, “Конституция – негизги мыйзам”, “Мыйзам үстөмдүгү”, “Бийликтин түзүмү жана ЖӨБ”, “Мен жана мамлекеттеги экономикалык тартип”, “Атаандаштык жана монополия”, “Базар жана мамлекет”, “Экономиканы турукташтыруу”, “Кууп жетип баратабызбы же артта калып жатабызбы?”, “Цивилизация жана анын өнүгүшү”, “Адамзаттын ааламдык маселелери”, “Адамзаттын альтернативдүү өнүгүүсү” – деген өңдүү темалар берилген [83].

Ошондой эле, кыргыз адабияты сабагында: Кыргыз акын жазуучуларынын, мисалы, Нурмолдо, Ч.Айтматов, Т. Сыдыкбеков, К. Тыныстанов, Арстанбек Буйлаш уулу, Ж. Турусбеков, Молдо Нияз, Тоголок Молдо, А. Осмонов, А. Токомбаев, Б. Сарногоев, Б. Алымов, С. Байгазиев ж.б. баланы адептүүлүккө тарбиялоого, үй-бүлөдөгү тарбия маданиятына байланыштуу чыгармалары берилген [26, 27].

Тарбиялык саттарда болсо төмөнкү темалар өтүлгөн: “Мекеним – алтын бешигим”, “Жоомарттык жана кайрымдуулук”, “Мугалим – алтын бешигим”, “Өз катаңды оңдой бил”, “Карынын кебин капка сал”, “Рекетчилик – бул жаман адат”, “Жашоо деген эмне?”, “Алтын апам ардагым”, “Эне тилде сүйлөйм жана ыр ырдайм”, “Ата бабалардын ысымын бил”, “Кайыр сураган бала кайдан чыкты?”,

“Таш менен урганды аш менен ур”, “Ден соолук көркү спорт”, “Чыныгы достук кандай болот?”, “Ар бир мезгил өз кооздугу менен көрктүү”, “Өз мүнөзүңдү кантип тарбиялайсың?”, “Кийим кымбат эмес, жарашыктуу болсун”, “Эне мээрими чексиз”, “Оң колуңдун ачуусун сол колуң менен бас”, “Уруш талашсыз окуп, жашайбыз”, “Чыныгы жигиттин жүрөгү эл үчүн”, “Кыздуу үйдө кыл жатпайт”, “Сөздүн кудурети күчтүү”, “Адам укугу деген эмне?”, “Мен кыялданган кесип”, “Менин бош убактым”, “Атаң карыса кул кылба”, “Өнөрлүү өлбөйт”, “Ар кандай кесип ардактуу”, “Экологияны коргоо – биздин милдетибиз”, “Салт менен диндин байланышы”, “Интернеттен кандай маалыматты алуу керек?”, “Улуттун бүгүнү жана эртеңи” ж.б. [7].

Эксперименталдык тайпадагы окуучулар да жогорудагы көрсөтүлгөн кадимки билимдерди өздөштүрүү менен бирге үй-бүлөлүк турмушту үйрөнүүнү камтыган **“Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери”** – деген кошумча билим программасы аркылуу окушкан.

Бул программа төмөнкү темаларды камтыйт: Сабакта “Үй-бүлө түшүнүгү жана анын маани, маңызы”, “Үй-бүлөлүк баалуулуктардын калыптанышы”, “Үй-бүлөлүк тарбия жана анын стилдери”, “Үй-бүлөдөгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери”, “Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк каада-салттар”, “Үй-бүлөдөгү мамилелер жана аларды жөнгө салуу”, “Үй-бүлөдөгү адеп-ахлактык тарбиянын башаты”, “Үй-бүлөлүк тарбиянын эрежелери жана өзгөчөлүктөрү”, “Үй-бүлөдөгү кыз баланын жүрүм-турум адеби”, “Үй-бүлөдөгү уул баланын жүрүм-турум адеби”, “Үй-бүлөдөгү көйгөйлөр жана анын себептери”, “Үй-бүлөлүк каада-салттардын үй-бүлө мүчөлөрүнө тийгизген таасири”, “Жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо үй – бүлөлүк каада-салттарды колдонуу”, “Үй-бүлө баланын рухий-нравалык өнүгүүсүнүн башаты”.

Ал эми тарбиялык сабактар “Мен жана менин келечектеги үй-бүлөмдүн портрети”, “Менин үй-бүлөмдүн тарыхы”, “Бекем үй-бүлө – бекем Кыргызстан”,

“Үй-бүлө, коом жана мен”, “Үй-бүлөлүк каада-салттарды бекемдөө зарылдыгы”, “Менин кыялымдагы үй-бүлө” деген темаларды өтүү аркылуу жүргүзүлгөн.

Класстан тышкаркы сабактарда болсо “Менин үй-бүлөм – менин сепилим”, “Үй-бүлө жаштардын көз карашы менен”, “Үй-бүлө сүйүүнүн жана жылуулуктун булагы”, “Биз бактылуубуз, анткени, биз биргебиз!” деген темалар өтүлдү (Тиркеме №3).

Кошумча билим программасынын тематикалык мазмуну гуманитардык багыттагы сабактарды окутууда учурдагы жалпы билим берүү программасынын мазмунуна дал келген жана жогорку класстардын окуучуларынын билимдерин жана билгичтиктерин өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн.

**“Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери”** эксперименталдык окуу программасы жалпы билим берүүчү орто мектептеринин мугалимдерине 8-9-10-класстардын окуучуларын “Адам жана коом”, “Жаран таануу”, “Кыргыз адабияты” сабактарын окутууда үй-бүлөлүк турмушка тарбиялоо максатында колдонууга сунушталат.

Окуу программасы орто мектептердин жогорку класстарынын окуучуларына гуманитардык багыттагы предметтерди окутууда, тарбиялык сааттарда, класстан тышкаркы саттарда колдонулат. Кошумча билим программасынын мазмунун гуманитардык багыттагы предметтерди окутууда өтүлүүчү сабактардын темалары, усулдук көрсөтмөлөр, өз алдынча иштөө үчүн суроолор, тесттик тапшырмалар түзүп, аларды кыргыз адеп, ахлагынын үлгүлөрү менен айкалыштырууну камтыйт.

Окуу-усулдук колдонмо учурдун талабына ылайык окуучулардын элдик педагогикалык баалуулуктар аркылуу үй-бүлөдө элдик каада-салт, нарк-насилдердин үлгүлөрүндө тарбияланып, өзүнүн үй-бүлөдөгү ролун туура аткарып, үй-бүлө мүчөлөрүнө туура мамиле жасап, жашап кетүүгө даярдоого салым кошо алат.

**“Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” кошумча билим программасынын максаты** – элдик педагогикалык баалуулуктарды өнүктүрүү, өркүндөтүү үчүн окуучуларды үй-бүлөлүк адеп-ахлак эрежелерин билүүгө жана элдик каада-салт,

нарк-насилдердин үлгүлөрүндө коомдо аралашып жашоого, адамдын этникалык өзгөчөлүктөрүн максаттуу пайдаланууга үйрөтүү, алардын маданияттуу жүрүм-турумдарын өнүктүрүүсүн калыптандыруу;

**“Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” кошумча билим программасынын милдеттери:**

– “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” окуу курсу аркылуу окуучунун элдик баалуулуктар системасында этномаданий иш-аракетинин өзгөчөлүгүн чагылдыруу;

– окуучулардын үй-бүлөлүк турмушка даярдык мамилелеринин калыптануу процессин анализдөө, педагогикалык иш-аракеттердин чөйрөсүндө калыптануучу жана иштелип чыга турган үй-бүлөлүк жашоодогу адеп-ахлактык моралдын өнүгүүсүнүн, нормаларынын жана принциптеринин өзгөчөлүктөрүн иликтеп үйрөнүү;

– окуучуларды элдик каада-салттарга, нарк-насилдерге оң мамиле кылууга, жалпы элдик педагогикалык баалуулуктарды сактоого үйрөтүү жана алардын жоопкерчилигин күчөтүү;

– окуучунун ички акыл-эстик, эмоционалдык, жаратмандык, аналитикалык жана сынчыл ой-жүгүртүүсүн стимулдоо.

Жогорку класстардын окуучулары үчүн колдонууга сунушталган эксперименталдык окуу программасынын мазмуну төмөндөгүдөй түзүлдү:

Окуу программасынын жалпы көлөмү – 24 саатты түзөт. Класстык саат үчүн – 14 саат, тарбиялык саат үчүн – 6 саат, класстан тышкаркы саат үчүн – 4 саат бөлүнгөн.

Калыптандыруучу экспериментте мектеп окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча педагог-окутуучулардын ишмердүүлүгү төмөнкүдөй мазмунда болуусу абзел.

Улуттук каада-салт, үрп-адаттарды жана элдик педагогиканын баалулуктарын эсепке алуу менен окуучулардын этномаданий жүрүм-турум эрежелерин, үй-бүлөлүк өз ара мамилелерин, үй-бүлө мүчөлөрүнө болгон

**3.2.1-таблица. – “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” окуу программасынын мазмуну жана сааттарынын бөлүнүшү**

| № | Өтүлүүчү темалар | Класстык саат | Тарбиялык саат | Класстан тышкаркы саат |
|---|---|---|---|---|
| **1.** | Үй-бүлө түшүнүгү жана анын маани, маңызы | **1** | | |
| **2.** | Үй-бүлөлүк баалуулуктардын калыптанышы | **1** | | |
| **3.** | Үй-бүлөлүк тарбия жана анын стилдери | **1** | | |
| **4.** | Үй-бүлөдөгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери | **1** | | |
| **5.** | Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк каада-салттар | **1** | | |
| **6.** | Үй-бүлөдөгү мамилелер жана аларды жөнгө салуу | **1** | | |
| **7.** | Үй-бүлөдөгү адеп-ахлактык тарбиянын башаты | **1** | | |
| **8.** | Үй-бүлөлүк тарбиянын эрежелери жана | **1** | | |
| **9.** | Үй-бүлөдөгү кыз баланын жүрүм-турум адеби | **1** | | |
| **10.** | Үй-бүлөдөгү уул баланын жүрүм-турум адеби | **1** | | |
| **11.** | Үй-бүлөдөгү көйгөйлөр жана анын себептери | **1** | | |
| **12.** | Үй-бүлөлүк каада-салттардын үй-бүлө мүчөлөрүнө тийгизген таасири | **1** | | |
| **13.** | Жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо үй-бүлөлүк каада-салттарды колдонуу | **1** | | |
| **14.** | Үй-бүлө баланын рухий-нравалык өнүгүүсүнүн | **1** | | |
| **15.** | Мен жана менин келечектеги үй-бүлөмдүн портрети | | **1** | |
| **16.** | Менин үй-бүлөмдүн тарыхы | | **1** | |
| **17.** | Бекем үй-бүлө – бекем Кыргызстан | | **1** | |
| **18.** | Үй-бүлө, коом жана мен | | **1** | |
| **19.** | Үй-бүлөлүк каада-салттарды бекемдөө зарылдыгы | | **1** | |
| **20.** | Менин кыялымдагы үй-бүлө | | **1** | |
| **21.** | Менин үй-бүлөм – менин сепилим. | | | **1** |
| **22.** | Үй-бүлө жаштардын көз карашы менен | | | **1** |
| **23.** | Үй-бүлө сүйүүнүн жана жылуулуктун булагы. | | | **1** |
| **24.** | Биз бактылуубуз, анткени, биз биргебиз! | | | **1** |

карым-катнашын анализдөө, үй-бүлөдөгү окуучунун ордун тактоо менен ролун, милдетин туура аткарууга карата тарбиялык иш-чараларды уюштуруу, окуучулардын үй-бүлөдөгү маданий жүрүм-турум эрежелерин сактоосуна, кыргыз улутунун салттык эрежелеринин негизинде иш-аракеттерди жасоосуна көзөмөл жүргүзүү. Ошондой эле, улуттук адеп-ахлактык эрежелерди, нормаларды сактоого, өнүктүрүүгө багытталып уюштурулган атайын иш-чараларга тартуу жана ал иш-аракеттердин окуучуларга тийгизген таасирин аныктоо.

Үй-бүлө маданияты, үй-бүлөдөгү мамилелер жөнүндөгү сабактар окуучулардын өз элинин маданиятына, баалуулуктарына болгон өзгөчө кызыкчылыгын жаратты.

**3.2.2-таблица. – “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” кошумча билим программасынын гуманитардык багыттагы предметтердин мазмунун толуктоо**

| К-р № | **“Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” программасынын мазмуну** | **Предметтердин аталышы** | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Адам жана коом | Жаран таануу | Кыргыз адабияты | Тарбиялык саат |
| 1. | Үй-бүлө түшүнүгү жана анын маани, маңызы | | + | | |
| 2. | Үй-бүлөлүк баалуулуктардын калыптанышы | | + | | |
| 3. | Үй-бүлөлүк тарбия жана анын стилдери | | | + | |
| 4. | Үй-бүлөдөгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери | + | | | |
| 5. | Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк каада-салттар | + | | | |
| 6. | Үй-бүлөдөгү мамилелер жана аларды жөнгө | + | | | |
| 7. | Үй-бүлөдөгү адеп-ахлактык тарбиянын башаты | | + | | |
| 8. | Үй-бүлөлүк тарбиянын эрежелери жана чөлүктөрү | | + | | |
| 9. | Үй-бүлөдөгү кыз баланын жүрүм-турум адеби | + | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 10. | Үй-бүлөдөгү уул баланын жүрүм-турум адеби | + | | | |
| 11. | Үй-бүлөдөгү көйгөйлөр жана анын себептери | | + | | |
| 12. | Үй-бүлөлүк каада-салттардын үй-бүлө элөрүнө тийгизген таасири | | + | | + |
| 13. | Жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо үй-элүк каада-салттарды колдонуу | | | | + |
| 14. | Үй-бүлө баланын рухий-нравалык өнүгүүсүнүн аты | | + | | |
| 15. | Мен жана менин келечектеги үй-бүлөмдүн | | | + | |
| 16. | Менин үй-бүлөмдүн тарыхы | | | | + |
| 17. | Бекем үй-бүлө – бекем Кыргызстан | | | + | |
| 18. | Үй-бүлө, коом жана мен | + | | | |
| 19. | Үй-бүлөлүк каада-салттарды бекемдөө | + | | | |
| 20. | Менин кыялымдагы үй-бүлө | | | + | |
| 21. | Менин үй-бүлөм – менин сепилим. | | | | + |
| 22. | Үй-бүлө жаштардын көз карашы менен | | | | + |
| 23. | Үй-бүлө – сүйүүнүн жана жылуулуктун булагы | | | + | |
| 24. | Биз бактылуубуз – анткени биз биргебиз! | | | | + |

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, атайын билим программасы аркылуу жогорку класстардын окуучуларын окутуу процессиндеги адеп, коом таануу, кыргыз адабияты предметтеринин мазмунун толуктоо менен окуучулардын үй-бүлөлүк турмуш, үй-бүлөдөгү психологиялык өзгөчөлүк, үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери, үй-бүлөнүн коомдо ээлеген орду жана инсандын жашоосундагы аткарган ролу жөнүндөгү түшүнүктөрүн, көз караштарын, ой жүгүртүүлөрүн түптөп, калыптандырууга мүмкүнчүлүк жаратты.

Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча учурдагы жалпы орто билим берүүчү мектептердин жогорку класстары үчүн окутулуп жаткан гуманитардык багыттагы сабактардын программасын толуктаган кошумча билим программасындагы бир сабактын мазмунун карап көрөлү:

**Сабактын темасы: Үй-бүлөдөгү милдеттер.**

**Сабактын максаты:** окуучуларга үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктоого көмөк көрсөтүү жана үй-бүлө мүчөлөрүнө туура мамиле кылуунун жолдорун үйрөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучулар үй-бүлөдөгү милдеттер жөнүндө түшүнүктөрүн кеңейтишет;

– үй-бүлө мүчөлөрүнө туура мамиле жасоонун жолдорун билишет;

– үй-бүлө мүчөлөрүн урматтоого, үй-тиричилик жумуштарын жоопкерчилик менен аткарууга үйрөнүшөт;

– үй-бүлөлүк милдеттерди аткарууда бири-бирине жардам берүүнүн маанилүүлүгүнө көңүл бурушат.

**Колдонулуучу каражаттар:** проектор, ватман, маркер, таркатма барактар

**Сабакты уюштуруу: "Ассоциация"** оюну.

Көзүңөрдү жумгула жана оюңарда үй-бүлө сөзүн айткыла. Үй-бүлө деген сөз кандай түшүнүктөр менен шартталат. Эгерде үй-бүлө канаттуу болсо кандай канаттуу болмок, эмне үчүн? Эгерде үй-бүлө дарак болсо, кандай дарак болмок, эмне үчүн?

**Жаңы тема: Үй-бүлөдөгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери.** "Мен мындан артык чыдай албайм! Менин милдеттерим тоодой, аны жылдырууга менин дареметим жок. Эрте менен сени ойготуу, үй жумуштарын аткаруу, килем кагуу, балдарды кароо, базарга барып азык-түлүк сатып алуу, ал эми кечинде сенин жактырган тамагыңды даярдоо мен үчүн өтө оор, тажап кеттим" – деп жубайы жолдошуна арызданды. Тоок этин жеп олтурган жолдошу "Анын эмне өзгөчөлүгү бар экен. Бардык аялдар сен кылган жумуштарды аткарышат. Болбогон нерселерге арызданып жатасың. Мен иштеп жаткан учурда сен эртеден кечке үйдө олтурасың". ",өзүн уланта жубайы: кичине болсо да жардам берсең боло!" – деди. Акырында жолдошу үйдөн сырткары жумуштарды, ал эми жубайы үй ичиндеги жумуштарды аткаруу сунушуна макул болду. Үй-бүлөдөгү милдеттерди ушундай

жол менен бөлүштүрүп алган соң жубайлар узак убакытка чейин тынчтыкта, чырчатаксыз өмүр сүрүштү.

Бир күнү жолдошу достору менен кафеде кофе ичип олтурган. Аңгыча кафеге кошунасы кирип тынчсыздана “Үйүңө тезирээк чурка, сенин үйүн өрттөнүп жатат” – деп кыйкырды. Жолдошу кымырабай туруп “үй ичинен күйүп жатабы же сыртынанбы?” – деп сурады. Кошунасы “ичинен” – деп жооп берди. “Андай болгон болсо, бул менин милдетиме кирбейт. Мен үйдөн сырткары иштерге гана жооптуумун” – деп кофесин ичүүнү улантты.

– Ойлонуп көргүлөчү үй-бүлөлүк милдеттер туура бөлүштүрүлдүбү? Эмне үчүн?

– Үй-бүлөлүк милдеттерди ушундай тартипте бөлүштүрүүнүн жыйынтыгы эмнеге алып келди? Мындай үй-бүлөнү бекем деп айтууга болобу?

Үй жумуштарын аткаруу – демек, үй-бүлөнүн жашоосу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү. Ар бир үй-бүлөдө үй жумуштарын аткаруу ар башка жолдор менен ишке ашат. Буюмдарды керек болгон учурда убакыт коротпой табуу үчүн алардын өз жайында болуусу шарт. Мындай тартип бир гана адамдын аракети менен эмес бардык үй-бүлө мүчөлөрүнүн биргелешкен аракети менен ишке ашат. Кандай гана иш болбосун үй-бүлө мүчөлөрү бири-бирине кол кабыш кылып, жардам колун сунуп турса бул кандай жакшы. Үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү өз милдеттерин гана аткаруу менен алектенбестен, сыркоолоп же бошобой калган бир тууганынын да милдеттерин аткарууга даяр болуусу керек. Ал эми милдеттер деген эмне?

Бул кимдир бирөөгө жүктөлгөн жана аткарууга тийиш болгон иш-аракеттердин айлампасы.

Үй-бүлөлүк милдеттерди бөлүштүрүүнүн үч негизги багыты бар:

– жеке каалоолор (ким эмнени аткарууну көбүрөөк кааалайт)

– жөндөмдүүлүктөр (ким кайсы ишти мыкты аткарса, анда ошол ишмердүүлүк менен алектенет)

– пайдалуу ишмердүүлүк (үй-бүлөдө балага анын келечектеги жашоосу үчүн пайдалуу боло турган ишмердүүлүктүн түрүн жүктөө)

Үй-бүлө ээсинин милдеттери, аткарган ролу кандай? Үй-бүлөнүн кожейкеси кандай милдеттери, аткарат? Келгиле бул суроолорго жооп таап, үйдөгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктоо үчүн төмөндөгү таблицаны толтурууга аракет кылалы.

Окуучуларга атайын алдын-ала даярдалган үйдө аткарыла турган жумуштардын тизмеси жазылган карточкалар таркатылат. Окуучулар карточкаларды таблицага жайгаштырышат. Алар: үйдү жыйнап иретке келтирүү, идиш-аяктарды жууп тазалоо, азык-түлүктөрдү сатып алуу, эс алууну уюштуруу, төлөмдөрдү аткаруу, кийим-кечелерди жууп, иретке келтирүү, баланы сейилдөөгө алып чыгуу, балдарды бала бакчага алып баруу, тамак-ашты даярдоо, бузулган буюмдарды оңдоп түзөө, үй-жаныбарларына кам көрүү, таштандыны сыртка алып чыгуу, балдардын сабак аткарууларын көзөмөлдөө, конокко баруу, туугандарга, жакын адамдарга жана даталуу күндөргө карата белектерди сатып алуу ж.б

| | Ар дайым | Көбүнчө көбүнесе | Кээде | Анда-санда | Дээрлик эч качан |
|---|---|---|---|---|---|
| Жолдошу | | | | | |
| Жубайы | | | | | |
| Баласы | | | | | |
| Кызы | | | | | |
| Бирге аткаруу | | | | | |

Жогоруда берилген сөздөрдү таблицага төмөнкүдөй жайгаштырабыз:

| | Ар дайым | Көбүнчө көбүнесе | Кээде | Анда-санда | Дээрлик эч качан |
|---|---|---|---|---|---|
| Жолдошу | Бузулган буюмдарды оңдоп түзөө | Эс алууну уюштуруу | Таштандыны сыртка алып чыгуу | Үйдү жыйнап иретке келтирүү | |
| | | | Төлөмдөрдү | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | аткаруу | | |
| Жубайы | Үйдү жыйнап иретке келтирүү | Идиш-аяктарды жууп тазалоо | Таштандыны сыртка алып чыгуу | Бузулган буюмдарды оңдоп түзөө | |
| | Төлөмдөрдү аткаруу | | | | |
| | Кийим-кечелерди жууп, иретке келтирүү | | | | |
| | Тамак-ашты даярдоо | | Тамак-ашты даярдоо | | |
| Баласы | Үй-жаныбарла-рына кам көрүү | | | | |
| Кызы | Үй-жаныбарла - рына кам көрүү | | Кийим-кечелерди жууп, иретке келтирүү | Тамак-ашты даярдоо | |
| Бирге аткаруу | Баланы сейилдөөгө алып чыгуу | Азык-түлүктөрдү сатып алуу | Үй-жаныбарлары на кам көрүү | | |
| | Балдардын сабак аткаруула рын көзөмөлдөө | | Эс алууну уюштуруу | | |
| | | Конокко баруу | | | |
| | | Төлөмдөр дү аткаруу | | | |
| | | Балдарды бала бакчага алып баруу | | | |

**Топтордо иштөө:**

1 – тайпа “Д” (Далилдөөчү) үй-бүлөдө ар баланын өз милдеттери болуш керек деген көз карашты жактайт.

2 – тайпа “Т” (төгүнгө чыгаруучу) үйдөгү милдеттер бала үчүн тоскоолдуктарды жаратат ал гана эмес зыян алып келиши да мүмкүн деген ойду далилдөө менен 1-тайпанын оюн төгүнгө чыгарууга аракет кылат. Ар бир тайпа өз оюн, көз карашын жактоо үчүн 5 тен кем эмес негиздүү далилдерди келтирүүсу шарт.

| **Далилдөөчү тараптын келтирген далилдери** | **Төгүнгө чыгаруучу тараптын келтирген далилдери** |
|---|---|
| 1. Чыныгы үй-бүлө – бул жакындарына болгон сүйүү жана камкордук | 1. Биздин биринчи жана эң негизги милдетибиз – мектепте жакшы окуп билим алуу |
| 2. Биз курактагы балдар үйдөгү кээ бир милдеттерди аткарууда жетишээрлик жөндөмдүүлүктөргө ээ | 2. Балдар ата-энелерге эмес, ата-энелер балдарга кам көрүүсү керек |
| 3. Милдеттерди бир бөлүгүн аткаруу үчүн жоопкерчиликти моюнга алуу – демек, ата-эне, чогуу аткарыла турган кызыктуу иш-чараларга убакыт бөлүү | 3. Балдар үй жумуштарын сапаттуу аткара алышпайт, бир нерсени бузуп коюлары ыктымал |
| 4. Үй жумуштарын аткара билүү жөндөмдүүлүгүнүн келечекте сөзсүз пайдасы тиет | 4. Үй жумуштары менен алектенсе, оюн ойноого убакыт болбой калат |
| 5. Үй-бүлөлүк милдеттердин болуусу өзүн урматтоого, өзүн чоң сезүүгө, жоопкерчиликтүү болууга үйрөтөт | 5. Үй-бүлөдөгү милдеттер – бул өтө зеригичтүү, жадатма иш |

Тайпанын өкүлдөрү ирээти менен өз ойлорун билдиришет. Андан соң каршылаштарынын суроолоруна жооп беришет.

Келгиле ойлонуп көрөлү. Биз ата-эне, чоң-ата, чоң эне, ага-ини, эже-сиңдилерибизге кандай жардам көрсөтө алабыз?

Баарлашуу учурунда окуучулар төмөнкүдөй жоопторду беришет.

Ата-эненин жардамысыз балдардын өзүнө-өзү кам көрүүсү мисалы: керебетти жыйнап иретке келтирүү, өз кийиминин тазалыгына кам көрүү, окууга

кие турган кийим-кечелерин, бут кийимдерин кийинки күнгө алдын ала даярдоо, сабак даярдоочу столун иретке келтирүү.

Келгиле ар бирибиз жашаган үйүбүздүн бардык бөлүгүнө саякат жасап келели.

**Алгач үйдүн кире беришиндеги зал:** бут кийимдерге кам көрүү (чаңын сүртүп, таазалоо)

**Ашкана:** идиш-аяктарды жууп тазалоо, таштанды салынган урнаны сыртка алып чыгуу, чай кайнатуу, тамак-ашты даярдоо үчүн керектелүүчү азык-түлүктөрдү алдын-ала даярдоо.

**Уктоочу бөлмө:** Үйдү шыпыруу, чаң арчуу, гүлгө суу кую, кичинекей ини, сиңдилериңдин оюнчуктарын жыйноого жардамдашуу, апасы эс алып тургучакты алар менен ойноо.

**Көчө:** дүкөнгө, почтага барып келүү, балдарды ойнотууда апасына жардам көрсөтүү, короодогу жерди күрөө.

**Жыйынтыктоо:** “Бүтпөгөн сүйлөмдөр” оюну

Окуучуларга бүтпөгөн сүйлөмдөр жазылган баракчалар таркатылат.

а) Данияр үйгө келген учурда апасы да ошол учурда иштен келген болчу. Кечки тамактын даяр эместигин көргөн Данияр айтты...................................

б) Апасы кичинекей Эрмекти уктата албай көпкө убараланып жатты. Бул учурда бөлмөгө кирген Айгерим полдо Эрмек чачкан оюнчуктарды көрдү. Айгерим ойлоду апам азыр.........................................жана...........................

в) Талант мектептен үйгө келди. Ашканага кирип нан калбай калганын көрдү, ал эми муздаткыч бош. Жакынкы убактарда ата-энеси иштен келишет. Талант..........................................................................................

г) Сыймык чоң кишилердин ишин аткарууну жактырат бирок себеби атасы аны алкаганында эмес, болгону ал өзүн чоң, жоопкерчиликтүү сезет. Мисалы, ал .........................................................................................................

д) Иш күнү аяктагандан кийин бардыгы чарчашкан жана телевизор көрүп жатышкан. Марат апасына жардам берүүнү чечти, ал....................................

1. Мен апама аны канчалык жакшы көрөөрүмдү көрсөтө алам......................

2. Мен атама ага канчалык кам көрөөрүмдү көрсөтө алам..............................

3. Менин чоң атам жана чоң энем мен үчүн канчалык баалуу экендигин көрсөткүм келет...................................................................................................

4. Мен өзүм жөнүндө кам көрө алам.................................................................

Демек, биз өзүбүзгө кам көрүп, башкаларга жардам бере алабыз. Бул кыйын иш деле эмес жана ата-энелер тарабынан ар дайым алкоого алып турууну же эскертүүнү талап кылбайт. Анткени, биз өз алдынча иштерди аткарууга жөндөмдүүбүз.

**3.2.3-таблица. – Жогорку класстардын окуучуларынын элдик педагогиканын баалуулуктары жана үй-бүлөлүк тарбия жөнүндөгү билимдерин аныктоонун чен-өлчөмдөрү жана суроолору**

| Чен-өлчөмдөр | Суроолор |
|---|---|
| **1.Үй-бүлө жана анын маани-маңызы жөнүндө билимге ээ болуусу, үй-бүлөдөгү эреже салттарды сактоого, туура мамилелешүүгө умтулуусу** | *1-суроо.* Үй-бүлө деген эмне? Сиз аны кандай түшүнөсүз?<br>а) үй-бүлө – бул чогуу жашаган адамдардын тобу<br>б) үй-бүлө деген өз мыйзамдары бар кичинекей мамлекет<br>в) үй-бүлө – бул бири-бирине көз карандысыз адамдардын тобу<br>г) үй-бүлө – бул жеке кызыкчылыктарды көздөгөн адамдардын биригүүсү<br>*2-суроо.* Сиздин келечектеги үй-бүлөңүз кандай болушун каалайсыз же кандай болушу керек?<br>а) менин үй-бүлөмдө бири-бирин сыйлоо жана өз ара түшүнүүчүлүк болушу керек<br>б) менин үй-бүлөм кумурсканын уюгу сыяктуу болушун каалайм. Анда баары эмгекчил болушу керек<br>в) менин үй-бүлөмдүн элдик каада-салттарды кармануусун каалабайм. Анткени менин үй-бүлөм заманбап үй-бүлөлөрдөн болушу керек |

| | |
|---|---|
| | г) менин үй-бүлөм эч кынтыксыз идеалдуу болушун каалайм |
| | *4-суроо.* Үй-бүлөдө үлгү болуу дегенди кандай түшүнөсүз?<br>а) үлгүлүү жүрүм-турумга ээ болуу<br>б) ар дайым ийгиликтерди жаратуу<br>в) адашууга жол бербөө г) камкор адам болуу<br>*5-суроо.* Билим алууга үй-бүлөнүн кандай таасири бар?<br>а) айрым учурларда билим алууда үй-бүлө тоскоолдук жаратышы мүмкүн<br>б) билим алууда үй-бүлөнүн таасири жокко эссе<br>в) үй-бүлө бала үчүн алгачкы мектеп болгондуктан анын билим алуусунда таасири чоң<br>г) билим алууга акыл-эс жактан даяр болуусунда үй-бүлөнүн таасири чоң |
| 2**. Элдик педагогиканын баалуулуктарына жана үй-бүлөлүк салттарга позитивдүү мамиле кылуу** | *3-суроо.* Мыкты ата-эне болуу үчүн кандай болуу керек деп ойлойсуз?<br>а) үй-бүлөдө катуу талап, тартиптин болуусун көзөмөлдөп туруу керек<br>б) мыкты ата-эне болуу үчүн өз баласын башка балдарга салыштырбоо керек<br>в) ата-эне тарабынан моралдык, материалдык жактан колдоонун болушу керек<br>г) бала үчүн коопсуз чөйрөнү түзүү керек<br>*8-суроо.* Үй-бүлөдөгү салттар дегенди кандай түшүнөсүз?<br>а) үй-бүлөлүк кеңешмелерди өткөрүү<br>б) үй-бүлөдө кабыл алынган адеп-ахлактык мүнөзгө ээ болгон жүрүм-турум эрежелери, муундан-муунга берилүүчү көз караш, каада-салттар<br>в) үй-бүлөлүк майрамдар<br>г) үй-бүлөдө ата-эне тарабынан кабыл алынган эрежелер<br>*9-суроо.* Үй-бүлөдөгү сага жаккан салттар кайсылар?<br>а) конок күтүү б) чогуу театр киного баруу в) чогуу сейилдөөгө чыгуу г) белек берүү<br>*10-суроо.* Үй-бүлөдөгү сага жакпаган салттар кайсылар?<br>а) үй жумуштарын чогуу аткаруу б) чогуу конокко баруу в) ырым-жырымдарды пайдалануу г) кийинүү манерасы |

| | |
|---|---|
| | *6-суроо.* Сиздин оюңуз боюнча азыркы убактагы үй-бүлөлөрдүн кандай жетишкен жактары бар?<br>а) салттуу көз караштардан заманбап көз караштарга өтүүсү<br>б) үй-жумуштарын чогуу аткаруу<br>в) үй-бүлөнүн негизги баалуулук катарында эсептелиниши<br>г) үй-бүлө мүчөлөрүнүн теӊ укуктуулугу<br>*7-суроо.* **Сиздин** оюңуз боюнча азыркы убактагы үй-бүлөлөрдүн кандай жетишпеген жактары бар?<br>а) үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине болгон кайдыгер мамилеси<br>б) турмуштун кыйынчылыктарын түшүнө билбегендик<br>в) социалдык теңсиздиктин орун алышы<br>г) бири-бирин урматтоо, сыйлоо, жардамдашуу, түшүнө билүүнүн негизинде курулган бекем үй-бүлөлөрдүн санынын төмөндөөсү |
| **3. Үй-бүлө мүчөлөрү менен мамилелешүү ыктарына, жөндөмдүүлүктөрүнө, көндүмдөрүнө ээ болуу** | *11-суроо.*Үй-бүлө Сиздин жашооңузда кандай мааниге ээ?<br>а) үй-бүлө – бул өз мыйзамдары бар кичинекей мамлекет<br>б) тарбиялоодо негизги, узак убакытка созулган, маанилүү ролду аткарган жамаат<br>в) үй-бүлөдөгү эрежелер кээде терс таасирин берет<br>г) үй-бүлө менин жашоомдо таасирдүү роль ойнобойт<br>*12-суроо.* Үй-бүлөдө ата-энеңизге, бир туугандарыңызга карата мамилеңиз кандай?<br>а) оң в) орто б) терс г) айталбайм<br>13-суроо. Үй-бүлөдө ата-эненин ролу кандай болуусу керек деп ойлойсуз?<br>а) эне – бул үйдүн куту, ата – бул төрдүн көркү дегенге татыктуу жашоо<br>б) ар дайым багытуу, максаттуу тарбия жүргүзүүсү керек<br>в) балдарга эч качан жолтоо болбоо керек<br>г) үй-бүлөдө бардыгы үчүн ата-эне милдеттүү эмес. |
| | *14-суроо.*Сиз үй-бүлөдө кандай ролду аткарасыз?<br>а) үй-бүлө мүчөсү катары өзүмдөн кичинекейлерге үлгү болуу<br>б) үй-бүлөдө көп деле таасирдүү ролдо эмесмин<br>в) үй-бүлөнүн ишенимдүү адамы болом |

| | |
|---|---|
| | г) Мен өз алдынча көз карандысызмын<br>15-суроо. Жашоонун ар кандай кырдаалдарында кандайдыр бир чечим кабыл алууда алгач ким менен кеңешесиз?<br>а) ата-энем менен б) бир туугандарым менен<br>в) досум, классташтарым менен<br>г) мугалим эжей менен<br>*16-суроо.* Кандай үй-бүлөлүк салттар Сиздин үй-бүлөңүздүн бекемдешине алып келет?<br>а) конок күтүү б) майрамдар жана саякаттоо<br>в) үй-бүлөлүк чогуу тамактануу<br>г) катуу тартиптин болушу |
| **4. Үй-бүлөлүк баалуулуктар жөнүндөгү билгичтиктерге ээ болуусу** | *17-суроо.* Менин үй-бүлөм ынтымактуу жамаат деп эсептейсизби?<br>а) ооба в) жок б) билбейм г) башка жооп *18-суроо.* Менин ата-энемдин үй-бүлөсү кандай болгон жана менин ага болгон мамилем?<br>а) менин келечектеги үй-бүлөмдүн ушундай болуусун каалайм в) менин келечектеги үй-бүлөмдүн ушундай болуусун каалабайм<br>б) мен үчүн ата-энемдин үй-бүлөсү маанилүү эмес<br>г) мен ата-энемдин үй-бүлөсүн сыйлайм жана ошондой үй-бүлө курууга аракеттенем |

Ошентип, калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгында жогорку класстардын окуучуларынын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо үчүн иштелип чыккан моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу аныкталды. Ошондой эле, иштелип чыккан “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” – деген атайын билим программасынын мазмуну менен мамлекеттик билим берүү стандартынын негизиндеги программанын мазмунун толуктоо зарылдыгы айгинеленди. Мындай натыйжалар жогорку класстардын окуучуларынын элдик педагогиканын баалуулуктары жана үй-бүлөлүк тарбия жөнүндөгү билимдерин аныктоонун чен өлчөмдөрү аркылуу тастыкталды.

### 3.3. Эксперименталдык тажрыйба иштеринин натыйжаларын талдоо

Айыл мектептеринин жогорку класстарынын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун жыйынтыктарын аныктоо үчүн иштелип чыккан чен-өлчөмдөр жогорку класстардын окуучуларынын социалдык-маданий чөйрөдөн, үй-бүлөдөн алган жеке мүнөзүн чагылдыруучу атуулдук-адеп-ахлактык, маданий жүрүм-турумуна байланыштуу сапаттардын көрсөткүчү катары белгилөөгө болот. Бул көрсөткүчтөр окуучулардын үй-бүлөлүк турмушка даярдыгын калыптандырууда ишке ашырылат. Бул изилдөөнүн натыйжалуулугун аныктоодо, жогоруда көрсөтүлгөн талаптарга таянуу менен “үй-бүлө”, “үй-бүлөлүк турмушка даярдоо” жөнүндөгү билимдеринин, ошондой эле, изилдөөнүн мазмунунун негизиндеги көрсөткүчтөр жана аларга ылайык жогорку класстардын окуучуларына мүнөздүү үй-бүлөлүк турмуш түшүнүктөрүн аныктоонун чен-өлчөмдөрү иштелип чыкты (2.1.2-таблица).

Аталган чен-өлчөмдөрдү негизги көрсөткүч катары кабыл алуу менен класстан тышкаркы иштерде жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун натыйжасын аныктоого болот.

Изилдөөнүн аягында жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча моделин класстан тышкаркы иштерди жүргүзүүдө программага киргизүү үчүн жана жүргүзүлгөн эксперименттик иштердин жыйынтыктарын аныктоочу эксперимент иштеринен алынган натыйжаларга салыштырганда жогорку класстардын окуучуларында болгон өзгөрүүлөрдү аныктоо үчүн эксперименталдык тайпадагы жана текшерүүчү тайпадагы окуучуларга калыптандыруучу тажрыйбалык иштер жүзөгө ашырылды.

Калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгы жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлө, үй-бүлөлүк турмуш жөнүндө таалим-тарбия берүүнүн натыйжалуулугун аныктоого негиз боло алды.

Иликтөө ишинин жыйынтыгы көрсөткөндөй, эксперименталдык тайпада жогорку деңгээлдеги окуучулардын саны көбөйдү. Бул көрүнүш жогорку класстардын окуучуларынын улуттук каада-салт, нарк-насилдерге, үй-бүлөгө, үй-бүлөдөгү жашоого баалуу мамиле кылып, өзүнүн келечектеги үй-бүлөсүнө жоопкерчилик артканын белгилейт: жогорку деңгээл 64,62%га жогорулады. Мына ушундай эле көрүнүш текшерүүчү тайпада да белгиленип: анын жогорку деңгээли 12,65%га жогорулады. Мындай жагдайды төмөнкүдөй түшүндүрүүгө болот: жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлөлүк турмуш, үй-бүлө мүчөлөрүнө сый-урмат менен мамиле жасоо көндүмдөрүнүн туруктуулугу, алардын курчап турган чөйрөсүнө, коомго, үй-бүлөсүнө болгон мамилелеринин жагымдуу жагдайлары байкалды.

Мындай жагымдуу жагдайлар жана натыйжалар класстык, класстан тышкаркы иштер боюнча жалпы билим берүү программасынын кошумча мазмунунун натыйжалуу болгондугун аныктады. Текшерүүчү тайпада да үй-бүлөлүк турмуш жөнүндө таалим-тарбия берүү үчүн жалпы билим берүү программасынын негизинде билим берүү, тарбиялоо иштери жүргүзүлбөгөндүгүнө карабастан, эксперименталдык тайпанын таасириндеги жакшы натыйжалар алынды.

Үй-бүлөлүк турмушка, үй-бүлөлүк эреже-нормаларды улуттук баалуулуктардын үлгүсүндө сактоого, өнүктүрүүгө даяр болуу көрсөткүчү боюнча эки тайпада тең ЭТ жана ТТда өнүгүү байкалды. Бул болсо төмөнкүчө түшүндүрүлөт.

Класстан тышкаркы сааттарды уюштуруу процессинде колдонулган модель, атайын билим программасы окуучулардын үй-бүлөлүк турмушка, улуттук баалуулуктарга, элдик каада-салт, нарк-насилдерге карата болгон мамилесинин өзгөрүүсүнө таасир тийгизет.

ЭТда үй-бүлөлүк турмушка даярдоо иши улуттук баалуулуктар жөнүндө окутуу, таалим-тарбия иштери атайын түзүлгөн программа менен толукталды.

Мунун натыйжасында жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлө, үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү билим, ык, машыгууларынын бир кыйла деңгээлде өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

В.Ф. Афанасьев, К.Х. Ахияров, Г.Н. Волков, У.А. Винокурова, А.А. Григорьева, В.С. Кукушкин, Т.Н. Петрова, Б.Н. Попов, К.Д. Уткин, К.С. Чиряев сыяктуу окумуштуу этнопедагогдор жана этнопсихологдордун изилдөөлөрүнө жараша заманбап коомчулук жана үй-бүлөлөрдүн салт-санаалары, жашоо тарзыбыз, адамдардын дүйнө таанымы, тарбия мазмунунун терең тарыхый тамырларга ээ. Алардын көз карашына ылайык билим берүү жана тарбиянын мазмунуна ар бир элдин руханий жетишкендиктерин жана материалдык маданиятын киргизүү шарт, себеби бул – өсүп келе жаткан муунду биринчиден элдердин маданиятын, экинчиден жалпы адамзаттык баалуулуктарды үйрөтүү боюнча үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун зарыл шарты болуп эсептелет.

Жогорку класстын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун негизги принциптери – табигый зиректик, маданий зиректик жана гуманизация болгондуктан, иликтөө ишинин жүрүшүндө, анын жыйынтыктарын чыгарууда аталган принциптер негиз катары каралды. Ошондой эле, окуучулардагы бул касиеттер менен бирге адеп-ахлактуулук, акыл-эстүүлүк, кичи пейилдик, ийкемдүүлүк, мээримдүүлүк сыяктуу сапаттар үй-бүлөдөгү өз ара мамиледе, коомдук социалдык чөйрөдөгү карым-катнашта, чет элдер менен болгон алака-катышта негизги орунда туруп, улуттук баалуулуктун негизин түзүп турат.

Үй-бүлө сөзү латын тилинен келип чыккан famulus "кызматчы" же "кул" дегенди билдирет. Чындыгында, мурун бул сөз мырзанын үйүнүн туугандары менен кызматчыларын камтыган.

Үй-бүлө – бул никеге негизделген, туугандык, өз ара жардам жана өз ара жоопкерчилик мамилелерин камтыган кичинекей социалдык топ.

Азыркы учурда жер бетиндеги адам коомчулугунда үй-бүлө биримдиктеринин көптөгөн түрлөрү бар. Кыскача алардын типтүү түрлөрүн карап көрөлү:

Салттуу үй-бүлө – үй чарбасында иштеген жубайы жана аялы. Башкача айтканда, үй-чарба иштерине байланыштуу жоопкерчилик, милдеттер жубайлар ортосунда бирдей бөлүштүрүлгөн.

Нуклеардык же ядролук үй-бүлө – алардын багуусундагы ата-энелер жана балдар.

Кеңейтилген, көп муундуу (чоң үй-бүлө) үй-бүлө – жубайлардын бирге жашаган ата-энеси, балдары жана башка туугандары.

Аралаш үй-бүлө – бул жубайлардын бири балдарга өгөй ата же өгөй эне болгон үй-бүлө. Мындай нике ажырашуудан кийин же жубайлардын бири өлгөндөн кийин пайда болот.

Баласыз нике – мындай үй-бүлөлөрдө жубайлардын буга чейин мурунку никеден бойго жеткен балдары бар. Андыктан алар жаңы никеден бала күтүшпөйт.

Ажырашуунун кесепетинен же баланын никесиз төрөлүүсүнүн натыйжасында жалгыз атадан же энеден турган үй-бүлө. Багып же асырап алган балдары бар үй-бүлө.

Үй-бүлөнүн мындай түрлөрүн анализдөө менен үлгүлүү үй-бүлө түшүнүгүнүн маани-маңызын ачыктоо зарылдыгы жаралды.

Кадыресе үлгүлүү үй-бүлө сөзүн укканыбызда көз алдыбызга ата-энесинен бөлөк жашаган, балдары бар, үй-чарбасын жүргүзүүгө жана балдарды тарбиялоого бирдей катышкан, ишеним, сүйүү жана бири-бирин урматтоонун негизинде үй-бүлө курган жубайларды элестетебиз.

Калыптандыруучу эксперименттин натыйжасында жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлө жөнүндөгү түшүнүктөрү кеңейди жана үлгүлүү үй-бүлө түшүнүгүнүн маани-маңызы ачыкталды.

Үлгүлүү үй-бүлө – бул толук мүчөлүү, бир же эки муундан турган, табигый ата-энелик, бир туугандык карым-катнаштарга негизделген, прогрессивдүү элдик каада-салттарды тутунган, үй-бүлө мүчөлөрү социалдык ролдорун жакшы билген жана аларды заманбап коомдогу милдеттер менен айкалыштыра алган социалдык биримдик деп аныктоого негиз бар.

Үлгүлүү үй-бүлө түшүнүгүн толук кандуу үй-бүлө, идеалдуу үй-бүлө, бактылуу үй-бүлө, камсыз болгон үй-бүлө, толук үй-бүлө, бекем үй-бүлө түшүнүктөрү менен айкалыштырууга болот.

Үлгүлүү үй-бүлөнүн өбөлгөсү – бул үй-бүлө мүчөлөрүнө камкордук кылуу, аларды бактылуу кылууга умтулуу, бир туугандарына, жакын адамдарына колдоо көрсөтүү, алар менен ынтымакта болууну каалоо.

Демек, үлгүлүү үй-бүлө сүйүүнүн, өз ара түшүнүшүүнүн, бири-бирине жардам берүүнүн жана жакын адамдарга болгон сүйүү, ишенүү сезимдеринин негизинде курулат. Бирок, азыркы учурда жаштардын басымдуу бөлүгү бул түшүнүктөрдү жөн гана эскирген стереотип же утопия катарында кабыл алышат. Адамдардын коомдо ээлеген орду, социалдык, үй-бүлөлүк абалы да үлгүлүү үй-бүлө түшүнүгүнөн алыстоого өз таасирин тийгизет. Анткени, кээ бир балдар толук эмес үй-бүлөдө (жалгыз энеден же атадан турган үй-бүлөдө), айрымдары аралаш үй-бүлөлөрдө тарбияланышат жана үй-бүлөлүк турмуштун маанисин, үй-бүлөлүк баалуулуктарды толук андап билишпейт.

Натыйжада муундан-муунга өтүп келе жаткан, элдик педагогиканын тажрыйбасына негизделген жашоонун негизги баалуулуктары унутта калып, байлык, мансап жашоонун маңызын түзүүдө.

Үлгүлүү үй-бүлө баланын дени сак өсүп-өнүгүүсүнө, жакшы билим алып бийиктиктерди багындыруусуна жардам берет, руханий жактан жетилүүсүнө шарт түзөт. Мындай үй-бүлөдө тарбияланган балдар аларды курчап турган дүйнөнү таанып билүүнү, өнүгүүнү каалашат, турмушта өз ордун табууга аракеттенишет.

Келечекте үй-бүлө курууда өз үй-бүлөсүнүн тажрыйбасына таянышат, аны кийинки муундарга өткөрүп берүүгө умтулушат.

Калыптандыруучу эксперименттин натыйжасында жогорку класстардын окуучулары үлгүлүү үй-бүлөнүн төмөнкүдөй белгилери менен таанышты:

**1. Үй-бүлөнүн социалдык-демографиялык белгилери:**

– үй-бүлөнүн туруктуу катталган турак-жайынын болуусу;

– баланын жашоо шартына оң таасир тийгизүүчү жагымдуу чөйрөнүн болуусу;

– балдардын төрөлүшү (репродуктивдүүлүк функциясынын болуусу) жана аларга кам көрүү.

**2. Үлгүлүү үй-бүлөлүк жашоонун социалдык-экономикалык шарттары:**

– баланын материалдык жактан камсыз болуусу;

– материалдык каражаттарды үнөмдүү пайдалануусу;

– үй-бүлөнүн бюджетинин натыйжалуу пландаштырылышы.

**3. Үлгүлүү үй-бүлөнүн турмуш-тиричилик шарттары:**

– турмуш-тиричилик шарттарынын коопсуздугунун сакталышы;

– балдардын табигый тамак-аш, сапаттуу азыктар менен камсыз болушу;

– балдардын тамактануу, сабак даярдоо жана уктоосу үчүн керектүү эмеректер менен камсыз болушу;

– балдардын кийим-кече, окуу жабдыктары (шаймандары) менен камсыз болушу.

**4. Үй-бүлөнүн медициналык-санитардык шарттары:**

– турак жайда санитардык-гигиеналык эрежелердин сакталышы;

– баланын ден соолугунун абалына кам көрүү жана алдын ала медициналык кароолордон өткөрүү;

– ата-энелердин ден соолугунун абалына кам көрүү.

**5. Ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүктөрүнүн деңгээли;**

– ата-энелердин тарбиялоо аракеттеринин адеп-ахлактуулукка негизделүүсү;

– баланын билим берүү мекемесине баруусун көзөмөлгө алуу. Ата-энеде баланын окуудан сырткары өткөргөн убактысы жөнүндө маалымдуулуктун болуусу;

– билим берүү мекемеси менен ата-энелердин өз ара мамилелешүүсү;

– ата-энелердин тарбиялоонун натыйжалуу усулдарын тандай билүүсү.

**6. Үй-бүлөнүн ар бир жашоочусунун инсандык укуктарын урматтоо жана коргоо:**

– баланын эмоционалдык жактан өсүп-өнүгүүсү үчүн жагымдуу атмосфера түзүү;

– баланын жеке индивидуалдуулугун, инсандык укуктарын урматтоо;

– баланын өзү каалаган ишмердүүлүктүн түрү менен алектенүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүү;

**7. Ата-эненин, баланын психикалык жана эмоционалдык абалы:**

– ата-энеде менен балдардын ортосунда жылуу мамиленин орун алуусу;

– үй-бүлө мүчөлөрү менен биргеликте үй-бүлөлүк салттарды түзүү жана аны бекемдөө;

– кандайдыр бир чечим кабыл алууда ата-эненин жана балдардын өз ара кеңешүүсү;

– үй-бүлөдө ар кандай көйгөйлөрдү чечүү же алардын алдын алуу үчүн үй-бүлөлүк кеңешмелерди өткөрүү. Үй-бүлөлүк кеңешмеге үй-бүлөнүн бардык мүчөсү катышууга милдеттүү. Мында пайда болгон көйгөй талкууга алынып, аны чечүү боюнча үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү өз оюу менен бөлүшөт. Талкуунун натыйжасында үй-бүлө мүчөлөрү көйгөйдү чечүүнүн эң натыйжалуу жолун тандашат. Үй-бүлөлүк кеңешменин ишмердүүлүгү көйгөйлөрдү чечүү менен гана чектелбейт. Мында ар кандай маселелерди жана жөнөкөй чечимдерди талкуулоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул мүмкүнчүлүк үй-бүлө мүчөлөрү үчүн мыкты колдоо, бири-бирин түшүнүүгө, кабыл алууга карата кадам жасоо.

Демек, жогорудагы үлгүлүү үй-бүлөнүн көрсөткүчтөрү катары алынган шарттар жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү билимдерин өнүктүрүүгө өбөлгө болоору анык болуп калды.

Жогоруда айтылган түшүнүктөрдү калыптандыруу класстан тышкаркы иштерде этномаданий баалуулуктарды үйрөнүү менен коштолуп, окуучуларды үй-бүлөдө жана коомчулукта улуттук маданиятты көрсөтө билүүгө үйрөтүп, элдик педагогикалык каада-салттардын, нарк-насилдердин үлгүсүндөгү жүрүм-турум мамилелеринин калыптанышына оң таасирин тийгизди.

**“Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери”** деген кошумча билим берүү программасы жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлө мүчөлөрүнө жагымдуу мамиле жасап, өзүнүн келечектеги үй-бүлөсүнүн интеллектуалдык жана социалдык маданий жактан глобалдуу атаандаштыкка туруштук берүүсүнө кам көрүүсүн ойготуп, улуттук баалуулуктардын, элдик педагогикалык нарк-насилдердин өнүгүүсүнө натыйжалуу таасир этүү менен бирге мыкты көрсөткүчтөргө жетишүүгө өбөлгө түздү. Ал төмөнкү таблицада көрсөтүлдү.

**3.3.1-таблица. – ТТда жана ЭТда окуучулардын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча деңгээлдеринин салыштырмалуу көрсөткүчтөрү**

| Тайпалар | Деңгээлдер | Чен-өлчөмдөр, окуучулардын саны %дык катыш менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | ҮБТ жөнүндө билими | ҮБТта үй-бүлө мүчөлөрү менен болгон мамилелешүүсү | ҮБТта мамилелешүү көндүмдөрүн өздөштүрүүсү | Орточо көрсөткүч (% менен) |
| ЭТ | **Төмөнкү** | 14 (6%) | 16 (7%) | 18 (8%) | 16 (7%) |
| | **Ортоңку** | 48 (22%) | 37 (17%) | 47 (21%) | 44 (20%) |
| | **Жогорку** | 162 (72%) | 171 (76%) | 159 (71%) | 164 (73%) |
| | **Бардыгы** | **224 (100%)** | **224 (100%)** | **224 (100%)** | **224 (100%)** |
| | **Төмөнкү** | 134 (60%) | 126 (56%) | 142 (64%) | 134 (60%) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| ТТ | **Ортоңку** | 48 (21%) | 62 (28%) | 52 (23%) | 54 (24%) |
| | **Жогорку** | 42 (19%) | 36 (16%) | 30 (13%) | 36 (16%) |
| | **Бардыгы** | **224 (100%)** | **224 (100%)** | **224 (100%)** | **224 (100%)** |




**3.3.1-диаграмма. Эксперименталдык тайпадагы окуучулардын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча деңгээлдеринин салыштырмалуу көрсөткүчтөрү.**




**3.3.2-диаграмма. Текшерүүчү тайпадагы окуучулардын үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча деңгээлдеринин салыштырмалуу көрсөткүчтөрү.**

3.3.1-таблицада көрсөтүлгөндөй жогорку класстардын окуучуларын үч чен-өлчөм боюнча көрсөткүчү аныкталды. Алып карасак, үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун жогорку деңгээлин эксперименталдык тайпадагы 73,22% окуучулар көрсөтүштү. Аныктоо этабында бул көрсөткүч 7,6% ды түзгөн. Орто деңгээлдин

жалпы көрсөткүчтөрү да 19,64% болуп эксперименталдык иштердин натыйжасында өзгөрүүлөр болду. Ал эми, экспериментке чейин анын көрсөткүчтөрү 40,17%ды түзгөн. Төмөнкү деңгээлдин жалпы көрсөткүчү 7,14%ды түздү. Аныктоо этабында 52,23% болгон.

Жалпы анализ көрсөткөндөй эксперименталдык тайпада да, текшерүүчү тайпада да олуттуу өсүп-өнүгүүлөр байкалды. Мунун өзү жүргүзүлгөн тажрыйба иштеринин натыйжалуулугун далилдейт.

Төмөнкү деңгээлди көрсөткөн эксперименталдык тайпадагы окуучулардын 52,23%дан 7,14%га чейин төмөндөшү байкалды. Текшерүүчү тайпадагы окуучулар “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” окуу программасы камтылбаган, адаттагыдай эле даталуу күндөргө байланыштуу жана дагы башка багыттардагы тарбиялык мааниси бар темаларды окушкан. ЭТга караганда ТТда өзгөрүүлөр төмөн болду, анткени, эксперименталдык тайпада элдик педагогикалык балуулуктар аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо үчүн жеткиликтүү, ыңгайлуу шарттар түзүлүп, иштиктүү аракеттер жүргүзүлгөн. Буга далил катары төмөнкү натыйжаларды көрсөтүүгө болот: жогорку классатрдын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун жогорку деңгээли 16,07%га чейин өсүп, экспериментке чейинки 3,42% болгон көрсөткүчтү жогорулатууга алып келди.

Иликтөө иштеринен кийинки орто деңгээл 24,11% ды түзүп, экспериментке чейинки 35,12%ды түзгөн деңгээлди төмөндөтүүгө алып келди. Ал эми төмөнкү деңгээл 59,82 %ды түзүп, экспериментке чейинки 61,46% дык көрсөткүч бир аз болсо да төмөндөдү.

Эксперименталдык тайпадагы жакшы натыйжалардын себеби төмөнкүлөргө байланыштуу: билим берүү жана тарбиялоо процесси жогорку класстардын окуучуларынын физиологиялык, психологиялык, акыл-эстик жактан өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизген. Кошумча билим, ыктарды өздөштүрүүнүн негизинде окуучулардын үй-бүлөлүк турмушка карата ой-пикирлери, мамилеси, көз-караштары өзгөргөндүгү аныкталды.

Иликтөө иши жүргүзүлгөн учурдагы окуучулардын билим, ык, машыгууларынын өнүгүүсүнүн негизги себептеринин бири – класстык, класстан тышкаркы иштерди уюштурууда, тааалим-тарбия процессинде элдик педагогикалык баалуулуктар аркылуу окутуу, тарбиялоо иштери боюнча иштелип чыккан педагогикалык шарттардын сакталуусу жана атайын моделдин иш жүзүнө ашырылуусу эсептелинет.

Демек, класстан тышкаркы иштерди уюштуруу боюнча негизги окутуу программасын үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери программасы менен толуктоо билим берүү жана тарбиялоо процессинде инновациялык усулдардын, дидактикалык каражаттардын колдонулуусу, атайын иштелип чыккан педагогикалык шарттардын сакталуусу, сунушталып жаткан моделдин иш жузүнө ашырылуусу эксперименталдык тайпадагы окуучулардын төмөндөгүдөй сапаттарын өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн жаратты: үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү билимдин кеңейиши, үй-бүлө мүчөлөрүнө жагымдуу мамиле жасоонун туруктуу болушу, үй-бүлөлүк эреже-нормаларды, элдик педагогикалык салттарды өздөштүрүүгө болгон кызыгууларынын жогорулоосуна шарт түздү. Эксперименталдык-тажрыйба иштеринин натыйжалуулугун далилдеген негизги көрсөткүчтөр: улуттук баалуулуктарга, үй-бүлө мүчөлөрүнө жагымдуу мамиле жасаган окуучулардын санынын көбөйүшү, окуучулардын үй-бүлөлүк маданият, элдик каада-салт жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн жогорку деңгээлдеги көрсөткүчкө жетүүсү, жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлөлүк жашоону өздөштүрүүнү болочоктогу үй-бүлөлүк жашоого даяр болуунун негизги жолу катары кабыл алуусу.

Ошентип, жогорку класстардын окуучуларынын класстык жана класстан тышкаркы ишмердүүлүгүн уюштурууну камсыздаган үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча түзүлгөн атайын окуу программасы аркылуу уюштурулган элдик педагогикалык баалуулуктардын негизинде үй-бүлөлүк турмуштун эреже-нормаларын, каада-салт, нарк-насилдерин өнүктүрүп, өстүрүүгө карата тарбиялык

багыттагы иштери натыйжалуу жыйынтыктарды көрсөттү. Ошондой эле, "Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери" – деген окуу программасы жана "Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери" – деген окуу-усулдук колдонмо мектеп мугалимдери үчүн кошумча окуу куралы катары жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдоодо билим берүү, окутуу жана таалим-тарбия процессинде натыйжалуу пайдаланылат деген ишеним жаралды.

## Үчүнчү глава боюнча корутунду

Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун баштапкы абалын иликтөөгө алуу изилдөө ишинин кийинки милдеттерин аныктоону шарттады. Жогорку класстардын окуучулары үчүн улуттук баалуулуктардын негизинде окутуу процессин уюштуруу жана гуманитардык сабактарды окутууда окутулуп жаткан программанын мазмунун толуктаган кошумча билим программасын иштеп чыгуу зарылдыгы аныкталды.

Эксперименталдык-тажрыйба иштеринин жыйынтык анализи жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктарынын негизинде билим берүү аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун педагогикалык шарттарын жана анын педагогикалык моделин иштеп чыгуу муктаждыгын тастыктады. Ошондой эле, изилдөө ишинин кийинки баскычындагы атайын түзүлгөн эксперименталдык программа боюнча окутуу жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлө мүчөлөрүнө толеранттуу мамиле жасаганына, үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери, ролу тууралу жеткиликтүү билимге ээ болууга кызыгуусун жаратты жана үй-бүлөлүк маданиятты таанып билүүнүн бир каражаты катары үйрөнүүгө, үй-бүлөнүн коомдогу ордун, инсандын үй-бүлөлүк жашоо мүнөзүнүн анын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин түшүнүүгө шарт түздү. Ошентип, жогорку класстардын окуучуларын гуманитардык сабактар боюнча негизги окутуу

программасынын мазмунун үй-бүлөлүк турмушка даярдоого багытталган эксперименталдык окуу программасы менен толуктоо билим берүү жана таалим-тарбия процессинде инновациялык усулдардын, дидактикалык каражаттардын колдонулушу, аныкталган педагогикалык шарттардын сакталуусу, сунуш кылынган моделдин иш жүзүндө колдонулушу эксперименталдык топтогу окуучуларда мыкты сапаттардын өнүгүүсүнө шарт түздү. Иликтөө ишинин натыйжалуулугун далилдеген негизги белгилер: үй-бүлө мүчөлөрүнө толеранттуу мамиле жасаган жаштардын санынын көбөйүшү, окуучулардын үй-бүлө маданияты жөнүндөгү түшүнүктөрү жогорку деңгээлге жетиши, окуучулардын үй-бүлөлүк маданияттуу жашоону үйрөнүүнүн негизги жолу катары кабыл алуусу.

# КОРУТУНДУ

Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо максатында жүргүзүлгөн изилдөө атайын педагогикалык моделди жана шарттарды иштеп чыгуу талабын актуалдаштырат.

Теориялык анализдердин жыйынтыктары жана эксперименталдык тажрыйба иштеринин натыйжалары төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга негиз болду:

1. Инсандын үй-бүлөдө үй-бүлө мүчөсү катары калыптануусуна философтор, педагогдор, психологдор жана коомчулук тарабынан өзгөчө көңүл бурулган. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун актуалдуулугу – инсандын адеп-ахлактуулугунун, жаштардын үй-бүлөлүк турмушка даярдыгынын сапатын жогорулатуу зарылдыгын аныктайт. Үй-бүлө – адамзатынын негизги баалуулугу катарында маданий мурастарды, улуттук каада-салттарды, жүрүм-турум нормаларын муундан-муунга өткөрүп берүүчү милдетти аткарат. Үй-бүлөдө өлкөнүн социалдык-экономикалык, демографиялык жана рухий өнүгүүсүнө, адеп-ахлактык нравалык нормалардын жана салт санаалардын кайра жаралуусуна таасир этүүчү эбегейсиз чоң потенциал камтылган. Айыл мектептеринин жогорку класстарынын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо технологиясын иштеп чыгуу элдин үй-бүлөлүк каада-салттарын, коомдук жана маданий чөйрөсүнүн улуттук аймактык өзгөчөлүгүн эске алуу менен аталган көйгөйдү коомдун талабына ылайык сапаттуу деңгээлде чечүүгө мүмкүндүк берет.

Заманбап үй-бүлөлөрдүн салттык санаалары, үй-бүлөлүк тарбиясы терең тарыхый мүнөзгө ээ. Андыктан жаңыдан өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодогу көйгөйлөрдү чечүүдө нравалык, адеп-ахлактык жүрүм-турум эрежелери камтылган элдин көп жылдар бою топтолгон бай тажрыйбасына кайрылуу негиздүү болуп саналат. Тарбиялоонун элдик тажрыйбадагы натыйжалуу

жыйынтыктары аны терең өздөштүрүү, жалпылоо жана иш жүзүндө колдонуу зарылдыгын белгилейт.

2. Жогоруда аталган критерийлер жана деңгээлдер жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка болгон даярдыктарынын өсүп-өнүгүүсүн белгилөөгө шарт түздү. Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк жашоого даярдыгынын деңгээли – окутууну, тарбиялоону жана өнүгүүнү интеграциялоону, маданий аңдап билүүчүлүктү, багыттуулукту, өз алдынчалуулукту, теориялык билимдердин жана практикалык ишмердүүлүктөрдүн өз ара байланыштуулугун камтыган элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу камсыз кылынат.

3. Изилдөөнүн жүрүшүндө жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн: жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо алардын таанып билүүчүлүгүнүн, эмоционалдык-баалуулуктарынын, үй-бүлөлүк турмушка даярдык көндүмдөрүнүн өнүгүүсүн; жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоодогу элдик педагогиканын салттары, усулдары, формалары жана каражаттары менен заманбап билим берүү технологияларынын интеграциялануусун; билим берүү процессинде окуучуларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоого карата окутуунун активдүү формаларынын жана усулдарынын (тренингдер, тайпалык талкуулоолор, ролдоштурулган жана имитациялык оюндар) колдонулушун; ата-энелердин этнопедагогикалык маданиятын жогорулатууга, үй-бүлөнүн жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара мамилесин бекемдөөгө багытталган мектептин, үй-бүлөнүн жана коомдун өз ара кызматташуусун; жогорку класстардын окуучуларынын өзүн-өзү таанып билүүсүнүн, өздүк жеке сапаттары жөнүндө ой-жүгүртүүсүнүн элдик педагогиканын баалуулуктары жана салттары аркылуу иш жүзүнө ашырылуусун; жогорку класстардын окуучуларынын үй-бүлөнүн балуулуктарын, нарк-

насилдерин баалай билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүн камсыз кылган педагогикалык шарттары аныкталды:

4. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун негизинде иштелип чыгылган моделдин натыйжалуулугу методологиялык жана баштапкы теориялык көз караштардын негизделиниши, изилдөөнүн максатына ылайык усулдардын топтомун колдонуу менен эксперименталдык тажрыйба ишинин уюштурулуусу, бир нече ирет кайталанып жүргүзүлгөн эксперименттердин негизинде алынган маалыматтардын сандык жана сапаттык анализи менен камсыз кылынды.

Мектептин жана үй-бүлөнүн биргелешкен ишмердүүлүгү айыл мектептеринин жогорку класстарынын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо бирден-бир негизги фактору болуп саналат. Ата-энелердин этнопедагогикалык маданиятын жогорулатууга карата өткөрүлгөн иш чаралар жогорку класстардын окуучуларында үй-бүлөлүк каада-салттар, үй-бүлөдө жана коомдо өзүн алып жүрүү нормалары жөнүндөгү билимдерин, жөндөмдүүлүктөрүн, келечекте үй-бүлөлүк жашоого керек болгон мамилелешүүчүлүк, уюштуруучулук, педагогикалык жана үй-тиричиликтик көндүмдөрүн калыптандырууга мүмкүндүк жаратат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Учурдагы жалпы орто билим берүүчү мектептерде жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даяр болуу компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун мазмунун билим берүүнүн мамлекеттик стандартында, негизги окуу программасында, окуу китептеринде долбоорлоо.

2. Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоону өнүктүрүү үчүн билим берүү мекемелеринде окутуучу-педагогдордун кесиптик-чеберчилик, атуулдук-адеп-ахлактык, илимий-чыгармачылык даярдыгын өстүрүү.

3. Эксперименталдык тажрыйба иштеринин жыйынтыгы менен иштелип чыккан “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” – деп аталган кошумча билим программасын окутуу жана таалим-тарбия процессине киргизүү.

4. Жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка көнүгүүсүн, элдик педагогикалык баалуулуктарды сактоо менен үй-бүлө мүчөлөрүнө маданияттуу мамиле түзө билүүсүн, үй-бүлөлүк турмуш жөнүндөгү билим, билгичтиктерин, ык-машыгууларын жогорулатууга багытталган ишмердүүлүктөрүнө түрткү берүүчү билим берүүнүн жаңыланган инновациялык технологияларын колдонуу.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Абрамзон, С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / С.М. Абрамзон. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1999. – 767 б.
2. Адилбекова, Н.О. Анализ взглядов современной кыргызской семьи [Текст] / Н.О. Адилбекова, А.Унал // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2018. – №2. – С. 76-78.
3. Айтматов, Ч.Т. Ак кеме [Текст] / Ч.Т. Айтматов. – Бишкек, 1970.
4. Акматалиев, А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек, 2000. – 348 б.
5. Акматалиев, А. Баба салты, эне адеби: Элдик салт [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек, 1993. – 224 б.
6. Акматов, К.Х. 100 таасирдүү тарбиялык сабак [Текст] / А.Х. Акматов. – Бишкек, 2016 – 77 б.
7. Алимбеков, А. Кыргыз элинин адеп маданиятынын константтык субстанциялары [Текст] / А.Алимбеков // Вестник ОшМУ. – Ош, 2017. – 5-11-бб.
8. Алимбеков, А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек, 1996 – 80-б.
9. Алимбеков, А. Коркут ата китеби – көөнөрбөс педагогикалык мурас [Текст] / А. Алимбеков // Шоокум. – Бишкек, 2008. – 12-13-бб.
10. Алимбеков, А. Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек, 2018.
11. Али Үнал. Үй-бүлө маселелери социологиянын күзгүсүндө [Текст] / Али Үнал. – Бишкек, 2015.
12. Алымбаева, Б.Б. Кыз баланын таалим-тарбиясына макал-лакаптардын таасирдүүлүгү [Текст] / Б.Б. Алымбаева // К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун Жарчысы. – Каракол, 2017. – №45.

13. Алымбаева, Б.Б. Үй-бүлөдөгү каада-салт, үрп-адаттардын балдарга тийгизген таасири [Текст] / Б.Б. Алымбаева // К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун Жарчысы. – Каракол, 2016. – №41.
14. Алымов, Б. Кыргыз тили жана адабияты 9-класс [Текст] / Б. Алымов. – Бишкек, 2007. – 345 б.
15. Аманбаева, Л.И. Теоретические основы обучения и воспитания [Текст] / Л.И. Аманбаева. – Якутск, 1998. – 124 с.
16. Аманбаева, Л.И. Пути совершенствования учебно-воспитательной работы в школах Якутии [Текст] / Л.И. Аманбаева // Сборник научных трудов. – Якутск, 1990.
17. Амонашвили, Ш.А. Личностно-гуманная основа педагогического процесса [Текст] / Ш.А. Амонашвили. – Минск: Университетское, 1990. – 500 с.
18. Андреев, В.И. Диалектика воспитания и самовоспитания творческой личности [Текст] / В.И. Андреев. – Казань, 1988. – 237 с.
19. Андреева, Г.М. Социальная психология [Текст] / Г.М. Андреева. – М.: МГУ, 1980. – 130 с.
20. Анисенкова, Т.В. Этнопедагогическая подготовка учителя к работе в сельской школе [Текст]: дис. … канд. пед. наук / Т.В. Анисенкова. – Смоленск, 2000. – 212 с.
21. Анисимов, С.Ф. Духовные ценности: производство и потребление [Текст] / С.Ф. Анисимов. – М.: Мысль, 1988. – 253 с.
22. Антонов, А.И. Социология семьи [Текст] / А.И. Антонов, В.М. Медков. – М., 1996. – 304 с.
23. Антонова, Р.Я. Воспитание детей: идеи и опыт народной педагогики [Текст] / Р.Я. Антонова. – Якутск, 1995. – 51 с.
24. Апышев, Б. Народные традиции и их использование в трудовом воспитании старшеклассников [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук / Б. Апышев. – М., 1974. – 18 с.

25. Аргунов, И.А. Социальная сфера образа жизни в Якутской АССР [Текст] / И.А. Аргунов. – Якутск, 1988. – 230 с.
26. Архангельский, Л.М. Ценностные ориентации и нравственное развитие личности [Текст] / Л.М. Архангельский. – М., 1990.
27. Асаналиев, К. Кыргыз адабияты. 10-класс. [Текст] / К. Асаналиев [ж.б.]. – Бишкек, 2007. – 155 б.
28. Асипова, Н.А. Окуучу жаштарды тарбиялоо жана билим берүүнүн актуалдуу маселелери [Текст] / Н.А. Асипова. – Бишкек, 2016.
29. Асипова, Н. А. Социалдык тарбия [Текст] / Н.А. Асипова. – Бишкек, 2004.
30. Асипова, Н.А. Билим философиясы жана тарыхы [Текст]: окуу китеби / Н.А. Асипова. – Бишкек, 2010. – 233 б.
31. Асипова, Н.А. Өнүктүрүүчүлүк окутуунун педагогикалык жана психологиялык негиздери [Текст] / Н.А. Асипова. – Бишкек, 2009.
32. Асипова, Н.А. Азыркы учурдагы педагогиканын методологиялык проблемалары[Текст]: лекциялар курс / Н.А. Асипова. – Бишкек, 2002. – 117 б.
33. Асипова, Н.А. Заманбап билим берүү парадигмалары [Текст] / Н.А. Асипова. – Бишкек, 2018. – 127 б.
34. Артыкбаев, К. Кыргыз адабияты. 11-класс [Текст] / К. Артыкбаев [ж.б.]. – Бишкек, 2007. – 177 б.
35. Афанасьев, В.Ф. Этнопедагогика нерусских народов Сибири и Дальнего Востока [Текст] / В.Ф. Афанасьев. – Якутск, 1979.
36. Афанасьева, Т.М. Семья [Текст] / Т.М. Афанасьева. – М.: Просвещение, 1985. – 224 с.
37. Ахаян, Т.К. Исследования аксиологических проблем воспитания учащихся [Текст] / Т.К. Ахаян. – СПб, 1999. – 97 с.
38. Байбурин, А.К. Ритуал в традиционной культуре [Текст] / А.К. Байбурин. – СПб, 1993. – 131 с.

39. Байгазиев, С.О. Кыргыздын улуу ойчулдарынын жана баатырларынын осуяттары – Ата журт тиреги [Текст] / С.О. Байгазиев. – Бишкек, 2008. – 38 б.
40. Байгазиев, С.О. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы [Текст] / С.О. Байгазиев. – Бишкек, 2012. – 476 б.
41. Байгазиев, С.О. Педагогикалык руханият [Текст] / С.О. Байгазиев. – Бишкек, 2008. – 464 б.
42. Бакаев, В.А. Роль этнопедагогики в механизме преодоления духовного отчуждения человека [Текст] / В.А. Бакаев. – Барнаул, 2001. – 230 с.
43. Батурина, Г.И. Нравственное воспитание школьников на народных традициях [Текст] / Г.И. Батурина, К.Л. Лисова, Г.Ф. Суворова. – М.: Народное образование, 2002. – 112 с.
44. Батышев, С.Я. Научная организация учебно-воспитательного процесса [Текст] / С.Я. Батышев. – М.: Высшая школа, 1980. – 155 с.
45. Батышев Г.С. Ступени. Взгляд философа на любовь к детям [Текст] / Г.С. Батышев //Семейная психология и семейная терапия. – 1997. – №1. – С. 5-7.
46. Бахтин, М.М. К философии поступка. Исследования разных лет [Текст] / М.М. Бахтин. – Киев, 1994. – 240 с.
47. Бекбоев, И.Б. Педагогикалык процесс: эски көрүнүштөр жана жаңыча көз караштар [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек, 2005. – 36 б.
48. Бердяев, Н.А. Философия свободного духа [Текст] / Н.А. Бердяев. – М.: Республика, 1994. – 480 с.
49. Бердяев, Н.А О человеке, его свободе и духовности [Текст] / Н.А. Бердяев. – М.: Фликта, 1999. –310 с.
50. Беседин, И.А. Диалектика общественного развития в условиях перестройки [Текст] / И.А. Беседин. – М.: ИНИОН, 1989. – 167 с.
51. Бестужев-Лада, И.В. История твоих родителей: Разговор с молодым поколением [Текст] / И.В. Бестужев-Лада. – М., 1988. – 215 с.

52. Битинас, Б.П. Введение в философию воспитания [Текст] / Б.П. Битинас. – М., 1996. – 136 с.
53. Божович, Л.И. Этапы формирования личности в онтогенезе [Текст]: хрестоматия по возрастной психологии / Л.И. Божович. – М., 1994. – 350 с.
54. Блинова, Г.П. Роль национальных обычаев и традиций в сознательной регуляции поведения [Текст] / Г.П. Блинова. – М.: Наука, 1989. – 215 с.
55. Бондаревская, Е.В. Воспитание как возрождение гражданина, человека культуры и нравственности [Текст] / Е.В. Бондаревская. – Ростов-на-Дону, 1995. – 345 с.
56. Бочарова, В.Г. Социальная работа: Знакомство с профессией [Текст] / В.Г. Бочарова. – М., 1997. – 13 с.
57. Братусь, Б.С. Психология и этика [Текст] / Б.С. Братусь. – Самара, 1999. – 40 с.
58. Бромлей, Ю.В. Очерки теории этноса [Текст] / Ю.В. Бромлей. – М.: Наука, 1983. – 412 с.
59. Бугаева, А.А. Прогрессивные идеи и опыт народной педагогики в нравственном воспитании младших школьников [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук / А.А. Бугаева. – М., 1992. – 17 с.
60. Бурхинов, Д.М. Народная педагогика и современная национальная школа [Текст] / Д.М. Бурхинов, Д.А. Данилов, С.Д. Намсараев. – Улан-Удэ: Бэлиг, 1993. – 133 с.
61. Винокурова, У.А. Воспитание и образование детей народов Севера [Текст] / У.А. Винокурова. – Якутск, 1997. – 101 с.
62. Волков, Г.Н. Обыкновенное дело педагога [Текст] / Г.Н. Волков. – Чебоксары, 1993. – 334 с.
63. Волков, Г.Н. Современное функционирование народной педагогики как феномена демократизации и гуманизма в сфере воспитания [Текст] / Г.Н. Волков. – Чебоксары, 1993. – 85 с.

64. Волков, Г.Н. Этнопедагогизация современного образования [Текст] / Г.Н. Волков // Мир образования. – 1997. – №12. – С. 64-71.
65. Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н. Волков. – М.: Академия, 1999. – 168 с.
66. Волков, Г.Н. Этнопедагогическая концепция современного национального образования и воспитания [Текст] / Г.Н. Волков // Вестник университета российской академии образования. – 1999. – №1. – С. 13-24.
67. Волков, Г.Н. Этнопедагогизация целостного учебно-воспитательного процесса [Текст] / Г.Н. Волков. – М., 2001. – 345 с.
68. Выготский, Л.С. Собрание сочинений [Текст] / Л.С. Выготский. – М., 1984. – Т. 4. – 432 с.
69. Газман, О.С. Каникулы: игра, воспитание: О педагогическом руководстве игровой деятельностью школьников [Текст] / О.С. Газман. – М.: Просвещение, 1988. – 160 с.
70. Гегель, Г. Феноменология духа [Текст]: сочинения / Г. Гегель. – М., 1959. – Т. 1. – 151 с.
71. Гердер, И.Г. Идеи к философии истории человечества [Текст] / И.Г. Гердер. – М.: Наука, 1977. – 269 с.
72. Гермогенова, М.Д. Целостная воспитывающая среда социума [Текст] / М.Д. Гермогенова // Народное образование Якутии. – 1995. – №1. – С. 31.
73. Гордин, А. Слово о народной педагогике [Текст] / А. Гордин // Воспитание школьников. – 1967. – №4. – С. 7-13.
74. Гребенников, И.В. Этика и психология семейной жизни [Текст] / И.В. Гребенников, И.В. Дубровина, Г.П. Разумихина. – М.: Просвещение, 1984. – 356 с.
75. Григорьева, А.А. Методологические и теоретические проблемы этнопедагогики якутов [Текст] / А.А. Григорьева. – М., 1993. – 143 с.

76. Григорьева, А.А. Теория и практика семейной этнопедагогики народа Саха [Текст]: автореф. дис. … д-ра пед. наук / А.А. Григорьева. – М., 2001. – 32 с.
77. Григорьева, А.А. Семейная педагогика [Текст] / А.А. Григорьева, М.М. Прокопьева. – Якутск, 1998. – 30 с.
78. Григорян, А.Б. Формирование нравственного сознания и поведения у подростков на народных традициях хантов и манси [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук [Текст] / А.Б. Григорян. – М., 1999. – 21 с.
79. Гуляева, Е.П. Якутская девушка в новом веке [Текст] / Е.П. Гуляева. – Якутск, 2003. – 124 с.
80. Гумилев, Л.Н. В поисках вымышленного царства [Текст] / Л.Н. Гумилев. – М., 1992. – 318 с.
81. Гумилев, Л.Н. Этнопедагогика и биосфера Земли [Текст] / Л.Н. Гумилев. – М., 1994. – 544 с.
82. Даль, В.И. О поверьях, суевериях и предрассудках русского народа [Текст] / В.И. Даль. – СПб, 1996. – 480 с.
83. Данилов, Д.А. Народная педагогика основа развития науки о воспитании [Текст] / Д.А. Данилов // Народное образование Якутии. – 1993. – №1. – С. 32-34.
84. Данилов, Д.А. Этнопедагогические традиции в региональном образовании (Республики Саха и США) [Текст] / Д.А. Данилов, К.И. Федорова, Л.И. Федорова. – Якутск: ИПКРО, 2000. – 96 с.
85. Данилов, Д.А. Социально-воспитательная работа в сельском социуме: региональные аспекты организационно-педагогического обеспечения [Текст] / Д.А. Данилов, А.Г. Корнилова. – Новосибирск, 1999. – 136 с.
86. Дистервег, В.А. Избранные педагогические сочинения [Текст] / Ф.А. Дистервег. – М.: Учпедгиз, 1956. – 354 с.
87. Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу. 1-бөлүк.10-класс. Кыргыз Республикасынын жалпы мектептери үчүн окуу куралы. – Бишкек, 2004.

88. Жолдошбаев, Д.А. Окуучунун личностун психо-педагогикалык жактан үйрөнүү [Текст] / Д.А. Жолдошбаев, Т.А. Гапаров. – Ош, 2005.
89. Жеңижок. Ырлар жыйнагы [Текст] / Жеңижок. – Бишкек, 1982.
90. Жусуев, С. Мен билген Чынгыз [Текст] / С. Жусуев. – Бишкек: Бийиктик, 2008. – 52 б.
91. Жусуп Мамай. Манас эпосу [Текст] / Жусуп Мамай. – Үрүмчи, 2004.
92. Закиров, А. Этнопсихологияга киришүү [Текст] / А. Закиров. – Ош, 1996.
93. Закиров, А. Психология боюнча практикум [Текст] / А. Закиров. – Ош, 2005.
94. Захарченко, М.В. Типологическая интерпретация понятия традиции [Текст]: дис. … д-ра филос. наук / М.В. Захарченко. – СПб, 2000. – 161 с.
95. Зеньковский, В.В. Проблемы воспитания в свете христианской антропологии [Текст] / В.В. Зеньковский. – М., 1993. – 356 с.
96. Зосимовский, А.В. Возрастные особенности нравственного развития детей [Текст] / А.В. Зосимовский // Советская педагогика. – 1973. – №10. – С. 21.
97. Зосимовский, А.В. Нравственное воспитание и учитель в условиях социальных перемен [Текст] / А.В. Зосимовский // Педагогика. – 1998. – №7. – С. 74-78.
98. Измайлов, А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана [Текст] / А.Э. Измайлов. – М.: Педагогика, 1991. – 252 с.
99. Ильин, В.А. Проблемы здорового детства: региональный аспект [Текст] / В.А. Ильин. – Вологда, 2000. – 58 с.
100. Ильин, В.С. Рекомендации по обобщению опыта и организации исследования по теме «Формирование у школьников ответственного отношения к учению, мотивации учения» [Текст] / В.С. Ильин. – Ростов-на-Дону, 1975. – 16 с.
101. Ильин, И.А. Путь к очевидности [Текст] / И.А. Ильин. – М.: Республика, 1993. – 175 с.
102. Ильин, И.А. Творческая идея нашего будущего [Текст] / И.А. Ильин. – Носовибирск, 1991. – 356 с.

103. Имаева, Н.И. Идеи воспитания в творчестве кыргызского акын-демократа Токтогула Сатылганова [Текст]: автореф.дис. ... канд. пед. наук / Н.И. Имаева. – Ашхабад, 1970. – 19 с.
104. Иптаров, С. Кыргыз жан дүйнөсү [Текст] / С. Иптаров. – Бишкек, 2012.
105. Каган, М.С. Философия культуры [Текст] / М.С. Каган. – СПб, 1996. – 414 с.
106. Каган, М.С. Эстетика как философская наука [Текст] / М.С. Каган. – СПб: Петрополис, 1997. – 544 с.
107. Калдыбаева, А.Т. Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар [Текст] / А.Т. Калдыбаева. – Бишкек, 2005. – 341 б.
108. Калдыбаева А.Т. Эл акындарынын этнопедагогикалык идеяларын жаштарды тарбиялоодо колдонуунун илимий-методикалык негиздери [Текст]: пед. ил. д-ру ... дис. автореф. / А.Т. Калдыбаева. – Бишкек, 2007. – 39 б.
109. Калыгул Бай уулу. Акылман Калыгул [Текст] / Бай уулу Калыгул. – Бишкек, 2000.
110. Казакова, Е.И. Педагогика успеха [Текст] / Е.И. Казакова. – СПб, 1996. – 58 с.
111. Кант, И. Сочинения [Текст]: в 6 т. / И. Кант. – М., 1966. – Т. 5. – 654 с.
112. Каралаев, С. Манас эпосу [Текст] / С. Каралаев. – Бишкек, 2010. – 288 б.
113. Касьянова, К. О русском национальном характере [Текст] / К. Касьянова. – М.: Институт национальной модели экономики, 1994. – 367 с.
114. Концепция развития высшего профессионального образования в Кыргызской Республике до 2010 г.: сборник нормативно-правовых актов в области образования в КР. – Бишкек, 2002. – Вып. 1. – С. 61-63.
115. Кикнадзе, Ю.В. Социально-педагогические аспекты формирования здорового образа жизни и физической культуры [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук Ю.В. Кикнадзе. – Тбилиси, 1990. – 21 с.
116. Климантова, Г.И. Государственная семейная политика современной России [Текст]: учебное пособие / Г.И. Климантова. – М.: Дашков и К, 2004. – 192 с.

117. Князева О.Л. Приобщение детей к истокам русской народной культуры [Текст] / О.Л. Князева, М.Д. Маханева. – СПб, 1999. – 230 с.
118. Колесникова, И.А. Теоретико-методологические основы современного процесса воспитания [Текст]: учебное пособие к спецкурсу / И.А. Колесникова. – Л., 1988. – 82 с.
119. Колодезникова, М.Г. Актуальные проблемы семейного воспитания [Текст] / М.Г. Колодезникова, Л.И. Омукова. – Якутск, 1997. – 48 с.
120. Кольберг, Л. Развитие моральных суждений [Текст] / Л. Кольберг. – М.: Интерпракс, 1995.
121. Коменский. Я.А. Избранные педагогические сочинения [Текст] / Я.А. Коменский. – М., 1995. – 651 с.
122. Коменский, Я.А. Избранные педагогические сочинения [Текст]: в 2-х т / Я.А. Коменский. – М., 1982. – 576 с.
123. Кон, И.С. Социология личности [Текст] / И.С. Кон. – М.,1967. – 383 с.
124. Кон, И.С. К проблеме национального характера [Текст] / И.С. Кон // История и психология. – М., 1997. – С. 122-158.
125. Кон, И.С. Введение в сексологию [Текст] / И.С. Кон. – М., 1988. – 15 с.
126. Кон, И.С. В поисках себя: Личность и её самосознание [Текст] / И.С. Кон. – М.: Политиздат, 1984. – 335 с.
127. Корякина, Н.А. Формирование духовной культуры учителя в системе послевузовского образования (На традициях народной педагогики якутов) [Текст]: дис. … канд. пед. наук / Н.А. Корякина. – М., 2002. – 159 с.
128. Комлексиз, М. Таалим-тарбия терминдеринин чечмелеме сөздүгү [Текст] / М. Комлексиз, А. Алимбеков, А. Челикбай. – Бишкек, 2002.
129. Кудрявцев, Л.Д. Современное общество и нравственность [Текст] / Л.Д. Кудрявцев. – М.: Наука, 2000. – 356 с.
130. Кузина Т.Ф. Занимательная педагогика народов России: советы, игры, обряды [Текст] / Т.Ф. Кузина, Г.И. Батурина. – М.: Школьная пресса, 2001. – 144 с.

131. Кукушин, В.С. Этнопедагогика и этнопсихология [Текст] / В.С. Кукушин, Л.Д. Столяренко. – Ростов-на-Дону: Феникс, 2000. – 256 с.
132. Куликова, Т.А. Семейная педагогика и домашнее воспитание [Текст]: учебник для студентов ср. пед. учеб. заведений / Т.А. Куликова. – 2-е изд., испр. и доп. – М.: Академия, 2000. – 232 с.
133. Краевский, В.В. Общие основы педагогики [Текст] / В.В. Краевский. – 2-е изд., испр. – М., 2005. – 257 б.
134. Крупская, Н.К. Педагогические сочинения [Текст] / Н.К. Крупская. – М., 1959 – Т. 5. – 146 с.
135. Кыдыралиев, К. Этнопедагогика – улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы [Текст] / К. Кыдыралиев. – Бишкек, 2010. – 456 б.
136. Кыргыз Республикасынын Билим берүү боюнча закону. КРнын билим берүү боюнча нормативдүү укуктар жыйнагы. – Бишкек, 2007. – 3-чыг.
137. Левитов, Н.Д. Вопросы психологии характера [Текст] / Н.Д. Левитов. – М., 1956 – 85 с.
138. Лернер, И.Я. Дидактические основы методов обучения [Текст] / И.Я. Лернер. – М.: Педагогика, 1981. – 185 с.
139. Лисицын, Ю.П. Здоровье человека – социальная ценность [Текст] / Ю.П. Лисицын, А.В. Сахно. – М.: Мысль, 1989. – 321 с.
140. Лихачев, Б.Т. Простые истины воспитания [Текст] / Б.Т. Лихачев. – М.: Педагогика, 1983. – 192 с.
141. Лихачев, Д.С. Великое наследие [Текст] / Д.С. Лихачев. – М., 1975. – 365 с.
142. Мадаминов, Г.М. Акыл эмгегинин маданияты [Текст] / Г.М. Мадаминов. – Бишкек, 2009.
143. Мамбетакунов, Э.М. Гуманистическая парадигма личностно-ориентированной технологии образования. Проблемы и перспективы развития педагогического образования в современных условиях [Текст] / Э.М. Мамбетакунов //

Материалы международной конференции. – Бишкек: КГПУ им. И. Арабаева, 1997. – С. 45-47.
144. Мамбетакунов, Э.М. Методология и качество педагогических исследований [Текст] / Э.М. Мамбетакунов. – Бишкек, 2006.
145. Мамытов, А. Концепция непрерывного педагогического образования в Кыргызской Республике [Текст] / А. Мамытов // Известия КАО. – Бишкек, 2009. – №1.
146. Макаренко, А.С. Книга для родителей [Текст] / А.С. Макаренко. – Л.: Лениздат, 1998. – 320 с.
147. Макаренко, А.С. О воспитании: Сборник [Текст] / А.С. Макаренко. – 2-е изд., перераб. и доп. – М.: Политиздат, 1990. – 414 с.
148. Макаренко А.С. Сочинения [Текст]: в 7 т. А.С.Макаренко – М., 1957. – Т. 4. – 463 с.
149. Мальковская, Т.Н. Социальная активность старшеклассников [Текст] / Т.Н. Мальковская. – М.: Педагогика, 1988. – 139 с.
150. Мамардашвили, М. Проблемы человека о философии (О человеческом в человеке) [Текст] / М. Мамардашвили. – М.: Политиздат, 1991. – 384 с.
151. Маркова, Т.А. Воспитание дошкольника в семье: Вопросы теории и методики [Текст] / Г.А. Маркова, Д.О. Дзиитере, В.К. Котырло. – М.: Педагогика, 1979. – 191 с.
152. Марьенко, И.С. Основы процесса нравственного воспитания школьников [Текст] / И.С. Марьенко. – М., 1980. – 182 с.
153. Масару, И. После трех уже поздно [Текст] / И. Масару. – М.: РУССЛИТ, 1992. – 80 с.
154. Мель, Ю. Социальная компетентность как цель психотерапии: проблемы образа «Я» в ситуации перелома [Текст] / Ю. Мель // Вопросы психологии. – 1995. – №5. – С. 61-68.

155. Меньшиков, В.М. Православная вера в педагогическом учении К.Д. Ушинского [Текст] / В.М. Меньшиков. – М., 1994. – 530 с.
156. Мирзоев, Ш.А. Народная педагогика Дагестана [Текст] / Ш.А. Мирзоев. – Махачкала, 1986. – 171 с.
157. Молдокулова, Д.Т. Кыргыздын салттык жүрүм-турум маданияты [Текст] / Д.Т. Молдокулова. – Бишкек, 2016. – 71 б.
158. Монахов, Н.И. Изучение эффективности воспитания: Теория и методика [Текст] / Н.И. Монахов. – М., 1981. – 157 с.
159. Мудрик, А.В. Время поисков и решений, или старшеклассникам о них самих [Текст] / А.В. Мудрик. – М.: Просвещение, 1990. – 191 с.
160. Мудрик, А.В. Социальная педагогика [Текст] / А.В. Мудрик. – М.: Академия, 1999. – 184 с.
161. Муратов, А.Ж. Кыргыз эл педагогикасы [Текст] / А.Ж. Муратов. – Бишкек, 2011. – 598 б.
162. Насбекова, С.К. Кыргызстанда үй-бүлө мыйзамдарынын калыптанышы жана өнүгүүсү [Текст] / С.К. Насбекова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – №2. – 177-179-бб.
163. Насиновская, Е.Е. Возрождение характерологии [Текст] / Е.Е. Насиновская // Психологический журнал. – 1998. – №1. – С. 180-189.
164. Неженец, Н.И. Поэзия народных традиций [Текст] / Н.И. Неженец. – М.: Наука, 1988. – 208 с.
165. Нейрмак, М.С. Некоторые проблемы личности школьника [Текст] / М.С. Нейрмак. – М., 1975. – 220 с.
166. Неустроев, Н.Д. Этнопедагогические ценности народов Якутии в системе экологического воспитания младших школьников [Текст] / Н.Д. Неустроев, О.Е. Винокурова. – Якутск, 1996. – 140 с.
167. Неустроев, Н.Д. Семья как источник народного воспитания [Текст] / Н.Д. Неустроев // Народное образование Якутии. – 1999. – №3.

168. Никитина, Л.Е. Социальное воспитание фактор стабилизации общества [Текст] / Л.Е. Никитина // Педагогика. – 1998. – №7.
169. Оконешникова, А.П. Этнопсихологические особенности народов в воспитании детей [Текст] / А.П. Оконешникова. – Пермь, 1996. – 369 с.
170. Орлова, А.П. Прогрессивные идеи и опыт народной педагогики в учебно-воспитательной работе школ Белоруссии (1917-1941 гг.): автореф. дис. … канд. пед. наук / А.П. Орлова. – М., 1982. – 20 с.
171. Орозбаков, С. Манас эпосу [Текст] / С. Орозбаков. – Бишкек, 1995. – 187 б.
172. Осмонов, А. Тандалмалуу ырлар жана поэмалар [Текст] / А. Осмонов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1954.
173. Педагогика: педагогические теории, системы, технологии [Текст]: учебное пособие для студентов / С.А. Смирнов, И.Б. Котова, Е.Н. Шиянов. – М.: Академия, 2000. – 512 с.
174. Педагогический энциклопедический словарь. – М.: Большая Российская энциклопедия, 2002. – 528 с.
175. Песталоцци, И.Г. Избранные педагогические сочинения [Текст]: в 2-х т. / И.Г. Песталоцци. – М., 1981. – 336 с.
176. Петрова, Т.Н. Чувашская этнопедагогика как факт мировой культуры [Текст] / Т.Н. Петрова. – Чебоксары, 1996. – 84 с.
177. Пидкасистый, П.И. Педагогика [Текст]: учебник для студентов педагогических вузов и педагогических колледжей / П.И. Пидкасистый. – М.: Педагогическое общество России, 2002. – 608 с.
178. Подласый, И.П. Педагогика [Текст] / И.П. Подласый. – М., 2000.
179. Попов, Б.Н. Традиционное воспитание детей у якутов: Из истоков народной педагогики якутов [Текст] / Б.Н. Попов. – Якутск, 1992.
180. Попов, Б.Н. Культура семейного воспитания народов севера [Текст] / Б.Н. Попов. – Якутск: Бичик, 2000. – 64 с.

181. Попов, Г.Г. Рациональные условия использования этнопедагогической культуры народа в учебно-воспитательном процессе [Текст] / Г.Г. Попов // Истоки народной педагогики и проблема современной школы. – Мирный, 1993. – С. 11-15.
182. Попова, Н.С. Воспитание детей у народа саха [Текст] / Н.С. Попова. – Якутск: Бичик, 1998. – 80 с.
183. Портнягин, И.С. Этнопедагогика «Кут-сюр»: Педагогические воззрения народа саха [Текст] / И.С. Портнягин. – М.: Академия, 1998. – 184 с.
184. Портнягин, И.С. Этнопедагог К.С. Чиряев: Педагогические мысли, идеи и взгляды [Текст] / И.С. Портнягин. – Якутск, 2000. – 168 с.
185. Прихожан, А.М. Психология неудачника: Тренинг уверенности в себе [Текст] / А.М. Прихожан. – М.: Сфера, 1997. – 192 с.
186. Прокопьева, М.М. Семья как самоорганизующаяся социально-педагогическая система [Текст] / М.М. Прокопьева. – М., 2002. – 198 с.
187. Райгородский, Д.Я. Ребенок и семья [Текст]: учебное пособие по детской и возрастной психологии для факультетов психологии, педагогики и социальной работы / Д.Я. Райгородский. – М., 2002. – 575 с.
188. Рахимова, М.Р. Педагогиканын теориясы, системасы, технологиясы [Текст] / М.Р. Рахимова, М.А. Абдыкеримова. – Бишкек, 2007. – 345 б.
189. Рахимова, М.Р. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы [Текст] / М.Р. Рахимова, Т.В. Панкова, А.Т. Калдыбаева. – Бишкек, 2002.
190. Радина, К.Д. Эмоциональные ориентиры как психолого-педагогические основания теории и практики воспитания [Текст] / К.Д. Радина. – СПб, 1999. – 100 с.
191. Радлов, В.В. Образцы народной литературы северных тюрских племен [Текст] / В.В. Радлов. – СПб.,1885. – 599 с.
192. Расчетина, С.А. Цели и методы индивидуального подхода к подростку в воспитательном процессе [Текст] / С.А. Расчетина. – Л., 1988. – 86 с.

193. Рогова, Р.М. Формирование коммунистического мировоззрения школьников [Текст] / Р.М. Рогова. – М.: Просвещение, 1984. – 144 с.
194. Рубинштейн, С.Л. Направленность личности [Текст]: хрестоматия по возрастной психологии / С.Л. Рубинштейн. – М., 1994. – 556 с.
195. Рубинштейн, С.Л. Основы общей психологии [Текст] / С.Л. Рубинштейн. – СПб: Питер, 2006 – 720 с.
196. Рувинский, Л.И. Самовоспитание личности [Текст] / Л.И. Рувинский. – М.: Мысль, 1984. – 142 с.
197. Рысбаев, С.К. Максаттуу окутуу технологиясы аркылуу окуучулардын тилдик-коммуникативдик жана маданий-рухий компетенттүүлүгүн өстүрүү маселелери [Текст] / С.К. Рысбаев // КББАнын Кабарлары. – Бишкек, 2009. – №1. – 68-72-бб.
198. Рысбаев, С.К. Кыргыздын элдик макал-лакаптарында урпактарды адеп-ахлакка, элдик этикага калыптандыруу идеялары [Текст] / С.К. Рысбаев // Социальные и гуманитарные науки. – Бишкек, 2001. – №1-2. – 56-б.
199. Саалаев, О.Б. Мамлекет жана укук. 9-класс [Текст] / О.Б. Саалаев. – Бишкек, 2012.
200. Сияев, Т.М. Үй-бүлө курууга даярдоо – турмушка даярдоо [Текст] / Т.М. Сияев, М.К. Асанкулова // С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы. – Нарын, 2016. – №2-3. – 189-195-бб.
201. Семенов-Тян-Шанский, П.П. Путешествие в Тянь-Шань [Текст] / П.П. Семенов-Тян-Шанский. – М., 1946.
202. Скаткин, М.Н. Проблемы современной дидактики [Текст] / М.Н. Скаткин. – М.: Педагогика, 1980. – 96 с.
203. Смелзер, Н. Социология [Текст] / Н. Смелзер. – М., 1994. – 251 с.
204. Собкин, В.С. Типы региональных образовательных ситуаций в РФ [Текст] / В.С. Собкин. – М.: Центр социального образования, 1998. – 96 с.

205. Сокольникова, Э.Н. Этнопедагогика чувашской семьи [Текст] / Э.Н. Сокольникова. – М., 1996.
206. Соловьев, В.М. Тайны русской души. Вопросы. Ответы. Версии: Книга для чтения о русском национальном характере для изучающих русский язык как иностранный [Текст] / В.М. Соловьев. – М.: Русский язык, 2001. – 200 с.
207. Сорока-Росинский, В.Н. Педагогические сочинения [Текст] / В.Н. Сорока-Росинский. – М.: Педагогика, 1991. – 239 с.
208. Сорокин, П. Человек, цивилизация, общество [Текст] / П. Сорокин. – М.: 1992. – 230 с.
209. Стручкова, С.В. Социокультурные аспекты воспитания в семье [Текст] / С.В. Стручкова // Народное образование Якутии. – 2002. – № 3. – С. 114-121.
210. Сухомлинский, В.А. О воспитании [Текст] / В.А. Сухомлинский. – М.: Политиздат, 1973. – 272 с.
211. Сухомлинский, В.А. Мугалимге жүз насаат [Текст] / В.А. Сухомлинский. – Фрунзе: Мектеп, 1983.
212. Сухомлинский, В.А. Павлышская средняя школа [Текст] / В.А. Сухомлинский. – М.: Просвещение, 1979. – 272 с.
213. Сыдыкбеков, Т. Көк асаба [Текст] / Т. Сыдыкбеков. – Фрунзе: Адабият, 1989.
214. Тайиров, М.М. Окутуунун жаңы технологиялары [Текст] / М.М. Тайиров, М.С. Мурзаев. – Ош, 2009.
215. Тайлор, Э.Б. Миф и обряд в первобытной культуре [Текст] / Э.Б. Тайлор. – Смоленск, 2000. – 624 с.
216. Тимофеева, Р.Е. Культура и гуманизация образования [Текст]: учебное пособие / Р.Е. Тимофеева. – Якутск, 1999. – 160 с.
217. Тоголок Молдо, Алдаш Молдо VI том / Түз.: А.Акматалиев, М. Мукасов, А. Шейшеканова. – Бишкек. 2015.
218. Токарева, С.Н. Социальные и психологические аспекты семейного воспитания [Текст] / С.Н. Титаренко. – М., 1998. – 240 с.

219. Токоева, Г.С. Үй-бүлө: социалдык-философиялык талдоо [Текст] / Г.С. Токоева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2018. – №1.
220. Толстой, Л.Н. О народном образовании [Текст] / Л.Н. Толстой // Педагогические сочинения. – М.: Педагогика, 1989.
221. Тульцева, Л.А. Традиционные верования, праздники и обряды русских крестьян [Текст] / Л.А. Тульцева. – М.: Знание, 1990. – 63 с.
222. Убайдылдаева, Ж.У. Бүгүнкү күндүн талаптарына ылайык окуучулардын инсандык өнүгүүсүн калыптандыруу тажрыйбаларынан [Текст] / Ж.У. Убайдылдаева // КББАнын Кабарлары. – Бишкек, 2010. – №4. – 183-187-бб.
223. Уткин, К.Д. Культура народа саха: этнофилософский аспект [Текст] / К.Д. Уткин. – Якутск: Бичик, 1998. – 368 с.
224. Ушинский К.Д. Педагогические сочинения [Текст]: в 6 т. / К.Д. Ушинский. – М.: Педагогика, 1988. – Т. 1. – 416 с.
225. Ушинский К.Д. Собрание сочинений [Текст] / К.Д. Ушинский. – М.: Педагогика, 1988. – Т. 2. – 496 с.
226. Федорова, Л.И. Этнопедагогические традиции нравственного воспитания [Текст] / Л.И. Федорова. – Якутск, 1997. – 165 с.
227. Фельдштейн, Д.И. Психология развития личности в онтогенезе [Текст] / Д.И. Фельдштейн. – М., 1989. – 208 с.
228. Фельдштейн, Д.И. Личностное развитие растущих людей в условиях социально-экономического кризиса [Текст] / Д.И. Фельдштейн. – М., 1994. – 340 с.
229. Фельдштейн, Д.И. Социальное развитие в пространстве времени детства [Текст] / Д.И. Фельдштейн. – М., 1997. – 200 с.
230. Филонов, Г.Н. Воспитание личности школьника [Текст] / Г.Н. Филонов. – М.: Педагогика, 1985. – 224 с.
231. Франк, С.Л. Реальность и человек [Текст] / С.Л. Франк. – СПб, 1997. – 97 с.

232. Франкл, В. Человек в поисках смысла [Текст] / В. Франкл. – М.: Прогресс, 1990. – 368 с.
233. Фромм, Э. Бегство от свободы [Текст] / Э. Фромм. – М., 1990. – 269 с.
234. Фромм, Э. Искусство любви: Исследование природы любви [Текст] / Э. Фромм. – М., 1990. – 319 с.
235. Ханбиков, Я.И. К определению предмета народной педагогики [Текст] / Я.И. Ханбиков // Научная конференция пединститута за 1961 г. – Казань, 1962.
236. Харламов, И.Ф. Нравственное воспитание школьников [Текст] / И.Ф. Харламов. – М.: Просвещение, 1983. – 160 с.
237. Харитонов, М.Г. Этнопедагогическое образование учителей национальной школы [Текст] / М.Г. Харитонов. – Чебоксары, 2004. – 329 с.
238. Харчев, А.Г. Современная семья и её проблемы [Текст] / А.Г. Харчев, М.С. Мацковский. – М., 1978. – 24 с.
239. Христова, Е.Л. Народная педагогика: историографические и теоретико-методологические проблемы [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук / Е.Л. Христова. – М., 1988. – 24 с.
240. Худяков В.Л. Шапкин Виктор Васильевич. Педагогический поиск в процессе разработки методики [Текст] / В.Л. Худяков. – М.: Высшая школа, 1991. – 79 с.
241. Черкасова, В.Н. Этнопедагогическое взаимодействие учителя с семьей (На примере Таймырского Долгано-Ненецкого автономного округа) [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук / В.Н. Черкасова. – СПб, 2002. – 21 с.
242. Чиряев, К.С. Новые горизонты развития народной педагогики. Из истоков народной педагогики якутов [Текст] / К.С. Чиряев. – Якутск, 1992.
243. Шадриков, В.Д. Происхождение человечности [Текст] / В.Д. Шадриков. – М.: 1999. – 230 с.
244. Шеховская, Н.Л. Духовность как нравственная основа личности [Текст] / Н.Л. Шеховская // Педагогика. – 2002. – №5. – С. 77-82.

245. Эсенканов, К. Адам жана коом. 9-класс [Текст] / К. Эсенканов – Бишкек, 2012.
246. Юнг, К.Г. Проблемы души нашего времени [Текст] / К.Г. Юнг. – М., 1993. – 384 с.
247. Ядов, В.А. Социологическое исследование: Методология, программа методы [Текст] / В.А. Ядов. – М., 1987.
248. Яковлев, И.Я. Духовное завещание [Текст] / И.Я. Яковлев. – Чебоксары, 1992. – 30 с.
249. Яковлева, А.Н. Семья и вопросы воспитания детей [Текст] / А.Н. Яковлева. – Якутск, 1997. – 63 с.
250. Якиманская, И.С. Личностно-развивающее обучение в современной школе [Текст] / И.С. Якиманская. – М.: Сентябрь, 1996. – 96 с.
251. Ясперс, К. Смысл и назначения истории [Текст] / К. Ясперс. – М., 1991. – 321 с.
252. Baszornenyi Nadi I. Contextual family therapy [Text] Baszornenyi Nadi I., Virich D. – London, 1981. – 159 p.
253. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/202913

## ТИРКЕМЕЛЕР

**ТИРКЕМЕ 1.**

**АНКЕТА №1.**

1. Үй-бүлө деген эмне? Сиз аны кандай түшүнөсүз?_________________
2. Сиздин келечектеги үй-бүлөңүз кандай болушун каалайсыз же кандай болушу керек? ___________________________________________________
3. Мыкты ата-эне болуу үчүн кандай болуу керек деп ойлойсуз?
4. Үй-бүлөдө үлгү болуу дегенди кандай түшүнөсүз?

5. Билим алууга үй-бүлөнүн кандай таасири бар?______________

6. Сиздин оюңуз боюнча азыркы убактагы үй-бүлөлөрдүн кандай жетишкен жактары бар?_____________________________________

7. Сиздин оюңуз боюнча азыркы убактагы үй-бүлөлөрдүн кандай жетишпеген жактары бар?___________________________

8. Үй-бүлөдөгү салттар дегенди кандай түшүнөсүз?_______________________________

9. Үй-бүлөдөгү Сизге жаккан салттар кайсылар?__________________________________

10. Үй-бүлөдөгү Сизге жакпаган салттар кайсылар?________________________________

**Жоопторуңуз үчүн чоң рахмат!**

**ТИРКЕМЕ 2.**

**АНКЕТА №2.**

**1. Сиз үй-бүлөлүк мамилелердин, эреже-нормалардын баалуулугун билүүнү каалайсыңбы?**

а) Ооба.

б) Жок.

в) Билбейм.

**2. Сизге үй-бүлө, үй-бүлөдөгү мамилелешүү маданияты, үй-бүлөдөгү роль аткаруу эрежелери жөнүндөгү маалыматтарды камтыган китептерди, жомокторду, тарыхый окуяларды билүү кызыктуубу?**

а) Ооба.

б) Жок.

в) Билбейм.

**3. Сиз келечектеги үй-бүлөңдүн нукура кыргыз элинин каада салтынын, нарк-насилинин нугундагы идеалдуу үй-бүлө болуусун каалайсыңбы?**

а) Ооба.

б) Жок.

в) Билбейм.

**Жоопторуңуз үчүн чоң рахмат!**

**ТИРКЕМЕ №3.**

**АНКЕТА 3.**

**1. Үй-бүлө деген эмне? Сиз аны кандай түшүнөсүз?**

а) үй-бүлө – бул чогуу жашаган адамдардын тобу;

б) үй-бүлө деген өз мыйзамдары бар кичинекей мамлекет;

в) үй-бүлө – бул бири-бирине көз карандысыз адамдардын тобу;

г) үй-бүлө – бул жеке кызыкчылыктарды көздөгөн адамдардын биригүүсү.

**2. Сиздин келечектеги үй-бүлөңүз кандай болушун каалайсыз же кандай болушу керек?**

а) менин үй-бүлөмдө бири-бирин сыйлоо жана өз ара түшүнүүчүлүк болушу керек;

б) менин үй-бүлөм кумурсканын уюгу сыяктуу болушун каалайм. Анда баары эмгекчил болушу керек;

в) менин үй-бүлөмдүн элдик каада-салттарды кармануусун каалабайм. Анткени менин үй-бүлөм заманбап үй-бүлөлөрдөн болушу керек;

г) менин үй-бүлөм эч кынтыксыз идеалдуу болушун каалайм.

**3. Мыкты ата-эне болуу үчүн кандай болуу керек деп ойлойсуз?**

а) үй-бүлөдө катуу талап, тартиптин болуусун көзөмөлдөп туруу керек;

б) мыкты ата-эне болуу үчүн өз баласын башка балдарга салыштырбоо керек;

в) ата-эне тарабынан моралдык, материалдык жактан колдоонун болушу керек;

г) бала үчүн коопсуз чөйрөнү түзүү керек.

**4. Үй-бүлөдө үлгү болуу дегенди кандай түшүнөсүз?**

а) үлгүлүү жүрүм-турумга ээ болуу;

б) ар дайым ийгиликтерди жаратуу;

в) адашууга жол бербөө;

г) камкор адам болуу.

**5. Билим алууга үй-бүлөнүн кандай таасири бар?**

а) айрым учурларда билим алууда үй-бүлө тоскоолдук жаратышы мүмкүн;

б) билим алууда үй-бүлөнүн таасири жокко эсе;

в) үй-бүлө бала үчүн алгачкы мектеп болгондуктан анын билим алуусунда таасири чоң;

г) билим алууга акыл-эс жактан даяр болуусунда үй-бүлөнүн таасири чоң.

**6. Сиздин оюңуз боюнча азыркы убактагы үй-бүлөлөрдүн кандай жетишкен жактары бар?**

а) салттуу көз караштардан заманбап көз караштарга өтүүсү;

б) үй-жумуштарын чогуу аткаруу;

в) үй-бүлөнүн негизги баалуулук катарында эсептелиниши;

г) үй-бүлө мүчөлөрүнүн тең укуктуулугу.

**7. Сиздин оюңуз боюнча азыркы убактагы үй-бүлөлөрдүн кандай жетишпеген жактары бар?**

а) үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине болгон кайдыгер мамилеси;

б) турмуштун кыйынчылыктарын түшүнө билбегендик;

в) социалдык теңсиздиктин орун алышы;

г) бири-бирин урматтоо, сыйлоо, жардамдашуу, түшүнө билүүнүн негизинде курулган бекем үй-бүлөлөрдүн санынын төмөндөөсү.

**8. Үй-бүлөдөгү салттар дегенди кандай түшүнөсүз?**

а) үй-бүлөлүк кеңешмелерди өткөрүү;

б) үй-бүлөдө кабыл алынган адеп-ахлактык мүнөзгө ээ болгон жүрүм-турум эрежелери, муундан-муунга берилүүчү көз караш, каада-салттар;

в) үй-бүлөлүк майрамдар;

г) үй-бүлөдө ата-эне тарабынан кабыл алынган эрежелер.

**9. Үй-бүлөдөгү Сизге жаккан салттар кайсылар?**

а) конок күтүү;

б) чогуу театр, киного баруу;

в) чогуу сейилдөөгө чыгуу;

г) белек берүү.

**10. Үй-бүлөдөгү Сизге жакпаган салттар кайсылар?**

а) үй-жумуштарын чогуу аткаруу;

б) чогуу конокко баруу;

в) ырым-жырымдарды пайдалануу;

г) кийинүү манерасы.

**ТИРКЕМЕ 4.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**

ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

**Педагогикалык билим берүү кафедрасы**

**Эргешали кызы Актилек**

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТАРБИЯНЫН НЕГИЗДЕРИ

Атайын курстун окуу программасы

**Баткен – 2021**

УДК 371.51

ББК 74. 58

Баткен мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин (25-декабрь. 2021-жыл. №1 протоколу) отурумунда жактырылып, окуу программа катары басып чыгууга уруксат берилген.

Редактор: Асипова Н.А. – педагогика илимдеринин доктору, профессор

Рецензент: Айдарова М.Д. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

**Эргешали кызы Актилек. Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери.** Орто мектептердин жогорку класстарынын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо боюнча атайын курстун окуу программасы.

Окуу программада жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогикалык баалуулуктар аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун негизги маселелери каралып, андагы изилдөөнүн жыйынтыгынын негизинде түзүлгөн сабактардын иштелмелери сунушталды. Окуу программада жалпы билим берүүчү орто мектептердин окутуучуларына, педагогикалык жогорку окуу жайларынын студенттерине, окутуучуларына, аспиранттарына арналат.

Э 37 “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери”

– Бишкек: 2021-жыл. – 24 б.

ISBN 978-9967-477-87-1

**Түшүнүк кат**

Көптөгөн илим тармактары өз изилдөө предметине жараша үй-бүлө педагогикасы үчүн маанилүү деп эсептелген заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрүн изилдешет. Бирок акыркы он жылдын ичинде үй-бүлө тууралуу илимий маалыматтардын интеграцияланышына, ошондой эле, заманбап үй-бүлө боюнча системдүү анализди жана дисциплиналар аралык ык-амалды ырастай турган, айрыкча, тарбиялоо кызматына ээ болгон бир илимдин чегиндеги методдорго муктаждык жаралды.

Үй-бүлө – коомду тарбиялоонун башатын түзгөн эң байыркы социалдык институттардын бири. Үй-бүлөдө айлана-чөйрөнүн социалдык мүнөзү чагылдырылат жана личносттун атуулдук сапаттарынын калыптанышы ишке ашат.

Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк саясат жөнүндөгү мамлекеттик иш-кагаздарда үй-бүлөнүн жана үй-бүлөлүк социумдун маанилүүлүгү, коомдун социалдык саясатынын эң негизги тармагы деп баса белгиленген. Мында окуучуга өз үй-бүлөсүндөгүлөргө карата туура мамилени тандап, ага даяр болуу талабы коюлат.

Бул максатта тарбиялануучулардын бир нече муундарынын мисалына таянуу менен ал үй-бүлөнүн, мектептердин жана коомчулуктун жалпы күч-аракети менен гана тарбия ишинде ийгиликтерге жетишүүгө болот деген терең ишеним жаралат

Окуу программасы орто мектептердин жогорку класстарынын окуучуларына гуманитардык багыттагы предметтерди окутууда, тарбиялык сааттарда, класстан тышкаркы саттарда колдонулат. Мындан сырткары, жогорку окуу жайынын педагогикалык багыттагы адистиктерде окуган студенттеринин өз алдынча аткарган иштеринде, курстук, текшерүү иштерин жазган учурларда пайдаланса болот. Окуу программасы гуманитардык багыттагы предметтерди окутууда өтүлүүчү сабактардын темаларын, усулдук көрсөтмөлөрдү, өз алдынча иштөө үчүн суроолорду, тесттик тапшырмаларды кыргыз адеп-ахлагынын үрлгүлөрү менен айкалыштырууну өз ичине камтыйт.

Окуу программасы учурдун талабына ылайык окуучулардын элдик педагогикалык баалуулуктар аркылуу үй-бүлөдө элдик каада-салт, нарк-

насилдердин үлгүлөрүндө тарбияланып, өзүнүн үй-бүлөдөгү ролун туура аткарып, үй-бүлө мүчөлөрүнө туура мамиле жасап, жашап кетүүгө даярдоого салым кошо алат.

***Окуу курсунун максаты*** – элдик педагогикалык баалуулуктарды өнүктүрүү, өркүндөтүү үчүн окуучуларды үй-бүлөлүк адеп-ахлак эрежелерин билүүгө жана элдик каада-салт, нарк-насилдердин үлгүлөрүндө коомдо аралашып жашоого, адамдын этникалык өзгөчөлүктөрүн максаттуу пайдаланууга үйрөтүү, алардын маданияттуу жүрүм-турумдарын өнүктүрүүсүн калыптандыруу;

***Окуу курсунун милдеттери:***

– “Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери” окуу курсу аркылуу окуучунун элдик баалуулуктар системасында этномаданий иш-аракетинин өзгөчөлүгүн чагылдыруу;

– окуучулардын үй-бүлөлүк турмушка даярдык мамилелеринин калыптануу процессин анализдөө, педагогикалык иш-аракеттердин чөйрөсүндө калыптануучу жана иштелип чыга турган үй-бүлөлүк жашоодогу адеп-ахлактык моралдын өнүгүү мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, адеп-ахлактык нормалардын жана принциптердин өзгөчөлүктөрүн изилдеп үйрөнүү;

–окуучуларды элдик каада-салттарга, нарк-насилдерге оң мамиле кылууга, жалпы улуттук баалуулуктарды сактоого үйрөтүү жана алардын жоопкерчилигин күчөтүү;

– окуучунун ички интеллектуалдык, эмоционалдык активдүүлүгүн, аналитикалык жана сынчыл ой-жүгүртүүсүн стимулдоо.

## “ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТАРБИЯНЫН НЕГИЗДЕРИ” АТАЙЫН ОКУУ КУРСУНУН ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАСЫ

Курстун жалпы көлөмү 24 саатка ылайыкташтырылган.

Класстык саат – 14, тарбиялык саат – 6, класстан тышкаркы саат – 4.

## ОКУУ КУРСУНУН МАЗМУНУ, СААТТАРЫНЫН БӨЛҮНҮШҮ

| № | Темалардын аталыштары | Класстык саат | Тарбиялык саат | Класстан тышк. |
|---|---|---|---|---|
| **1.** | Үй-бүлө түшүнүгү жана анын маани, маңызы | **1** | | |
| **2.** | Үй-бүлөлүк баалуулуктардын калыптанышы | **1** | | |
| **3.** | Үй-бүлөлүк тарбия жана анын стилдери | **1** | | |
| **4.** | Үй-бүлөдөгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери | **1** | | |
| **5.** | Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк каада-салттар | **1** | | |
| **6.** | Заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүгү | **1** | | |
| **7.** | Үй-бүлөдөгү адеп-ахлактык тарбиянын башаты | **1** | | |
| **8.** | Үй-бүлөлүк тарбиянын эрежелери жана өзгөчөлүктөрү | **1** | | |
| **9.** | Үй-бүлөдөгү кыз баланын жүрүм-турум адеби | **1** | | |
| **10.** | Үй-бүлөдөгү уул баланын жүрүм-турум адеби | **1** | | |
| **11.** | Үй-бүлөдөгү көйгөйлөр жана анын себептери | **1** | | |
| **12.** | Үй-бүлөдөгү элдик каада салттардын тарбиялык | **1** | | |
| **13.** | Жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо үй-бүлөлүк | **1** | | |
| **14.** | Үй-бүлө баланын рухий-нравалык өнүгүүсүнүн | **1** | | |
| **15.** | Мен жана менин келечектеги үй-бүлөмдүн портрети | | **1** | |
| **16.** | Менин үй-бүлөмдүн тарыхы | | **1** | |
| **17.** | Бекем үй-бүлө – бекем Кыргызстан | | **1** | |
| **18.** | Үй-бүлө, коом жана мен | | **1** | |
| **19.** | Үй-бүлөлүк каада-салттарды бекемдөө зарылдыгы | | **1** | |
| **20.** | Менин кыялымдагы үй-бүлө | | **1** | |
| **21.** | Менин үй-бүлөм – менин сепилим | | | **1** |
| **22.** | Үй-бүлө менин көз карашым менен | | | **1** |
| **23.** | Үй-бүлө – сүйүүнүн жана жылуулуктун булагы | | | **1** |
| **24.** | Биз бактылуубуз – анткени биз биргебиз! | | | **1** |
| **25.** | **Жалпы сааты** | **14** | **6** | **4** |

## КЛАССТЫК СААТКА БӨЛҮНГӨН ТЕМАЛАРДЫН МАЗМУНУ

## ТЕМА 1. ҮЙ-БҮЛӨ ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА АНЫН МААНИ, МАҢЫЗЫ.

**Сабактын максаты:** Окуучулардын үй-бүлө түшүнүгүнүн маани, маңызы жөнүндөгү билимдерин тереңдетүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучулардын үй-бүлө жөнүндө кененирээк түшүнүктөргө, үй-бүлөлүк жашоодо кездешүүчү айрым бир көйгөйлөрдүн, келишпестиктердин келип чыгуу себептерин айтуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болуусун камсыздоо;

– окуучулардын сунуш кылынган көйгөйлүү маселелердеги көйгөйлүү кырдаалдарды аныктай алууга жана аларды чечүү жолдорун сунуштоого жөндөмдүү болууга түрткү берүү;

– окуучуларды улуттук баалуулуктардын, улуттук өзгөчөлүктөрдүн маанилүүлүгүн аңдап билүүгө үйрөтүү;

– окуучуларды үй-бүлөдөгү чыр-чатактардын келип чыгуу себептерин аныктоого жана алардын алдын-алуу жолдоруна даярдоо.

**Негизги түшүнүктөр:** үй-бүлө, үй-бүлө институту, адеп ахлактык түшүнүктөр, дүйнөлүк маданият, матриархалдык үй-бүлө, материалдык баалуулуктар.

**Колдонулуучу усулдар:** көйгөйлүү окутуу усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** проектор, таркатма баракчалар, таблица.

## ТЕМА 2. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК БААЛУУЛУКТАРДЫН КАЛЫПТАНЫШЫ.

**Сабактын максаты:** Окуучулардын үй-бүлөлүк баалуулуктар жөнүндөгү билимдерин, түшүнүктөрүн бекемдөө, аларды сактоого үйрөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– сабактын жүрүшүндө алынган маалыматтардын негизинде баалуулук түшүнүгү боюнча өз пикирлерин кеңири билдирүүгө машыктыруу;

– үй-бүлөнү эң негизги баалуулук катарында кабыл алууга түрткү берүү;

– үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактоого жана коргоого муктаж экендигин аңдап билүүгө даярдоо;

– үй-бүлөлүк салттарга сый мамиле жасоого үйрөтүү.

**Негизги түшүнүктөр:** инсан, үй, кам көрүү, үй-бүлөлүк баалуулуктар

**Колдонулуучу усулдар:** салыштыруу усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** таблица, слайд, тапшырмалар жазылган баракчалар.

## ТЕМА 3. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТАРБИЯЛООНУН СТИЛДЕРИ.

**Сабактын максаты:** Окуучуларды үй-бүлөлүк тарбия жана анын стилдери менен тааныштырып, аларды турмуштук кырдаалдарда колдонууга үйрөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучулардын үй-бүлөлүк тарбиянын стилдери жөнүндөгү маалыматтарга ээ болуусун камсыздоо;

– үй-бүлөлүк тарбиянын стилдерин бири-биринен айырмалай билүүгө үйрөтүү;

– тарбия берүүдө, адамдар менен болгон карым-катнашта мамилелешүү стилин туура тандоонун маанилүүлүгүнө көңүлдөрүн буруу;

– келечектеги үй-бүлө ээси катары балдарга тарбия берүүдө тарбиялоонун натыйжалуу стилин тандап колдонууга даярдоо.

**Негизги түшүнүктөр:** Тарбиялоо, авторитардык стиль, демократиялык стиль, либералдык стиль, педагогикалык таасир этүү.

**Колдонулуучу усулдар:** талкуу усулу, ролдоштуруу усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** таркатма баракчалар, тексттер, презентация.

## ТЕМА 4. ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ.

**Сабактын максаты:** Үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери жөнүндө түшүнүк берүү жана аларды аткарууга карата жоопкерчиликтүүлүк сезимдерин өнүктүрүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучулардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандыруу;

– үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттерин баарына бирдей бөлүштүрүүнү үйрөтүү;

– үй-бүлөлүк милдеттерди аткарууда бири-бирине жардам берүүнүн маанилүүлүгүнө көңүлдөрүн буруу;

– окуучулардын үй-бүлө мүчөлөрүнө карата туура мамиле жасоо ыктарын өздөштүрүүлөрүнө жетишүү.

**Колдонулуучу усулдар**: демонстрациялоо усулу, талкуу усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** ватман, маркер, презентация, карточкалар.

## ТЕМА 5. ҮЙ-БҮЛӨ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК КААДА-САЛТТАР.

**Сабактын максаты:** Үй-бүлө мүчөлөрүнүн биримдигин бекемдеген каада-салттар жөнүндөгү билимдердин тереңдетүү, аларды кадырлоого үйрөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– адамдын инсан катарында калыптануусунда үй-бүлөлүк каада-салттардын аткарган ролун аныктай билүүгө үйрөтүү;

– үй-бүлөлүк каада-салттардын сакталуусунун маанилүүлүгүн, үй-бүлөгө тийгизген таасирин аңдап билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

– окумуштуулардын үй-бүлө жөнүндөгү аныктамаларына таянып, алардын жашоосундагы үй-бүлөнүн ээлеген орду тууралуу пикирин билдирүүгө машыктыруу;

– коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн адамдагы баалуулуктар системасына тийгизген таасирин анализдөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү.

**Негизги түшүнүктөр:** үй-бүлө, каада-салт, баалуулуктар системасы, адеп

ахлак, үй-бүлөлүк милдеттер, ата-эне.

**Колдонулуучу усулдар:** топтордо иштөө усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** таркатма баракчалар, таблицалар, презентация.

## ТЕМА 6. ЗАМАНБАП ҮЙ-БҮЛӨНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ.

**Сабактын максаты:** Окуучулардын заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалымдуулуктарын жогорулатуу жана түшүнүктөрүн кеңейтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучуларга салттуу жана заманбап үй-бүлөлөрдүн айырмачылыктары, өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат берүү;

– окуучуларды үй-бүлөдөгү баалуулуктарды атап көрсөтүү жана алардын маанилүүлүгүн аңдап билүү жөндөмдүүлүктөрүнө ээ кылуу;

– окуучуларды заманбап үй-бүлөлөрдөгү мамилелер, баалуулуктар жөнүндө өз ойлорун негиздүү билдирүүгө үйрөтүү;

– салттуу жана заманбап үй-бүлөдөгү баалуулуктардын өзгөчөлүктөрүн аңдап билүүгө түрткү берүү.

**Негизги түшүнүктөр:** үй-бүлө, салттуу үй-бүлө, заманбап үй-бүлө, баалуулуктар, каада-салт, үй-бүлө башчысы.

**Колдонулуучу усулдар:** кырдаалдарды түзүү усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** таркатма материалдар, слайд, презентация.

## ТЕМА 7. ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ АДЕП-АХЛАКТЫК ТАРБИЯНЫН БАШАТЫ.

**Сабактын максаты:** Окуучуларга адеп-ахлактык тарбиянын маанилүүлүгү жөнүндө түшүнүк берүү. Окуучулардагы адеп-ахлактык сапаттарды өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучуларда үй-бүлөдөгү адеп-ахлактык тарбия жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруу;

– адеп-ахлактык тарбиянын башаты үй-бүлө экендигин түшүндүрүү;

– сабактын жүрүшүндө адеп-ахлактык жүрүм-турум нормаларына ээ кылуу;

– окуучулардын өзүн жана бири-бирин эмоционалдык жактан таанып билүүсүнө жетишүү.

**Негизги түшүнүктөр:** инсандык касиеттер, коом, адеп-ахлактуулук, адеп-ахлактык тарбия, адептүүлүк, адеп-ахлактык сапаттар, адеп-ахлактык нормалар.

**Колдонулуучу усулдар:** ролдоштуруу, талкуу, оюнга негиздеп окутуу усулдары.

**Каражаттар:** таркатма баракчалар, ватман, маркер, слайд.

## ТЕМА 8. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТАРБИЯНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

**Сабактын максаты:** Үй-бүлөлүк тарбиянын эрежелери, анын өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү билимдерин тереңдетүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– балдардын өзүн-өзү таанып билүүсү, кемчиликтерин аңдап түшүнүүсүндө үй-бүлөлүк тарбиянын ролу чоң экендигине окуучулардын көңүлүн буруу;

– өз пикирин эркин билдирүүгө, аны далилдер менен негиздөөгө үйрөтүү;

– келтирилген кандайдыр бир ырастоолорго карата пикирин билдирүү жана аларды анализдөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

– тарбиялоо процессинде ийгиликтүү деп саналган эрежелерди колдоно алуусуна жетишүү.

**Негизги түшүнүктөр:** жүрүм-турум, позиция, формалдуу эмес мамиле, талап, эреже, чыр-чатак.

**Колдонулуучу усулдар:** тест усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** ватман, таркатма баракчалар, презентация.

## ТЕМА 9. ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ КЫЗ БАЛАНЫН ЖҮРҮМ-ТУРУМ АДЕБИ.

**Сабактын максаты:** үй-бүлөдөгү кыз баланын жүрүм-турум адеби жөнүндө маалымат берүү жана анын үй-бүлө куруудагы маанилүүлүгүн ачып көрсөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучуларга кыз баланын адеби жөнүндө макал-ылакаптар, санаат насыяттар аркылуу кеңири маалымат берүү;

– үй-бүлөлүк жашоодо балага тарбия берүүдө эненин ролу чоң экендигин аңдап билүүлөрүнө жетишүү;

– бактылуу, бекем үй-бүлө курууда мамилелеше билүүнүн, сабырдуулуктун орду чоң экендигине ынандыруу;

– үй-бүлөдөгү кыз адеби кандай болушу керек экендиги тууралуу өз ойлорун эркин билдирүүгө үйрөтүү.

**Негизги түшүнүктөр:** жүрүм-турум адеби, кыз адеби, жүрүм-турум нормалары.

**Колдонулуучу усулдар:** ролдоштуруу усулу, оюнга негиздеп окутуу усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** проектор, таркатма барактар, презентация, ватман.

## ТЕМА 10. ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ УУЛ БАЛАНЫН ЖҮРҮМ-ТУРУМ АДЕБИ

**Сабактын максаты:** Окуучуларга үй-бүлөдөгү уул баланын тарбиясы, жүрүм-турум адеби жөнүндө маалымат берүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучулардын уул баланын үй-бүлөдө ээлеген ордун, анын жүрүм-турум адебин анализдөөгө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;

– окуучуларды кыргыз элинин уул баланы тарбиялоо өзгөчөлүктөрү, усулдары жөнүндөгү билимдерге ээ болуусун камсыздоо;

– үй-бүлөдө уул баланы тарбиялоодогу кыйынчылыктар, тоскоолдуктар жөнүндө өз оюн билдирүүгө үйрөтүү;

– эл ичинде тарбия жөнүндө айтылган макалдардын, накыл кептердин маани-

маңызын түшүндүрүп берүү;

**Негизги түшүнүктөр:** ырым-жырымдар, салттуу үй-бүлө, элдик педагогика, салттык санаалар.

**Колдонулуучу усулдар:** көйгөйлүү кырдаал усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** слайд, ватман, ноутбук.

## ТЕМА 11. ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА АНЫН СЕБЕПТЕРИ.

**Сабактын максаты:** Окуучуларды келечекте үй-бүлө курууда чыр-чатактардын алдын-алууга үйрөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– үй-бүлөдөгү көйгөй түшүнүгү менен таанышып, анын пайда болуу себептерин аныктоону үйрөтүү;

– үй-бүлөдө көйгөй же чыр-чатактык абал пайда болгон учурда анын баштапкы этабында токтотуу жолдоруна машыктыруу;

– сабактын жүрүшүндө чыр-чатактык абалды жөнгө салуунун ыкмалары жөнүндөгү маалыматтарга ээ болуусун камсыздоо;

– чыр-чатактык абалды жөнгө салуунун ыкмаларын турмуштук кырдаалдарда пайдаланууга жөндөмдүү болуусуна жетишүү.

**Негизги түшүнүктөр:** карама-каршылык, кагылышуу, чыр-чатак, атаандаштык, кызматташуу, стратегия.

**Колдонулуучу усулдар:** талкуу усулу, салыштыруу усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** таблицалар, баракчалар, презентация.

## ТЕМА 12. ҮЙ-БҮЛӨДӨ ЭЛДИК КААДА САЛТТАРДЫН ТАРБИЯЛЫК МАЗМУНУ.

**Сабактын максаты:** Окуучулардын үй-бүлөдө орун алган каада-салттар жөнүндөгү билимдерин тереңдетүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– сабактын жүрүшүндө окуучулардын каада-салттардын үй-бүлөгө тийгизген

таасирин аныктоого жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;

– үй-бүлөдөгү мамилелерди чыңдоодо каада-салттардын салымы чон экендигине маани берүү менен аларды пайдалана билүүгө көнүктүрүү;

– каада-салттар адамдардын жашоо ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу фактор экендигине ынандыруу;

– “үй-бүлөдөгү каада-салттар кандай болуусу керек?” – деген суроого жооп берүүгө жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** каада-салттар, үй-бүлөлүк каада-салттар, көндүмдөр, руханий маданият, элдик педагогиканын каражаттары.

**Колдонулуучу усулдар: с**алыштыруу усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** таркатма баракчалар, ватман, скотч, слайд.

## ТЕМА 13. ЖАШТАРДЫ МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООДО ҮЙ-БҮЛӨЛҮК КААДА-САЛТТАРДЫ КОЛДОНУУ.

**Сабактын максаты:** Жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоодо үй – бүлөлүк каада-салттарды колдонуунун маанилүүгүн аңдап билүүчүлүк жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучулардын мекенчилдик, каада салт түшүнүктөрү жөнүндөгү билимдерин тереңдетүү;

– каада-салттардын бир муундан экинчи муунга өтүп туруучу касиетине көңүл буруууларын турукташтыруу;

– жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо үй-бүлөлүк каада-салттардын тийгизген таасирине, аларды колдонуунун натыйжалуулугуна маани берүүгө үйрөтүү;

– мекенчил түшүнүгүнө аныктама берүүгө машыктыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** мекен, мекенчилдик, каада-салт, үрп-адат, руханий байлык, интеллектуалдык байлык, материалдык байлык.

**Колдонулуучу усулдар:** талкуу усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** таркатма баракчалар, ватман, скотч, слайд.

## ТЕМА 14. ҮЙ-БҮЛӨ – БАЛАНЫН РУХИЙ-НРАВАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНҮН БАШАТЫ.

**Сабактын максаты:** Окуучуларды рухий-нравалык тарбиянын мүнөзү менен тааныштыруу, алардын баланы рухий-нравалык жактан тарбиялоо процессинде үй-бүлөнүн салымы чоң экендигин аңдап билүүлөрүнө жетишүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– балага тарбия берүү эң алгач үй-бүлөдөн башталаарына көнүл буруусун өнүктүрүү;

– баланы тарбиялоодо рухий-нравалык тарбиянын маанилүү экендигин аңдап билүүгө түрткү берүү;

– баланын жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүүгө аны анализдөөгө үйрөтүү;

– балдардын жүрүм-турумун жөнгө салган эрежелердин топтомун пайдаланууга багыттоо.

**Негизги түшүнүктөр:** рухий-нравалык тарбия, моралдык нормалар, элдик педагогика.

**Колдонулуучу усулдар:** окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруп окутуу усулу.

**Каражаттар:** ватман, стикер, презентация.

## ТАРБИЯЛЫК СААТТАРГА БӨЛҮНГӨН ТЕМАЛАРДЫН МАЗМУНУ.

## ТЕМА 1. МЕН ЖАНА МЕНИН КЕЛЕЧЕКТЕГИ ҮЙ-БҮЛӨМДҮН ПОРТРЕТИ.

**Сабактын максаты:** Окуучуларды үй-бүлө жөнүндө ой жүгүртүүгө, алардын келечектеги үй-бүлөсүнүн портретин түзүүгө үйрөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучуларды өзүн-өзү тарбиялоонун максатын аңдап билүүгө, өзүнө-өзү баа берүүгө үйрөтүү;

– окуучулардын өздөрүндөгү мен образын чагылдырган сапаттардын тутумун түзүүсүнө жетишүү;

– окуучулардын келечектеги үй-бүлөсүнүн портретин түзүүгө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;

– бекем жана бактылуу үй-бүлө куруу алардын келечегинин негизин түзө тургандыгын түшүнө билүүгө ынандыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** идеал, образ, идеалдуу образ, үй-бүлөлүк портрет.

**Колдонулуучу усулдар:** талкуу усулу**.**

**Колдонулуучу каражаттар:** таблицалар, таркатма баракчалар, стикер, слайд.

## ТЕМА 2. МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМДҮН ТАРЫХЫ.

**Сабактын максаты:** Ар бир үй-бүлө ата-бабалардан калган мурастар жана тарыхый санжыралар менен тыгыз байланышта экендигин ачып көрсөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– сабактын жүрүшүндө окуучуларды үй-бүлөнүн тарыхый өзгөчөлүктөрүнө маани берүүгө, аны баалай билүүгө үйрөтүү;

– бир үй-бүлөнү башка бир үй-бүлөдөн айырмалап турган өзгөчөлүгү – бул анын тарыхы, салттык санаалары экендигине ынандыруу;

– үй-бүлөнүн тарыхына болгон кызыгууларын активдештирүү;

– өз үй-бүлөсүнүн тарыхына карата сыймыктануу сезимдерин өнүктүрүү.

**Негизги түшүнүктөр:** тарых, мурас, санжыра, тарыхый баалуулуктар.

**Колдонулуучу усулдар:** талкуу усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** таркатма баракчалар, сүрөттөр, түстүү маркер.

## ТЕМА 3. БЕКЕМ ҮЙ-БҮЛӨ – БЕКЕМ КЫРГЫЗСТАН.

**Сабактын максаты:** Мамлекеттин туруктуу жана бекем болуп түптөлүүсүндөгү үй-бүлөнүн аткарган кызматына окуучулардын көңүлүн буруу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– бекем үй-бүлө – бекем мамлекеттин тиреги деген ырастоонун маанисин аңдап билүү;

– адамдар менен мамилелешүүдө өз ара түшүнүшүүгө жетишүүнү камсыздаган жашоонун эрежелери менен тааныштыруу;

– өз ара түшүнүшүүгө жетишүүнү камсыздаган жашоонун эрежелерин өз практикаларында колдонууга үйрөтүү;

– бекем үй-бүлө жана анын белгилерин аныктоого көнүктүрүү.

**Негизги түшүнүктөр:** үй-бүлө, мамлекет, өз ара түшүнүшүү, жакын адамдар, инсан.

**Колдонулуучу усулдар:** аңгемелешүү усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** таркатма баракчалар, презентация ватман.

## ТЕМА 4. ҮЙ-БҮЛӨ, КООМ ЖАНА МЕН.

**Сабактын максаты:** Үй-бүлө жана коом түшүнүктөрү менен таанышуу жана алардын байланышын, бири-бирине тийгизген таасирин аңдап билүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– үй-бүлө түшүнүгүн конкреттүү мисалдардын негизинде мүнөздөөнү камсыздоо;

– үй-бүлөнүн маанисин ар бир адамдын жашоосундагы ролун ачып көрсөтүү;

– үй-бүлөдөгү чыр-чатак, келишпестиктердин келип чыгуу себептерин мүнөздөө менен биргеликте аларды чечүү жолдорун сунуштоо;

– үй-бүлөдөгү өзүнүн жеке милдеттери жөнүндө айтып берүүгө үйрөтүү.

**Негизги түшүнүктөр:** үй-бүлө, ата-энелердин, балдардын укуктары жана милдеттери, балдарга татыктуу тарбия берүүдөгү ата-энелердин жоопкерчилиги, үй-бүлөдөгү психологиялык абал.

**Колдонулуучу усулдар:** Сахналаштыруу усулу, оюнга негиздеп окутуу усулу, модель түзүү усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** кагаз баракчалары, калем саптар, сүрөттөр, үй-бүлө жөнүндөгү сүрөттөрдүн көргөзмөсү, проектор, экран, ноутбук.

## ТЕМА 5. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК КААДА-САЛТТАРДЫ БЕКЕМДӨӨ ЗАРЫЛДЫГЫ.

**Сабактын максаты:** Окуучуларга үй-бүлөлүк каада-салттарды жандандыруунун, аларды бекемдөөнүн маанилүүлүгүн ачып көрсөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– үй-бүлөлүк каада-салттардын учурдагы абалы жөнүндөгү түшүнүктөргө ээ болуусуна жетишүү;

– каада-салттар жөнүндөгү билимдерин тереңдетүү жана үй-бүлөлүк каада-салттардын түрлөрү менен тааныштыруу;

– үй-бүлөдө салттык санааларды орнотууда үй-бүлө мүчөлөрүнүн оюн, пикирин эске алуунун маанилүүлүгүнө көңүл буруусун камсыздоо;

– үй-бүлөнүн бекемдигин сактоого багытталган сунуштар менен таанышып, аларды өз жашоосунда колдонууга жөндөмдүүлүгүн арттыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** каада-салттар, улуттук оюндар.

**Колдонулуучу усулдар:** топтордо иштөө усулу, талкуу усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** ватман, маркер, слайд.

## ТЕМА 6. МЕНИН КЫЯЛЫМДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨ.

**Сабактын максаты:** Окуучулардын аң-сезиминде идеалдуу үй-бүлөнүн образынын жаралуусуна, үй-бүлө адам жашоосунун негизин түзөөрүн түшүнө билүүлөрүнө көмөк көрсөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучуларга кыялдануу, анын мүнөзү жөнүндөгү түшүнүктөрдү аңдап билүүгө түрткү берүү;

– максат, каалоо, умтулуу сыяктуу түшүнүктөр кыялдануунун негизинде жаралаарына ынандыруу;

– окуучулардын үй-бүлө жөнүндөгү кыялдануулары – бул алардын келечекке болгон умтулуулары экендиги жөнүндөгү түшүктөрүн кеңейтүү ;

– окуучулардын айтылган ой пикирлердин негизинде жыйынтык чыгарууга жөндөмдүүлүгүн арттыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** кыялдануу, умтулуу, каалоо, баалуулук, материалдык баалуулуктар, ардактуу ата-эне, руханий сапаттар.

**Колдонулуучу усулдар:** талкуу усулу, топтордо иштөө усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** ватман, тапшырмалар жазылган таркатма баракчалар, презентация.

## КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ СААТТАРГА БӨЛҮНГӨН ТЕМАЛАРДЫН МАЗМУНУ

### ТЕМА 1. МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ – МЕНИН СЕПИЛИМ.

**Сабактын максаты:** Окуучулардын келечекте үлгүлүү үй-бүлө курууга болгон умтулууларын өнүктүрүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучуларды үй-бүлөнүн адамды ар кандай терс көрүнүштөрдөн, окуялардан коргоочу мүнөзгө, касиетке ээ экендигине ынандыруу;

– окуучулардын үй-бүлө мүчөлөрүнө карата ишеним, колдоо көрсөтүүнүн маанилүүлүгүн аңдап билүүгө жөндөмдүүлүгүн арттыруу;

– материалдык баалуулуктар адамга чыныгы сезимдерди, бактылуулукту тартуу кыла албай тургандыгын аңдап билүүгө үйрөтүү;

– жашоодо койгон максатка жетүү үчүн тынбай аракет жасоо керектигин баамдай билүүгө жетишүү.

**Негизги түшүнүктөр:** үй-бүлөлүк мамилелер, үй-бүлөлүк мамилелердин психологиялык мейкиндиги

**Колдонулуучу усулдар: м**одель түзүү усулу, эмоционалдык абал, руханий жана материалдык тирек.

**Колдонулуучу каражаттар:** А4 форматындагы кагаздар, түстүү маркер, клей.

## ТЕМА 2. ҮЙ-БҮЛӨ МЕНИН КӨЗ КАРАШЫМ МЕНЕН.

**Сабактын максаты:** Окуучулардын үй-бүлө жөнүндөгү түшүнүктөрүн аныктоо менен бирге алардын үй-бүлө, үй-бүлөлүк жашоого карата көз караштарын эркин билдирүүлөрүнө жетишүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– окуучуларды бири-биринин эмоционалдык абалын анализдөө аркылуу бири-бирин түшүнүүгө үйрөтүү;

– адамдар менен баарлашуу, пикир алмашуу учурунда кайтарым байланыш түзүүгө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;

– үй-бүлө тууралуу өзүндөгү маалыматтарды сабактын жүрүшүндө алынган маалыматтар менен салыштырып, үй-бүлө жөнүндөгү билимдерин толуктоо, тереңдетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусуна жетишүү;

– үй-бүлө жөнүндөгү ар кандай көз караштарды угуп, аларды талдап, жыйынтык чыгара билүүсүн камсыздоо.

**Негизги түшүнүктөр:** эмоционалдык абал, кайтарым байланыш, жүрүм-турум, жашоо образы, үй-бүлөлүк жашоо образы.

**Колдонулуучу усулдар:** байкоо усулу, топтордо иштөө усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** ватман, маркер, слайд.

## ТЕМА 3. ҮЙ-БҮЛӨ – СҮЙҮҮНҮН ЖАНА ЖЫЛУУЛУКТУН БУЛАГЫ.

**Сабактын максаты:** Үй-бүлөнү сүйүүнүн жана жылуулуктун булагы катары түшүнө билүү жөндөмдүүлүктөрүүн калыптандыруу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

– үй-бүлөдөгү сүйүүнүн, жылуулуктун сакталышы бир гана ата-энелердин эмес, башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн да аракетинен көз каранды экендигин аңдап билүүлөрүнө жетишүү;

– сабактын жүрүшүндө окуучулардын ата-энелер менен болгон мамилелерин чыңдоого, бекемдөөгө ынандыруу;

– окуучулардын, ата-энелердин бири-бирин эмоционалдык жактан колдоо жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

– баланы тарбиялоо процесси ата-эне тарабынан көңул бурууну, камкордук көрсөтүүнү талап кылаарынын маанилүүлүгүн түшүндүрүү.

**Негизги түшүнүктөр:** үй-бүлө, тарбия, үй-бүлөлүк баалуулуктар, турмуштук тажрыйбалар.

**Колдонулуучу усулдар:** талкуу усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** түстүү баракчалар, ватман, ноутбук, презентация.

## ТЕМА 4. БИЗ БАКТЫЛУУБУЗ – АНТКЕНИ БИЗ БИРГЕБИЗ!

**Сабактын максаты:** Окуучулардын баалуулук, үй-бүлөлүк бакыт жөнүндөгү түшүнүктөрүн тереңдетүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

• Үй-бүлө – бул бири-бирине болгон сүйүү сезимдери, жоопкерчиликтүү мамилелери менен байланышкан адамдардын тобу экендигине ынандыруу;

– окуучулардын ийигиликке жетишүү адамдардын биргелешкен аракетинен

көз каранды болоорун аңдап билүүсүнө жетишүү;

– жашоодо пайда болгон тоскоолдуктар менен бирге күрөшүүнүн натыйжалуулугун түшүнө билүүсүнө багыт берүү;

– окуучунун айтылган ойлордун негизинде жыйынтык чыгарууга жөндөмдүүлүгүн арттыруу;

– үй-бүлөдөгү калыптанган баалуулуктарды сактоо.

**Негизги түшүнүктөр:** жашоодогу тоскоолдуктар, көрө албастык, үй-бүлөлүк жылуулук.

**Колдонулуучу усулдар:** талкуу усулу, көйгөйлүү кырдаал усулу.

**Колдонулуучу каражаттар:** стул, суу толтурулган чака, маркер, слайд.

**ТИРКЕМЕ 5.**



**Согмент айылы, Э. Эркебаев атындагы орто мектебинин 10-классынын окуучулары.**




**Согмент айылы, Э. Эркебаев атындагы орто мектебинин 10-классынын окуучулары менен өтүлгөн "Үй-бүлө жана коом" темасындагы сабактан бир көрүнүш.**




**Согмент айылындагы Э. Эркебаев атындагы орто мектебинин 8-классынын окуучулары кырдаалдарды талкуулоо учурунда.**





**Презентациялоо учуру**



**Кырдаалды анализдөө учурунда.**






**Ролдоштуруу учурундагы көрүнүш. Чек орто мектебинин 10-классынын окуучулары.**











**Топтордо иштөөнү презентациялоо учуру.**







**Чек орто мектебинин 9-классынын окуучулары менен өтүлгөн “Үй – бүлөдөгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери” темасындагы сабактан бир көрүнүш.**






**Бужум айылындагы Т. Мурзапаров атындагы орто мектебинин 10-классынын окуучулары.**











**Кара-Булак айылындагы Э. Эрматов атындагы орто мектебинин 9-классынын окуучулары.**





**Кара-Булак айылындагы Э. Эрматов атындагы орто мектебинин 10-классынын окуучулары.**